**2021-жылга Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигине караштуу**
**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун**
**бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит объектиси:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары - ММКФ) жана анын дарылоо мекемелери.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

Аудиттин предмети болуп, ММКФнын бюджетинин аткарылышын, жана төмөндөгү ченемдик документтерде белгиленген критерийлерге ылайык, атайын эсептин каражаттарынын түзүлүшүн жана кошумча төлөмдүн алынышын баалоо эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:

- "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө";

- "Социалдык фонддун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу";

- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун каржылоодо

- "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун каржылоодо Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө".

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

- 19.01.2011-жылдагы №13 "Саламаттык сактоо тутумунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө";

- 26.05. 2011-жылдагы №246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу";

- 23.08.2011-жылдагы №489 " "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө";

- 27.04.2015-жылдагы №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби

жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө”;

- 08.04.2021-жылдагы №134 “Саламаттык сактоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

- 10.07.2015-жылдагы №480 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 03.09.2021-жылдагы №1217 “Саламаттык сактоо уюмдарынын административдик башкаруу жана чарбалык тейлөө персоналдарынын сунушталган типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 08.07.2011-жылдагы № 354 “Эмгекке төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө” буйругу;
- Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобо;
- Жана башка ченемдик актылар.

**Аудиттин максаты:** Натыйжалуулук элементтери менен шайкештик аудити.

**Аудит мезгили:** 01.01.2021-жылдан тартып 31.12. 2021-жылга чейин.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

ММКФ жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды тескөөдө мыйзамдын сакталышына жана өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды жүргүзүүгө, чарабалык операциялардын аткарылышына, ошондой эле ушул аудитин предметине жоопкерчилик тартышат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, ушул аудиттин негизинде ММКФ ишинин мыйзам талаптарына (аудит критерийлерине) шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутунду чыгарууда турат.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш чара аудит боюнча жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-ж. кайра каралган) ылайык, ошондой эле КР Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен,

негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит ММКФ жана дарылоо мекемелери берген документтерге ылайык жүргүзүлгөн.

Аудит тарабынан ММКФ ишине тиешелүү ченемдик-укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчет изилденди. Аудит өзүнө корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Аудит тарабынан аткарылуучу жол-жоболор бул жагдайларда ылайыктуу, чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде төмөнкүлөр каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп эсептелген:**

- биринчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы:

- Боронбаева Э.К. 19.03.2019-жылдан 22.03.2021-жылга чейин;
- Жуманазаров А.Б. 24.03.2021-жылдан 01.08.2022-жылга чейин;
- Муканов А.К. 01.08.2022-жылдан ушул кезге чейин.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасынын орун басары:

- Калыков А.М. 01.07.2017-жылдан 31.03.21-жылга чейин;
- Шабданов М.Т. 05.04.2021-жылдан ушул кезге чейин.

экинчи кол коюу укугу менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын админситративдик чыгымдар боюнча сектор башчысы:

- Абрахманова А.Б. 14.02.2020-жылдан ушул кезге чейин.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун жана сунуштарынын аткарылышы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылга жүргүзүлгөн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча ММКФнын дарегине жөнөтүлгөн жазма буйруктун 57 пунктунун ичинен 43 пункту аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган, 8 пункт аткарылган эмес. Ордуна кайтырыла турган 26438,5 миң сомдун 23090,2 миң сому гана кайтырылган, калган 4448,3 миң сому ордуна кайтырылган эмес.

Ал эми 84 пункттан турган сунуштаманын 64 пункту аткарылган, жарым жартылай 11 пункт аткарылган, такыр аткарылбаганы 9 пункт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылга жүргүзүлгөн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча боюнча ММКФнын дарегине жөнөтүлгөн жазма буйруктун 57 пунктунун 6 пункту жарым-жартылай аткарылган , 8 пункту аткарылган эмес, кайтырыла турган 26438,5 миң сомдун 4448,3 миң сому ордуна кайтырылган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылга жүргүзүлгөн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жиберилген буйруктун жана сунуштун аткарылышы толук камсыздалсын. Калган ордуна койулбаган 4448,3 миң. сом ордуна кайтырылсын.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун жана сунуштарынын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылга жүргүзүлгөн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча ММКФнын дарегине жөнөтүлгөн жазма буйруктун 57 пунктунун ичинен 36 пункту аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган, 15 пункт аткарылган эмес.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары - ММК фонду) - жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

ММК фондунун максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген формада камсыз кылуу.

ММКФнын Борбордук аппаратынын жана аймактык башкармалыктарынын штаттык жүгүртмөсү, түзүмү, административдик-чарбалык чыгымдары Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашылып ММКФ төрагасы тарабынан бекитилет, регионалдык башкармалыктын жетекчилиги ММКФ төрагасы тарабынан дайындалат.

“Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары башкаруу, финансылык өз алдынчалыкка ээ жана өздөрүнүн ишин Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы келишим негизинде жүргүзөт.

**2021-жылга ММКФ бюджетинин түзүлүшүнө аудит**

Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруу тутуму, Кыргыз Республикасынын конституциясынын 43-беренеси менен бекитилген мамлекеттик кепилдиктер көлөмүндө, мамлекеттин эсебинен

жүргүзүлгөн женилдетилген шарттарда тейлөөнү камсыздоону камтуу менен, жарандарга медициналык тейлөө укугун камсыз кылуу максатында түзүлгөн.

Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылууну камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы (мындан ары – мам.кепилдиктер программасы) - бул, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жеке менчик формасына карабастан мам.кепилдиктер программасына катышкан саламаттык сактоо уюмдарына медициналык –санитардык жардам алууга алардын укугун ишке ашырууну камсыздаган, Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам берүүнүн кепилденген шарттары, көлөмү, түрү.

Мам.кепилдиктер программасы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги министрлиги жана ММКФ тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Мам.кепилдиктер программасы биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 09.01.2001-жылдагы № 5 токтому менен киргизилген, ал жыл сайын 2015-жылга чейин каралып келген (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.11.2015-жылдагы № 790 токтому). Ушул кезге чейин Мам.кепилдиктер программасына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн саясий талаптарын көрсөткөн, ошондой эле, саламаттык сактоонун артыкчылыктуу багыттарын жана өлкөдө оорулардын өсүүсүн эске алуу менен, толуктоолор киргизилген.

Алсак, 2019-жылы мурда 5 жаш болуп белгиленгендин ордуна, 6 жашка чейинки балдарга медициналык стационардык кызмат көрсөтүү боюнча толуктоолор киргизилген[1], 2021-жылы короновирус менен бардык ооругандарга акысыз дарылоо эрежеси киргизилген[2].

**Аныкталды**

Мам.кепилдиктер программасын түзүү жана кайрадан кароо методологиясы жок. Мам.кепилдиктер программасы башка ченемдик актыларда көрсөтүлгөн өзгөртүлгөн шарттарга же шарттарга дайым эле туура келе бербейт. Мисалы, “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, аскер кызматчыларына жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө медициналык жардам, алардын ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан ***акысыз*** көрсөтүлөт. Бирок, Мам.кепилдиктер программасында акысыз медициналык кызмат көрсөтүү чектелген жана “Аскер кызматын өтөө мезгилинде саламаттык сактоонун ведомстволук уюмдарында аларга квалификациялык медициналык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жок учурда мөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына” гана берилген.

**Корутунду**

Мам.кепилдиктер программасын түзүү жана кайрадан кароо методологиясы жок.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2019-жылдагы №724 токтому
[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.01.2021-жылдагы №26 токтому

**Сунуш**

Мам.кепилдиктер программасын түзүү жана кайрадан кароо методологиясын иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Бюджетти (кирешелерди) түзүү**

Элеткрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтарына ылайык, 2022-жылдын башында ММКФда тейлеген калктын саны 6570,6 адамды түзгөн, анын ичинен, МКК боюнча камсыздандырылгандар 4610,7 миң жаран (70,6%).

МКК боюнча камсыздандыруу, республикалык бюджеттин эсебинен калктын аярлуу катмарына (пенсионерлерге, каттоодо турган жумушсуздарга, 16 жашка чыга элек балдарга, социалдык жөлөк пул алган адамдарга, аскер кызматчыларына жана аларга теңедштирилгендерге ж.б.) жүргүзүлөт.

Социалдык фонддун каражаттарынын эсебинен камсыздандырылгандар иштеген жарандар кирет, жана башка шарттарда иштеген жарандарга жумуш берүүчү Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан (ЭДЧФ) 2% төлөйт.

ММКФнын жыл сайынкы бюджети мыйзам менен бекитилет жана аны аткаруу, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин курамында өзүнчө жүргүзүлөт.

ММКФнын чыгымдары Бюджеттик кодекстин 42-беренесине ылайык, төмөнкүлөргө багытталат:

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын каржылоого;
- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылууну каржылоого;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын ишин каржылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууга;
- саламаттык сактоо жаатындагы ден соолуктун алдын алуу жана чыңдоо жана башка максаттуу программалар боюнча иш-чараларды каржылоо боюнча саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө;
- бекитилген бюджеттин алкакында максаттуу иш-чараларга каражаттарды багыттоо жолу менен саламаттык сактоо уюмдарынын каржылык туруктуулугуна жана каржылык тобокелдиктерин азайтууга.

2021-жылга ММКФ бюджети 17.12.2020-жылдагы “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, кирешелер - 15433,8 млн. сом, чыгымдар - 15433,8 млн. сом суммасында бекитилген. 17.03.2022-жылдагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен,

ММКФнны бюджетинин кирешелери 19747,1 млн. сомго, чыгымдары 19747,1 млн. сомго чейин такталган.

ММКФ бюджетин аткаруу кирешелер боюнча - 19 474,8 млн.сомду (98,6%), чыгымдар - 18 983,1 млн.сомду (96,1%) түзгөн (1-тиркеме).

ИДП көлөмүндө кирешелердин салыштырма салмагы 2020-жылдагы 2,6%га каршы 2,9%ды түзгөн. Мурунку жылга салыштырмалуу, көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардан келип түшкөн каражаттардан жана башка каражаттардан сырткары, кирешелердин бардык булактары боюнча 2021-жылы 2 337,6 млн. сомго өсүү байкалган.

"Жана башка салыктык эмес кирешелер" беренеси боюнча киреше булактарына 365,9 миң сомду киргизүү боюнча, техникалык ката болуп эсептелген жана алардын түзүлүшү боюнча маалыматтын жоктугу түрүндөгү пикир аудит тарабынан билдирилбейт.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин динамикасы, үч жыл ичинде кыйшаюусуз өсүүнү көрсөткөн. Жалпы кирешелердеги трансферттердин деңгээли 2019-жылы 70,5%дан 2021-жылы 76,1%га чейин көбөйгөн, бул болсо, республикалык бюджеттен камсыздандыруу медицинасынын көз карандуулугунун өсүүсү жөнүндө күбөлөндүрөт (2-тиркеме).

Базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн Фонддун трансферттерине каралган чыгымдардын 3 650,6 млн. сомго өсүүсү төмөндөгүлөргө каралган:

- саламаттык сактоо тутумунун кызматкерлерине материалдык дем берүү жана эмгек акыларын жогорулатуу - 1 612,0 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.05.2021-жылдагы №117-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 14.05.2021-жылдагы чечими);

- өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматын үзгүлтүксүз көосөтүү үчүн төлөө - 413,4 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 14.06.2021-жылдагы №33-б буйругу жана Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 21.06.2021-жылдагы чечими);

- эпидемия очогунда жана ага теңештирилген аймакта иштегендерге, саламакттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөрдү өз убагында каржылоо - 1 500,0 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.01.2021-жылдагы №4б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 18.01.2021-жылдагы, 16.06.2021-жылдагы, 19.10.2021-жылдагы чечимдери);

- саламаттык сактоо уюмдарынын кредиттик карыздарын төлөө - 200,0 млн. сом, Кан борборунун алдындагы Улуттук онкология жана гематология борборунун кредиттик карызын жабуу - 11,5 млн. сом, "Ден соолук кербени" долбоору боюнча иш-чараларга 4,1 млн. сом ("Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-

жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр).

Ошентип, республикалык бюджеттен трансферттерди көбөйтүү, ММКФнынштаттык саны күтүүгө байланыштуу, мында, калктын айрым категориялары боюнча компенсация өлчөмдөрү узак убакыт бою өзгөргөн эмес.

**Аныкталды**

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн компенсациялардын өлчөмү, “Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, пенсионерлер, социалдык жөлөк пул алган 16 жашка чейинки балдар, жумузсу жарандар, студенттер жана аскер кызматчылары үчүн, 1,5 эсепти көрсөткүчтөр же 1 адамга 150 сом 2000-жылдан бери өзгөргөн эмес.

2021-жылы стационарларда 521,9 адам дарыланган, ал жерде чыгымдар 2 423,6 млн сомду түзгөн, анын ичинен республикалык бюджеттен - 467,7 млн сом бөлүнгөн, ММКФнны бюджетинен 1955,9 млн сом төлөнгөн.

Бул категориядагы жарандарды дарылоодо бардыгы болуп 478,1 млн. сом чыгымдар алдында, иштеген жарандар үчүн 2 983,8 млн. сом көлөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү келип түшкөн.

Дыйкан чарбаларынын камсыздандыруу төгүмдөрүн Социалдык фонддун бюджетинен төлөө, 11,4 млн.сомду түзгөн (статистикалык маалыматтар боюнча 440168 фермер), мында, алар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгымдары 261,6 млн. сомду түзгөн (дарыланган учур үчүн төлөм маалымат тутумунан тандоолор), же фермерлерди дарылоо боюнча чыгымдар иштеген жарандардын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен жабылат.

Баштапкы деңгээлде фермерлерди жан башында каржылоо ченеми камсыздандырылгандар үчүн жылына 200 сомду түзөт, ал эми ММКФ стационарына жаткарылыган бир учур үчүн 2600 сом төлөнөт, ошондой эле, арзандатылган дары-дармек камсыздоо боюнча 25 миң сом лимит.

Жогорку, атайын орто жана жалпы билим берүү окуу жайларында окуган жана иштеген 45000 чет элдик жарандар катары, төлөөчүлөрдүн мындай категорияларында гана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн жоктугу жана жетишсиз администрлөө, ММКФ бюджетинин 814680,0 миң сомду түзгөн олуттуу жоготуусуна алып келет (чет элдиктер үчүн полистин наркы - 18104,0 сом).

**Корутунду**

Жарандардын категориялары боюнча ММКФ кирешелерин жана чыгымдарын талдоо, иштеген жарандардын ММК камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен, камсыздандырылган калктын социалдык категорияларын дарылоо боюнча чыгымдар төлөнөт. ММКФ кирешелерин олуттуу көбөйтүшү жана республикалык бюджетке күч келүүнү азайтышы керек.

**Сунуш**

Окуу жайларынын жетекчилиги менен биргелешип, чет элдик студенттер боюнча маалыматтар базасын түзсүн.

Окуу жайларында окуган жана иштеген чет элдиктердин, ММКФ менен түзүлгөн келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында ММК алкагында медициналык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу жөнүндө маалымат алуусу боюнча чаралар көрүлсүн.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык категориядагы адамдарды медициналык камсыздандыруу камтуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдына 20 жылдан бери өзгөрбөгөн, республикалык бюджеттен компенсациялардын наркын көбөйтүү, ошондой эле фермерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн демилгелесин.

Компенсациянын өлчөмдөрүн көбөйтүү боюнча маселелер каралсын:

-республикалык бюджеттен бөлүнө турган компенсациялар, анын ичинде пенсионерлер үчүн, 16 жашка чейинки балдарга, социалдык жөлөкпул алучууларга, иш менен камсыз болбогон жарандарга, студенттер жана аскер кызматчыларына;

- фермерлер үчүн камсыздандыруу төлөмдөрү.

## Социалдык фонддун бюджетинен ММКФга трансферттер

“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фонддун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо” жана “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна төмөндөгүдөй өлчөмдө чегерүүлөр каралган:

(миң сом)

| Аталышы | Бекитилген план | Такталган план | Аткаруу | Четтөө |
|---|---|---|---|---|
| Милдеттүү медициналык камсыздандырууга Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 2742 079,3 | 2742 079,3 | 2742 079,3 | 0,0 |
| **Бардыгы** | **2742 079,3** | **2742 079,3** | **2742 079,3** | **0,0** |

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча ” Жобого ылайык, өз ара эсептешүү актыларын түзүүдө, чегерилген каражаттар (акча каражаттарынын жүгүртүлүшү) жана отчеттук жылдын башында болгон карызды эске алуу менен, отчеттук датага калдыктар чыгарылат.

ММКФ менен Социалдык фонд ортосундагы өз ара эсептешүүлөр актысына ылайык:

- 01.01.2021-жылга карата ММК каражаттары боюнча Социалдык фонддун карызынын калдыктары - 20 508,9 миң сом;
- 2021-жылга факты жүзүндө 2 783 852,1 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү чогултулган;
- Социалдык фонддун 1,5% өлчөмүндөгү административдик чыгымдары - 41 757,8 миң сом;
- ММКФга чегерилген - 2 742 079,3 миң сом;
- 01.01.2022-жылга карата ММК каражаттары боюнча Социалдык фонддун каражаттары - 20 524,8 миң сом.

Аудиттин пикири боюнча бул көрсөткүчтөр, ММКФга күтүлгөн келип түшүүлөрдү жана факты жүзүндө карызды аныктоо үчүн жетишсиз.

Социалдык фонд тарабынан ММКФга камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн отчеттук маалыматтарына ылайык, ММКФ каражаттарын чегерүү боюнча маалыматтар берилген эмес. Мында, Социалдык фонд жөнүндө мыйзамда, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн карызын эске албастан, "ММКФны каржылоо" суммасы гана бекитилет.

**Корутунду**

ММКФ менен Социалдык фонд ортосундагы өз ара эсептешүүлөр актысында көрсөтүлгөн көрсөткүчтөр, ММКФга күтүлгөн келип түшүүлөрдү жана факты жүзүндө карызды аныктоо үчүн жетишсиз: камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн отчеттук маалыматтарына ылайык, ММКФ каражаттарын эсептөө, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча төлөөчүлөрдүн карыздарынын калдыктары боюнча маалыматтар жок.

**Сунуш**

Социалдык фонд, ММКФ жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр катары карыздын эсептелиши, чегерилиши жана аныктыгы боюнча өз ара мамилелерди регламенттеген жеке актыны түзүү боюнча Социалдык фонд менен бирге чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Социалдык фонддун бюджети жөнүндө мыйзамда, "ММКФ каржылоо" суммасы бекитилет, 2021-жылы эмгек акыны жогорулатууга саламаттык сактоо тутумуна гана кошумча 1 612,0 млн. сом бөлүнгөнүнө карабастан, ал 2021-жылы өзгөрүүсүз - 2 742,1 млн. сом суммасында калган.

Ошентип, аудит Кыргыз республикасынын Социалдык фондусу аркылуу каржыланган Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусунун каражаттарынын туура түзүлүшүнө толук пикирин билдирбейт.

**Корутунду**

Жана башка шарттарда иштеген жарандардан (фермерлер, өзүнө иштегендер ж.б.) 2% өлчөмүндө (МККдан жумуш берүүчү төлөйт) эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ачыктыгы жок туруп, эмгек акы

фондунун олутттуу көбөйүшү менен, ММКФны каржылоону караган Бирдиктүү төлөөчү тутумунда гана өзгөрүүсүз калган.

**Сунуш**

Социалдык фонддун бюджетин бекитүүдө, ММКФга тиешелүү бөлүгүнө такталган мыйзамга өзгөртүү киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн: төлөөчүлөрдүн карызын эсепке алуу менен, ММКФна эсептелген суммаларды тактоо.

**Аныкталды**

ММКФ жана Кыргызстан Профсоюздар федерациясы тарабынан Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун, Социалдык фондду каржылоо тартиби иштелип чыккан жана кабыл алынган, ал Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2016-жылдын 26-январындагы №4 токтому менен бекитилген.

Тартипке ылайык, ЭДЧФ үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн чогулткандыгы үчүн, Социалдык фонд 2-19-жылы 3% жана 2020-жылы Социалдык фонддун административдик чыгымдарын түзүүгө багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулган көлөмүнөн 1,5% чегинеде акча каражаттарын кармаган. Ошентип, ММКФдагы бөлүштүрүүгө тиешелүү сумма, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган көлөмдөн аз сумманы түзгөн.

Аудиттин пикири боюнча, Социалдык фонддун административдик чыгымдарына карата келип түшкөн ММК суммаларынан 1,5% эсептөө жана кармоо боюнча тартиптин ченемдери укуксуз болуп эсептелет.

Ошентип, Социалдык фонд тарабынан жүргүзүлгөн административдик чыгымдарды каржылоого ММКФ чыгымдарынан 2021-жылы 47 757,8 миң сом төлөнгөн (1,5%).

**Корутунду**

Социалдык фонддун административдик чыгымдарын түзүүгө багытталган жана чогултулган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн акча каражаттарын кармоо бөлүгүндө, Социалдык фонддун Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген, ММКФны Социалдык фонд тарабынан каржылоо тартиби, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына туура келбейт.

**Сунуш**

Социалдык фондго Социалдык фонддун административдик чыгымдарын түзүүгө багытталган жана чогултулган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн акча каражаттарын кармоо бөлүгүндө, Социалдык фонддун Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген, ММКФны Социалдык фонд тарабынан каржылоо тартибин "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү сунушу киргизилсин.

**Аныкталды**

ММКФ маалыматтары боюнча, 01.01.2021-жылга карата МКК каражаттарынын калдыктары - 20 509,9 миң сом Социалдык фонд тарабынан 09.06.2021-жылы гана чегерилген.

**Корутунду**

ММКФга 20509,9 миң сом чегерүүлөр боюнча Социалдык фонддун милдеттенмелерин чегерүү, аны тааныгандан кийин 16 айдан кийин жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ММКФнын такталган активдери менен, 1,5 жылдан ашык ММКФга тийешелүү 20,5 млн сом өлчөмүндөгү каражаттарын пайдалангандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусун жоопкерчиликке тартуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.01.2020-жылдагы №4 “Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, ММКФ бюджетинде төмөндөгүдөй көлөмдө камсыздандыруу корлору бекитилген:

(миң сом)

| 2021-жылга ММКФ бюджети жөнүндө мыйзам | 01.01.2021-жылга карата калдык | 17.12.2020-жылга карата калдык | 17.03.2022-жылга карата калдык | Аткар-ылды | Аналит. маалыматтар | Четтөө 6- 5-топтор | 01.01.2021-жылга карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу кору | 157054,4 | 385561,0 | 228506,6 | 0,0 | 157054,4 | +157054,4 | 228506,6 |

Жогоруда көрүнүп тургандай, 01.01.2021-жылга карата камсыздандыруу корунун пайдаланылбаган калдыгы 157,1 млн. сомду түзгөн, 2021-жылга бекитилген камсыздандыруу корунун көлөмү 385,6 млн. сомду түзүп, ал 228,5 миң сомго чейин такталган. ММКФ тарабынан берилген аналитикалык маалыматтарга ылайык, Саламаттык сактоо министрлигинин 25.03.2021-жылдагы буйругуна ылайык, короновирус инфекциясын байкоого жана дарылоого байланыштуу, дарыланган учурларга саламаттык сактоо мекемелери 157,1 млн. сомго каржыланган. 01.01.2022-жылга карата камсыздандыруу корунун каражаттарынын калдыгы 228,5 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

ММКФнын киреше булактарында камсыздандыруу кору түзүлөт, ал Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруу ттумунун финансылык туруктуулугун камсыздоого жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чыгымдар милдеттенмелерин аткарууга багытталган. Алсак, 17.03.2022-жылга карата ал 228,5 млн. сомго чейин такталган.

**Сунуш**

ММКФнын бюджетин аткарууда, Камсыздандыруунун кол тийбес корлоруна максаттуу анализ жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 2020 жылдын 10 – январындагы № 4 токтомунун талаптарынын негизинде, финансылык отчетту түзүү каралсын.

**Аныкталды**

“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу” Мыйзамдын долбоорунда, жыл башында калыктарды аткаруу 647,1 млн. сомду түзгөн, бирок, алар факты жүзүндө 607,1 млн. сомго аткарылган, ал эми аткарылбаган 40,0 млн. сом калдык жооптуу кызматкерлердин түшүндүрмөсү боюнча кийинки мезгилге калтырылган. Мында, калдыктарды түзү жана аткаруу боюнча чектелген ченемдик акт жок.

**Корутунду**

Жыл аягында калдыктарды тактоо максатында, ММКФнын бюджетинин “жыл башындагы калдыктар” киреше булагынын динамикасын жөнгө салуучу чектелген акт жок туруп, бекитилген 647,1 млн. сом калдыктар ММКФнын бюджетинин аткарылышында толугу менен көрсөтүлгөн, бирок факты жүзүндө аткаруу 607,1 млн. сомду түзгөн.

**Сунуш**

Жыл башында калдыктардын жүгүртүлүшүн жөнгө салуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.01.2020-жылдагы № 4 токтому менен бекитилген, “Базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бюджетин түзүү, карап чыгуу, бекитүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

***<u>ММКФ чыгымдарына аудит</u>***

“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, тактоолорду эске алуу менен Фонддун чыгымдары 19 747,1 млн. сом көлөмүндө бекитилген. Чыгым параметрлеринин факты жүзүндө аткарылышы 18 983,1 млн. сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, такталган параметрлерден 764,0 млн. сомго аз (3-тиркеме).

Функционалдык чыгымдар боюнча ММК каражаттарын бөлүштүрүү, 4-тиркемеде берилген.

Көрүнүп тургандай, абдан олуттуу чыгымдар амбулатордук кызмат көрсөтүүлөргө (жалпы чыгымдардан 51,8%) жана ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө (41,1%) багытталган. ММКнын башка иш-чараларына жалпы каржылоодон 7,1% гана багытталган, бул болсо, медициналык песоанлды күтүүгө гана минималдуу өсүү менен, саламаттык сактоону өнүктүрүүгө чыгымдардын өсүүсүнүн жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт. Функционалдык классификациялоо боюнча чыгымдардын 4 313,3 млн.

сомго көбөйүүсү менен, ММК каражаттары боюнча дары-дармек менен камсыздоого чыгымдар 59,9 млн. сомго, башка категорияларга кирбеген саламаттык сактоо иш-чаралары 161,8 млн. сомго азайган.

Программалык негизде ММКФны такталган каржылоо 19747,1 млн. сом көлөмүндө каралган, анын ичинен, төмөндөгү программаларга:

- Пландоо, башкаруу жана администрлөө - 144,9 млн. сом;
- Баштапкы медициналык-санитардык жардамды көрсөтүү кызматы – 5989,7 млн. сом;
- Стационардык денгээлде саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кызмат көрсөтүү - 11611,8 млн. сом;
- калкка көрсөтүлгөн Мамлекеттик кепилдиктер программасынан ашык медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.

Бюджеттик каржаттар боюнча административдик чыгымдар боюнча кассалык чыгымдар 1 907,1 млн.сом план алдында 1 617,4 млн. сомду түзгөн. Каражаттарды факты жүзүндө пайдалануу 3576,5 млн. сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, карыздын пайда болушуна, гуманитардык жардамдын чыгымдарына байланыштуу, кассалык чыгымдардан 1959,1 млн. сомго көп (5-тиркеме). Абдан олуттуу факты жүзүндөгү чыгымдар товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө пайдалануу - 2259,4 млн. сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, жалпы жүргүзүлгөн чыгымдардан (бирдиктүү берене менен берилген чыгымдар - 355,1 млн. сом медикаменттерди сатып алуу – 1876,1 млн. сом) 63,2 %ды түзгөн, социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөк пулдар (бул беренеге гемодиализ боюнча чыгымдар кирген, бирок бул чыгымдар товарларды жана кызматтарды пайдалануу беренеси боюнча каралган) - 1158,3 млн. сом (32,4 %) ж.б.у.с.

## ***<u>ММКФ бюджетинин аткарылышына аудит</u>***

ММКФ бюджетине экономикалык классификациялоо боюнча ММК бюджети, кошумча төлөө, акы төлөнүүчү кызматтар топтолгон (6-тиркеме).

17732,0 млн. сомго такталган бюджет менен, факты жүзүндө келип түшүүлөр 17 263,3 млн. сомду түзгөн. Чыгымдар тиешелүү түрдө 17841,4 млн. сомду жана 17291,6 млн. сомду түзгөн. 01.02.2022-жылга карата акча каражаттарынын калдыктары 81,1 миң сомду түзгөн.

Факты жүзүндө чыгымдар 17155,6 млн. сомду түзгөн, же кассалык чыгымдардын 136,4 млн. сомго аз. Бул болсо, отчеттук датага карата кезектеги карызды төлөө жана пайда болушу менен байланыштуу.

Абдан олуттуу чыгымдар эмгек акы жана Социалдык фондго чегерүүлөргө (жалпы чыгымдардан 56,2% жана 8,2%), медикаменттерди (19,0%), тамак-аш сатып алууга (3,7%) а коммуналдык кызматтарга (3,7 %) жүргүзүлгөн.

**Аныкталды**

ММКФ бюджетинин аткаруунун топтолгон балансына ылайык:

(миң. сом)

| | Баланс | № 2отчет | № 4 | Депозиттер | КР МФ | Калыбына | Аткаруу | Аналитикага |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | боюнча | боюнча | отчет боюнча | | БКдагы эсеби | келтирилген чыгымдар | жөнүндө долбоор боюнча | ылайык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 6 | | | 7 | 9 |
| 01.01.21-жылга карата калдык | 403668,7 | | *109386,1* | *50754,7* | *243527,9* | | 647082,2 | |
| ДС келип түшүүлөр | 19143033,3 | *1617371,4* | *17263305,1* | *217367,4* | | *44989,4* | 18827674,5 | *17263305,1* |
| Акчалардын чыгымы | 19405902,9 | *1617371,4* | *17291576,7* | *208437,5* | *243527,9* | *44989,4* | 18983063,9 | *17291576,7* |
| 01.01.2022-жылга карата калдык | 140799,1 | | *81114,4* | *59684,7* | | | **352188,7** | |

2021-жылга Фонддун бюджетинин аткарылышы долбоору боюнча, жыл аягында 352 188,7 миң сом калдык көрсөтүлгөн, бирок, “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги нин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү жөнүндө” Мыйзам долбоорунда жыл башындагы 647 082,2 миң сом калдык алдында алынган 18 827 674,5 миң сом киреше жана 18 983 063,9 миң сомго жүргүзүлгөн чыгымдар, 01.01.2022-жылдагы калдыктар 491 692,8 миң сомго туура келиши керек, же Мыйзам долбоору жыл аягындагы 139 504, миң сом калдыктарга туура эмес.

ММКФда тигил же бул отчетту түзүү жөнүндө жобо же бекитилген методология жоктугун, белгилей кетүү керек.

**Корутунду**

“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги нин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү жөнүндө” Мыйзам долбоорунун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн 352188,7 миң сом, жыл аягындагы ММКФ бюджетинин каражаттарынын факты жүзүндөгү 491692,8 миң сом калдыктар боюнча 139 504,1 миң сомго туура келбейт.

ММКФда тигил же бул отчетту түзүү жөнүндө жобо же бекитилген методология жок

**Сунуш**

Мыйзам долбоорунда туура эмес маалыматтардын көрсөтүлүшүнө жол берген, ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу функцияларын аткарган ММКФнын кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту, төмөндөгү факты жүзүндөгү маалыматтарга ылайык келтирилсин: алынган кирешелер, жүргүзүлгөн чыгымдар жана ММКФ бюджети боюнча каражаттардын калдыктары боюнча.

***Эмгек акыларга жана башка төлөмдөргө аудит***

ММКФ келишимдер боюнча иштейт жана 153 мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарын каржылайт.

ММКФнын эмгек акылары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2020-жылдагы № 74 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”, 06.04.2015-

жылдагы № 197 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”, 26.05.2011-жылдагы №246 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомдоруна, Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине, Саламаттык сактоо министрлигинин буйруктарына жана башка ченемдик-укуктук актыларга ылайык түзүлөт.

Саламаттык сактоо министрлигинин 01.02.2019-жылдагы №33 жана 08.07.2011-жылдагы №354 буйруктары менен, медициналык жана медициналык эмес персоналдардын штаттык ченемдери (7-тиркеме), ошондой эле саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө боюнча методология бекитилген.

Бардык 153 каржыланган саламаттык сактоо мекемелеринде жалпы 76868,5 штаттык бирдик бекитилген, анын ичинен, олутту сан Бишкек шаарында - 19870,25 бирдик (бардык штаттык сандан 25,8 %), Ош областы – 17906 бирдик (23,3 %), Жалал-Абад областы – 15730,75 бирдик (20,5 %) ж.б.у.с.

**Аныкталды**

Республика боюнча саламаттык сактоо мекемелеринде 71038,25 штаттык бирдик ээленген, бул болсо, бекитилген штаттык бирдик санынан 92,4 %ды түзөт, же <u>5830,25 бош штаттык бирдиктер бар.</u> Мында, абдан бош бирдик саны Бишкек шаарында белгиленген - 2232,5 бирдик, же Бишкек шаарындагы мекемелердин жалпы санынан 11,2 %, Ош областында - 1607 бош бирдик саны (9%), Чүй областында - 1190,25 бош бирдик саны (13,8 %). Ушул эле убакытта, Баткен областында ээленген штаттык бирдиктердин саны бекитилген сандан 8,75 штаттык бирдикке ашырылган.

Ошондой эле, саламаттык сактоо мекемелеринде иштеген жеке адамдар республика боюнча 60240 адамды түзгөн, бул болсо, бекитилген штатка караганда 16627,5 штаттык бирдикке аз, же 16627,5 штаттык бирдикти күтүү боюнча каражаттар иштеп жаткан 60240 медициналык кызматкерлердин ортосунда карадан бөлүштүрүлөт. Б.а. 60240 адам 76868,5 штаттык бирдиктин ишин аткарат, же ар бир жеке адам орточо 1,18 штаттык бирдикти жана бекитилген 1,27 штаттык бирдикти ээлейт.

Мында, саламаттык сактоо мекемелеринде ээленген штаттык кызматтардын катышын белгилей кетүү керек.

Алсак Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталда иштеген жеке адамдардын саны 1367 адамды түзөт, алар 2210,5 штаттык бирдиктин ишин аткарышат. Алсак, кенже персоналдын ээлеген штаттык кызматынын катышы 1 медициналык кызматкерди түзөт - 1,72 штаттык бирдик, башка персоналдыкы 1 медициналык кызматкер - 2,31 штаттык бирдик. Ал эми фрамацевтердин жана алардын ассистенттеринин 26,5 штаттык бирдиктери боюнча 5 адам иштейт.

№1 төрөт үйүндө белгиленген 265,75 штаттык бирдик алдында 265,75 штаттык бирдик ээлеген, же 100,0%. Ошону менен бирге, иштеп жаткан жеке адамдардын саны 169 адамды түзгөн, алар 265,75 штаттык бирдиктин ишин аткарышат, же ар бир жеке адам орточо 1,57 штаттык бирдикти ээлейт, анын ичинен:

- врач – 1,42 бирдик;
- орточо билими менен адис – 1,53 бирдик;
- кенже персонал – 1,92 бирдик.

№2 клиникалык төрөт үйүндө белгиленген 451,75 штаттык бирдик алдында, 410,75 штаттык бирдик ээленген, же 90,9%, же 41 бош бирдик бар. Ошону менен бирге, иштеп жаткан жеке адамдардын саны 290 дамды түзгөн, алар 410,75 штаттык бирдиктин ишин аткарышат, же ар бир жеке адам орточо 1,42 бирдикти ээлейт.

**Корутунду**

Копчулук саламаттык сактоо мекемелеринде жыл сайын бош кызмат орундарынын болушу жөнүндө тарыхый маалыматтар (аудит мезгилинде 5830,25 бош штаттык бирдик), врачтык персоналдын милдеттеринин ченемин аткарууда жана дарылоо учурларынын планын аткарууда, үчүнчү деңгээлдеги дарылоо мекемелери жана амбулатордук жана стационардык адистештирилген шарттарда калкка медициналык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдары үчүн штаттык сандарын кайрадан карап чыгуу керек.

**Сунуш**

Штаттык сандын түзүлүшүн жана анын иштеп жаткан медициналык кызматкерлерге туура келиши маселесин кароо, башкаруучулукка, финансылык өз алдынчалыкка ылайык реформалоону жана Бирдиктүү төлөөчү тутумунда келишим негизинде өзүнүн иши жүргүзүүнү жана негизделген кайра кароону талап кылат.

**Аныкталды**

Дарылоо учурларынын планын жана врачтык персоналга күч келүү ченемин аткарууда *Республикалык дерматовенерология борборуда* жыл сайын бош кызмат орундарынын болушу, амбулатордук жана стационардык шарттарда калкка адистештирилген дерматовенерологиялык жардам көрсөткөн үчүнчү деңгээлдеги дарылоо мекемелери үчүн штаттык сандын ченемин кайраданк арап чыгуу зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ бюджеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышы, ошондой эле көрсөтүлгөн медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу максатында, калкка адистештирилген дерматовенерологиялык жардам көрсөткөн үчүнчү деңгээлдеги дарылоо мекемелери үчүн штаттык санды аныктоо боюнча ченемдерди иштеп чыгуу жана бекитүү маселесин карасын.

**Эмгек акы**

ММКФ тутумундагы эмгек акы төмөндөгүдөй түзүлөт:

(миң сом)

| Беренелердин аталышы | Беренелер коду | 2021-жылы бекитилген | 2021-жылы такталган | Чет-төө 3-2-топтор | Кассалык аткаруу | Чет-төө 5-3-топтор | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **ММКФ бюджети** | | | | | | | |
| Эмгек акы | 211 | 84434,8 | 84434,8 | | 84302,7 | -132,1 | 83917,8 |
| *- негизги эмгек акы* | | | | | *51944,3* | | *51895,7* |
| *-кошуп төлөө* | | | | | *7413,6* | | *7218,7* |
| *- кошумча төлөмдөр* | | | | | *24944,8* | | *24802,1* |
| *- келишим боюнча кызматкерлер* | | | | | | | *1,3* |
| **Администр. чыгымдар** | | | | | | | |
| Эмгек акы | 211 | | | | 9780083,6 | 9780083,6 | 9642841,5 |
| *- негизги эмгек акы* | | | | | *4853216,4* | | *4718745,3* |
| *-кошуп төлөө* | | | | | *1930449,4* | | *2040341,9* |
| *- кошумча төлөмдөр* | | | | | *2978701,4* | | *2869334,3* |
| *- келишим боюнча кызматкерлер* | | | | | *17716,4* | | *14420,0* |
| **Бардыгы** | | **84434,8** | **84434,8** | | **9864386,3** | **9779951,5** | **9726759,3** |

Бирдиктүү төлөөчү тутуму чөйрөсүндө эмгек акы - 84,4 млн. сом суммасында мыйзамдуу бекитилген, аны кассалык аткаруу - 84,3 млн. сомду, факты жүзүндө эсептөө - 83,9 млн. сомду түзгөн.

Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы медициналык кызматкерлердин эмгегине төлөө, 9642,8 млн. сом эмгек акысын эсептөө менен, 9780,1 млн. сомду түзгөн.

Мында, негизги эмгек акы 4770,6 млн. сомду түзгөндүгү белгиленген, бул болсо, бардык эсептелгендерден 49,0 %ды түзөт, кошуп төлөөлөр – 2047,5 млн. сом (21,0 %), кошумча төлөмдөр – 2894,1 млн. сом (29,7 %) жана келишим боюнча жалданган кызматкерлер – 15,7 млн. сом, бул болсо, бош бирдиктер саны 5830,25 штаттык бирдиктен ашык саны түзгөндө.

9864,4 млн. сом кассалык чыгымдар алдында Бирдиктүү төлөөчү тутумунда эмгек акы 9726,8 млн. сомго эсептелген, бул болсо, кредиттик карызды төлөөгө байланыштуу, 137,6 млн. сомго көп.

**Аныкталды**

ММКФнын Борбордук аппараты боюнча эсептөөлөргө ылайык, эмгек акы фонду жалпы 29292,0 миң сомду түзгөн. Мында, төмөндөгүлөр ашыкча каралган:

- мамлекеттик мекемелерде иштеген жана мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерге гана төлөнө турган 2061,7 миң сом суммасындагы 13-эмгек акы;
- мамлекеттик кызматчыларга гана төлөнө турган 493,3 миң сом суммасындагы квартал сайын берилүүчү сый акы;
- иштин сапаты жана эмгектин натыйжалары, кесипкөйлүк жана ченемге салынбаган жумушчу күн үчүн кызматтык акыга карата 50%га чейин

348,7 миң сом суммасындагы кошуп төлөөлөр, алар мамлекеттик кызматчыларга ганам төлөнөт;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2020-жылдагы № 74 жана 06.04.2015-жылдагы № 197 токтомдору менен каралбаган, 800,0 миң сом суммасындагы материалдык жардам.

Ошентип, 2021-жылы ММКФнын Борбордук аппараты боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.04.2015-жылдагы № 197 токтомун бузуу менен, мамлекеттик кызматчыларга жалпы 1435,9 миң сом суммасында 13-эмгек акы эсептелген;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2020-жылдагы № 74 токомун бузуу менен, ТТП жана КТПларга квартал сайын жалпы 375,3 миң сом суммасындагы жана сый акы жана иштин сапаты жана эмгектин натыйжалары, кесипкөйлүк жана ченемге салынбаган жумушчу күн үчүн кызматтык акыга карата 50% же 284,0 миң сом кошуп төлөөлөр эсептелген;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2020-жылдагы № 74 жана 06.04.2015-жылдагы № 197 токтомдору менен каралбаган материалдык жардам ММКФнын бардык кызматкерлерине 4731,0 миң сом эсептелген.

Ушундай эле, ММКФнын аймактык башкармалыктары боюнча 13-эмгек акы эсептелип, ал - 2174,0 миң сомду жана материалдык жардам - 8882,5 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2020-жылдагы № 74 жана 06.04.2015-жылдагы № 197 токтомдорун бузуу менен, 2021-жылга эмгек акы фондун эсептөөдө 3 703,7 миң сом ашыкча каралып, 6 826,2 миң сом төлөнгөн. ММКФнын аймактык башкармалыгы боюнча 11 056,5 миң сом төлөнгөн.

**Сунуш**

Эмгек акы фондун түзүүдө жана эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик-укуктук актылары жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөө (мындан ары – кошуп төлөө), оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары, кооптуу жумуш орундарынын тизмесине ылайык белгиленет.

“Электр магниттик нурлануу деңгээлин өлчөө” протоколуна ылайык, негизинен компьютерде иштегенде электр жана магнитти түзүүчү электр магниттик нурланууну деңгээлинин жогорулаганы орун алган. Бирок, оор

жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары, кооптуу жумуш орундарынын тизмеси бекитилген эмес жана магниттик нурлануунун деңгээлинин жогорулаганы ден соолук үчүн зыяндуулук жөнүндө Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин корутундусу жок.

Аудит мезгилинде мындай кошуп төлөөлөр төмөндөгүлөр боюнча түзүлгөн:

- ММКФ БА - 683,9 миң сом;
- №2 клиникалык төрөт үйү - 205,6 миң сом.

**Корутунду**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөөнү белгилөөдө, ММКФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарын толук эмес өлчөмдө аткарган эмес.

**Сунуш**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөөнү белгилөөдө, ММКФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун бардык талаптарын сактоо менен, ошондой эле мындан ары, жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелерди жана ченемдердин талаптарына ылайык келтирүү үчүн, эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуу боюнча уюштуруу-техникалык иш-чаралар комплексин андан ары жүргүзүү менен жүргүзүлсүн.

***Медикаменттер боюнча чыгымдарга аудит***

Медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдар үчүн төлөө 2677,5 млн. сомду түзгөн, гуманитардык жардамды эске алуу менен, факты жүзүндөгү чыгымдар 5135,6 млн. сомду түзгөн же, кассалык жүргүзүлгөн чыгымдарга караганда чыгымдар 2458,1 млн. сомго көп жүргүзүлгөн (8-тиркеме).

Бухгалтердик отчетко ылайык, медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдардын жүгүртүлүшү төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- 01.01.2021-жылга карата калдык - 2 548 515,8 миң сом;
- Киреше - 5 309 033,1 миң сом;
- Чыгым - 5 094 357,6 миң сом;
- 31.12.2021-жылга карата калдык - 2 763 191,2 миң сом.

Келтирилген маалыматтар, жылдын башындагы жана аягындагы калдыктар, жылдык кассалык чыгымдарга бирдей сумманы (2677,5 млн. сом) түзөрүн күбөлөндүрөрүн аудит белгилейт.

Аудит тарабынан медикаменттер

чыгымдары жөнүндө маалыматтардын дал кебегендиги белгиленген. Алсак, №№ 2 жана 4 формадагы отчетко ылайык, чыгымдар 5135,6 млн. сомду түзгөн, же 41,2 млн. сомго көп.

Алсак, Улуттук госпиталган жүргүзүлгөн аудитке ылайык, келип түшкөн медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдардын түзүмү төмөндөгүдөй түзүлгөн: кайтарымсыз негизде келип түшкөн медикаменттер - 35819,1 миң сом (жалпы келип түшүүлөрдөн 13,4 %), медициналык багыттагы буюмдар - 44319,5 миң сом (16,6 %), эритмелер – 20007,4 миң сом (7,5 %), Жогорку технологиялар фонду – 35128,0 миң сом (13,2 %), жеке коргонуу каражаттары (25,6 %) медикаменттер – 43866,5 миң сом (16,4 %), жана башкалар (реактивдер, уулар ж.б.) – 19347,5 миң сом (7,3 %).

Мында, статистикалык отчеттуулукка ылайык, бул мезгилде 32381 оорулуу ооруканадан чыгарылган, же ар бир оорулууга медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдар чыгымдалган, медициналык багыттагы буюмдарды, СИЗдерди, эритмелерди, реактивдерди. ФВТларды эске алуу менен, орточо 7933,6 сом.

Ушундай эле, Жогорку технологиялар фондунан төлөнгөн дары-дармек каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдар боюнча, 01.01.2021-жылдагы 38698,5 миң сом калдык алдында, 35128,0 тыс миң сом келип түшкөн, 43356,9 миң сом пайдаланылган, 01.01.2022-жылга карата калдыктар 30469,6 миң сомду түзгөн, б.а. жогоруда көрсөтүлгөндөй, дары-дармек каражаттарынын калдыктары жылдык каржылоону түзөт.

“Медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдар” беренси боюнча жыл ичинде 256897,3 миң сомго чыгымдоо алдында (7933,6 сом 1 дарылоо учуру), дары-дармек каражаттарын чыгымдоо болгону 19904,3 миң сомду түзгөн (7,7 %), же бир дарылоо учуруна - 614,7 сом, ал эми калган 7318,9 миң сом кошомо медициналык препараттарга жана буюмдарга багытталган. Бул болсо, ооруну дарылоо протоколдорунун бекитилген наркынын жоктугун жана оорулуулар өздөрү дары-дармек каражаттары үчүн төлөө маселесинин актуалдуулугун азайбагандыгын көрсөтөт.

_Улуттук хирургия борбору боюнча_

Келип түшкөн медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдардын түзүмү, төмөндөгүдөй түзүлгөн: медикаменттер (дары-дармек каражаттары) 2993,5 миң сом (жалпы келип түшүүлөрдөн 13,2 %), медициналык багыттагы буюмдар - 13440,0 миң сом (59,3 %), эритмелер – 3114,9 миң сом (13,7 %), наркоздук препараттар – 2821,3 миң сом (12,4 %), жана башкалар (спитрттер ж.б.) – 300,1 миң сом (0,1 %).

Статистикалык отчеттуулукка ылайык, бул мезгилде 7898 оорулуу ооруканадан чыгарылган, же ар бир оорулууга медикаменттер жана

медициналык багыттагы буюмдар чыгымдалган, медициналык багыттагы буюмдарды, СИЗдерди, эритмелерди, реактивдерди ж.б.у.с эске алуу менен, 1 күнгө койка орточо 400,5 6 сом.

Гуманитардык жардамды эске алуу менен, бир оорулууга орточо 3711 сом менен медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдар чыгымдалган (анын ичинен, гуманитардык жардам - 144,9 миң сом), медикаменттерге 1 күнгө койка боюнча чыгымдар - 416,8 сомду түзгөн (анын ичинен, гуманитардык жардам - 16,3 сом).

**Корутунду**

Жылдын башындагы жана аягындагы калдыктар, жылдык кассалык чыгымдарга бирдей сумманы түзгөн.

Аудит тарабынан, дары-дармек чыгымдарынын факты жүзүндө бир аз чыгымдары белгиленген.

41,2 млн. сомго медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдардын чыгымдары жөнүндө маалыматтар дал келбегендиги белгиленген.

**Сунуш**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду

- башка булактардын жана бюджеттик каражаттардын эсебинен сатылып алынган каражаттардын натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланылышын камсыз кылсын.

- кампада турган негизги каражаттардын, медикаменттердин жана ИМНдардын калдыктарына, кийинки финансылык жылга бюджетти түзүүдө калдыктардын болушун эске алуу жана көрсөтүлгөн каражаттарга болгон керектөөнү аныктоо предмети боюнча талдоо жүргүзсүн.

**Гемодиализ жөнүндө**

“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, гемодиализ кызматына 757,7 млн. сом каралып, жыл ичинде 1171,1 млн. сомго чейин такталган.

Берилген маалыматтарга ылайык, 01.01.2021-жылга карата гемодиализ кызматын алган бейтаптар 1408 адамды түзгөн, 2021-жылдын ичинде 402 бейтап чыгып кеткен, 916 адам гемодиализди кайрадан ала баштаган, 01.01.2022-жылга карата көрсөтүлгөн кызматты алгандардын саны 1922 адам болгон, жыл ичинде 1171,1 млн. сомго бардыгы болуп 249168 гемодиализ сеансы алынган, же Саламаттык сактоо министрлигинин 27.12.2019-жылдагы № 1151 жана ММКФнын 27.12.2019-жылдагы № 402 буйругуна ылайык, бир сеанстын наркы 4,7 миң сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен гемодиализ кызматын каржылоонун өсүүсү белгиленген, ал төмөндө берилген:

(миң сом)

| | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Гемодиализ | 347750,1 | 580013,5 | 897100,0 | 1171100,0 |

2021-жылы гемодиализ кызматы үчүн 1171,1 млн. сом чегегилген, анын ичинен:

- Бишкек шаарындагы 10 медициналык борбор – 569,6 млн. сом;
- Жалал-Абад областындагы 4 медициналык борбор - 145,8 млн. сом;
- Чүй областындагы 4 медициналык борбор – 73,6 млн. сом;
- Ош шаарындагы 7 медициналык борбор – 182,6 млн. сом;
- Талас шаарындагы 1 медициналык борбор – 29,0 млн. сом;
- Ысык-Көл областындагы 4 медициналык борбор – 67,8 млн. сом;
- Нарын шаарындагы 2 медициналык борбор – 11,6 млн. сом;
- 4 мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдары – 37,2 млн. сом.

Гемодиализ кызматынын абдан олуттуу төлөп берилиши Бишкек шаарындагы «Диалайф» МБда жүргүзүлгөн – 157,2 млн. сом, Бишкек шаарындагы «Нефро» МБ – 117,0 млн. сом, Жалал-Абад шаарындагы «Ефродиализ» МБ – 93,3 млн. сом ж.б.

**Бириктирилген дебитордук жана кредиттик карызга аудит**

2021-жылга топтолгон отчеттуулукка ылайык, 01.01.2022-жылга карата баланстык маалыматтар төмөндөгүдөй берилген:

- активде менен: негизги фонддор – 9739073,8 миң сом, корлор – 4954674,0 миң сом, жана башка дебитордук карыздар - 89004,5 миң сом.
- милдеттенмелер менен 692461,3 миң сом.

01.01.2022-жылга карата дебитордук карыз – 377,5 миң сом төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| | 01.01.2021-жылга карата калдык | 01.01.2022-жылга карата калдык | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Кызматчылардын дебитордук карызы | 586,0 | 487,8 | -98,2 |
| Кем чыгуулар жана уурдоолор | 5526,0 | 5320,8 | -205,2 |
| Жана башка дебитордук карыз | | 40,4 | +40,4 |
| Аванс менен төлөнгөн корлор | 20328,4 | 33061,1 | +12732,7 |
| Аванс менен төлөнгөн кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар | 17358,4 | 21245,6 | +3887,2 |
| Аванс менен төлөнгөн негизги фонддор | 48478,5 | 18540,7 | -29937,8 |
| Жана башка авансттык төлөмдөр | 8122,2 | 10308,1 | +2185,9 |
| **Бардыгы** | **100399,5** | **89004,5** | **-11395,0** |

Жыл жыйынтыгы менен дебитордук карыз 11395,0 миң сомго азайган.

Жана башка ички милдеттенмелер 01.01.2020-жылга карата 3832725,5 миң сом суммасында түзүлгөн жана төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| | 01.01.2019 -жылга карата калдык | 01.01.2020-жылга карата калдык . | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Кызматчылардын кредиттик карызы | 1225,4 | 952,2 | -273,2 |
| Убактылуу пайдаланууга алынган каражаттар боюнча эсептөөлөр | 50754,8 | 59695,0 | +8940,2 |
| Компенсациялык төлөмдөр | 0,1 | 19,9 | +19,8 |
| Жана башка кредиттик карыз | 38,2 | 38,2 | |
| Эмгек акы боюнча милдеттенме | 152048,8 | 20054,1 | -131994,7 |
| Корлор боюнча төлөмгө карата эсептер | 326648,2 | 146550,4 | -180097,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөргө жана жумуштарга карата эсептер | 116588,7 | 91837,6 | -24751,1 |
| Негизги фонддор боюнча төлөмгө карата эсептер | 26110,7 | 19717,6 | -6393,1 |
| Жана башка социалдык жөлөк пулдар | 19046,4 | 44407,6 | +25361,2 |
| **Бардыгы** | **692461,3** | **383272,6** | **-309188,7** |

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча милдеттенмелер 309188,7 миң сомго азайтылган.

**Бишкек шаарындагы саламаттык сактоо уюмдары боюнча Аныкталды**

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын бюджетин түзүү үчүн ченемдер, 2021-жылга Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 15-мартындагы №67 буйругу менен бекитилген.

Жабдуучуга санитардык-медициналык жардам көрсөтүү үчүн төлөм наркы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 13-июнундагы № 300 токтому менен бекитилген, мамлекеттик кепилдик программасы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарына көрсөтүлгөн медициналык-санитардык адамды каржылоонун базалык ченемдерин эсептөө методикасына ылайык аныкталат.

Саламаттык сактоо уюмдарын күтүү боюнча каражаттардын көлөмү, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда медициналык жардам көрсөтүү боюнча келишим менен каралат, ал ММКФнын буйруктары менен ар саламаттык сактоо уюмдары үчүн жыл сайын бекитилет.

Ошону менен бирге, ММКФ бюджетин аткарууда, жан боюнча каржылоо келишимге өзгөртүүлөр киргизилбестен көбөйгөндүгүнө, дарылануу учурларынын наркынын ченемдерине байланыштуу, медициналык кызматтарды жабдуучулар менен түзүлгөн келишимдерге өзгөртүүлөр киргизилбейт.

Улуттук госпиталда аудит мезгилинде дарыланган учурлардын саны каралгандан 26941 көбөйгөн, анын ичинен, жалпы профилдик бөлүмдөрдө оорулуулардын 169 жана шашылыш жардам бөлүмдөрүндө 26603 көбөйүү эсебинен. Мында, шашылыш жардамдын 37036 учурга көбөйүүсү, ошол эле дарылоо наркы менен каржылоону 7114,9 миң сомго көбөйүүсүнө өбөлгө болгон эмес.

Ушундай эле, Улуттук хирургия борборунда аудит мезгилинде дарыланган учурлардын саны каралгандан 541 дарылоо учуруна шашылыш жардам бөлүмүнө 5937 кайрылууларга көбөйгөн, ал жерде дарыланган учурлар каржыланган, бирок, 3321 оорулууарга көрсөтүлгөн амбулатордук кызмат көрсөтүлөр төлөнгөн эмес, алар ҮДТ – баштапкы деңгээлдеги медиицналык уюмдарга жазылган, же оорулууларды кабыл алууда башка мекемелерге жазылган Улуттук хирургия борборунун чыгымдары 505,4 миң сомду түзгөн.

№1өт үйүндө 5558 учур дарыланган, анын ичинен, боюнда барлардын бир күндүк болуусу – 76 учур, мында дарыланган учурлардын факты жүзүндө саны келишимдеги милдеттенмелерге 774 учурга жетпей калган, анын ичинен, жалпы профилдик бөлүмдөрдөдарыланган учурлардын көлөмү боюнча келишим милдеттенмелери 198,5 миң сом сомго 691 учур жеткире аткарылган эмес, 76 өткөрүлбөгөн күн үчүн - 125,0 миң сом.

**Корутунду**

Амбулатордук кабыл алууда, Улуттук госпиталдын бюджетинин чыгымдары - 7114,9 миң сомго, Улуттук хирургия борбору - 505,4 миң сомго белгиленген, алар каржылоо механизминин жоктугунан улам, ММКФ тарабынан толтурулган эмес.

**Сунуш**

ММКФ амбулатордук кабыл алууларды жүргүзүүдө, чыгымдарды каржылоо механизмин иштеп чыгуу менен, баштапкы деңгээлдеги мекемелерде жазылган бейтаптарды дарылоодо, үчүнчү деңгээлдеги мекемелерди каржылоо зарылдыгын карасын.

Кошумча каражаттар бөлүнгөн учурда, ММКФ милдеттүү түрдө ММКФ менен жабдуучулар ортосунда түзүлгөн баштапкы келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизиши керек.

**Койкалык фондду пайдалануу**

**Аныкталды**

Каржылоо дарылоо учуру боюнча жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, ушул кезге чейин стационарлардын койкалык фондун реформалоо жүргүзүлгөн эмес, ага штаттык санды түзүү боюнча иш-чаралар байланыштырылган. Алсак, 2021-жылы:

- Улуттук госпитал боюнча 1070 койка жайгаштырылган, 01.01.2022-жылга карата 32381 оорулуу дарыланып чыккан, 1 оорулуу стационарда 8 күн болгон, койкалык фондунун толушу күнүнө 711,7 койканы түзгөн, же койкалык фонддон 66,5 %. Саналган чыгымдар жайгаштырылган бир койкага, б.а. аны бир жылга күтүү 483,6 миң сомду, бир суткага - 1324,9 сомду түзгөн;

-Улуттук хирургиялык борбор боюнча 255 койка жайгаштырылган, 7898 оорулуу дарыланып чыккан, 1 оорулуу стационарда 8,98 күн болгон, койкалык фондунун толушу күнүнө 192,7 койканы түзгөн, же койкалык

фонддон 75,5 %. Жылына бир дарыланган учурдун наркы - 14588,5 миң сомду, бир суткага - 1637,4 сомду түзгөн;

- №1 төрөт үйү боюнча 85 койка жайгаштырылган, 5482 оорулуу дарыланып чыккан, 1 оорулуу стационарда 4,73 күн болгон, койкалык фондунун толушу күнүнө 71,07 койканы түзгөн, же койкалык фонддон 83,5 %. Жылына бир дарыланган учурдун наркы - 713,7 миң сомду, бир суткага - 1955,4 сомду түзгөн.

**Корутунду**

Улуттук госпиталдын, Улуттук хирургиялык борбордун койкалык фонду толук кубаттуулукта колдонулбайт, койкалык фондунун толушу күнүнө 711,7 койканы түзгөн, же койкалык фонддон 66,5 % жана койкалык фондунун толушу күнүнө 192,7 койканы түзгөн, же койкалык фонддон 75,5 %.

**Сунуш**

Бирдиктүү төлөө тутумунда келишим негизинде өз ишин жүргүзүү жана башкаруучулук, финансылык өз алдынчалыкка ылайык, койкалык фондду жана штаттык бирдиктерди оптималдоо маселеси каралсын.

**Аныкталды**

ММКФнын 17.03.2017-жылдагы № 221 жана №71 буйруктары менен бекитилген адистештирилген *психиатриялык жардамда дарылоо учуру үчүн каржылоо ченемдерин эсептөө методикасы* бекитилген эмес, "Кыргыз Республикасынын жарандарына адистештирилген (психиатриялык, онкологиялык, гематологиялык, кардиохирургиялык) медициналык жардамды көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын топтолгон бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча" Нускама менен, Убактылуу методиканы иштеп чыгуу каралган, "Нускаманын 16-пункту. Ченемдерди эсептөө Кыргыз Республикасынын жарандарына адистештирилген (психиатриялык, онкологиялык, гематологиялык, кардиохирургиялык) жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо ченемдерин эсептөө Убактылуу методикасына ылайык жүргүзүлөт".

**Корутунду**

Келишим менен белгиленген психиатриялык жардамда дарылоо учурунун планын аткаруу шарттарында финансылык тобокелдиктердин (дарылоо мекемесинин чыгымын жабуу үчүн финансылык каражаттардын жетишсиздиги) пайда болушу, белгиленген каржылоо ченемдеринин негизсиздигин (азайгандыгын) көрсөтөт.

Ченемдерди аныктоо үчүн, мекемелердин финансылык тобокелдиктерине алып келген, каржылоо ченемдерин аныктоо (негизделген эсептөөлөрдүн негизинде) методикасынын жоктугу, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген мекемелерди каржылоо чөйрөсүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди түзөт.

Тараптардын укуктары жана милдеттери) б) пунктчасын бузуу менен, ММКФ эсептөөлөрү боюнча милдеттенмелердин көлөмүн ашырган өлчөмдө коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча кредиттик арыздын пайда

болушуна жол берилген, РЦП - 1182,6 миң сом жана РЦД - 144,7 миң сом.

**Сунуш**

Стационарлардын амбулатордук-диагностикалык жана консультативдик-диагностикалык бөлүмдөрүн каржылоо ченемдерин эсептөө методикасын бекитүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Стационардык жадам көрсөтүү жана топтолгон бюджеттин каражаттарын натыйжалуу пайдалануу боюнча Келишим талаптарын бузууга жол берилбесин.

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышын администрлөө; медициналык камсыздандыруу жана жарандардын ден соолугун коргоо чөйрөсүндө программалардын жана стратегиялардын, ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу функциясын аткарган Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы ММКФнын кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

ММКФ Психиатриялык жардамда дарылоо учуру үчүн каржылоо ченемдерин эсептөө методикасын бекитүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн.

**Тамак-аш чыгымдар**

**Аныкталды**

Бир оорулууга күнүнө тамак-аштын наркы, Саламаттык сактоо министрлигинин 21.08.2017-жылдагы № 746 буйругу менен каралган.

Улуттук госпиталдын отчетуна ылайык, тамак-аштын факты жүзүндө чыгымы 17316,0 миң сомду түзгөн (бир оорулууга чыгым 61,49 сомдон 84,59 сомго чейинки каражатты түзгөн), же оорулуулар 199,8 миң сомго чейин жеткире тамактандырылган эмес, тамак-ашка 46,8 миң сом ашыкча бөлүнгөн.

Мындан сырткары, Ковид-19 учурунда кызыл зонадагы Улуттук госпиталда Ковид-19 менен ооруган 4254 оорулууга 4636,0 миң сом чыгымдалган, же 34384 койкалык күн жүргүзүлгөн. Мында, бир койка күнгө тамак-аш чыгымы 134,8 сомду түзгөн, бул, саны суткасына 39 адамдан 438 адамга чейин өзгөрүп турган кызыл зонадагы кызматкерлердин тамак-ашын эске алуу менен түзүлгөн.

Улуттук хирургиялык борбор боюнча тамак-аш наркы 59,7 сомду, тамак-аш продуктуларынын факты жүзүндө чыгымы күнүнө 44,32 сомду (74,2 %) түзгөн, же бекитилгенге салыштырмалуу 15,38 сомго аз. Б.а. тамак-аштын тартыштыгы жылына 902,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Улуттук госпиталда тамак-аштын факты жүзүндө чыгымы бир оорулууга 61,49 сомдон 84,59 сомго чейинки каражатты, кызыл зонада - 134,8 сомду түзгөн. Мында, оорулуулар 199,8 миң сомго чейин жеткире тамактандырылган эмес, тамак-ашка 46,8 миң сом ашыкча бөлүнгөн.

Улуттук хирургиялык борбордо тамак-аш продуктуларынын факты жүзүндө чыгымы күнүнө 44,32 сомду (74,2 %) түзгөн, же тамак-аштын тартыштыгы жылына 902,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

ММКФ, Улуттук госпитал, Улуттук хирургиялык борбор тамак-аш боюнча ашыкча чыгымдоо же жеткире чыгымдабоого жол бербөө менен, колдонуудагы ченемдик документтерге ылайык тамак-аш чыгымдарын карасын.

**Аныкталды**

Тамак-аш чыгымдарын жетиштүү каржылоонун жоктугу менен, Саламаттык сактоо министрлигинин № 746 буйругун бузуу менен, тамак-аш чыгымдарын талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөткөн. *Улуттук госпитал боюнча* эттин чыгымы жылына 33769,19 кг.ды түзүшү керек, факты жүзүндө эт 19227,6 кг.ды түзгөн, же бекитилген рационго ылайык, 14541,59 кг. эт жеткире түшкөн эмес, картофелдин чыгымы 25976,3 кг.ды түзүшү керек болсо, анын факты жүзүндө чыгымы 63886,4 кг.ды түзгөн, же ченемден ашык чыгым 774,9 миң сом суммасында 37910,1 кг. картофелди түзгөн.

*Бишкек шаарындагы №1 төрөт үйү боюнча* : эттин чыгымы жылына 4405,72 кг.ды түзүшү керек, факты жүзүндө эт 1659,1 кг.ды түзгөн, же бекитилген рационго ылайык, 2746,62 кг. эт жеткире түшкөн эмес, картофелдин чыгымы 5183,2 3 кг.ды түзүшү керек болсо, анын факты жүзүндө чыгымы 6696,5 кг.ды түзгөн, же ченемден ашык чыгым 38,2 миң сом суммасында 1513,3 кг. картофелди түзгөн, ушундай эле, ченемден ашык өсүмдүк майы 66,8 миң сом суммасында 451,26 кг.ды, каймак майы 30,5 миң сом суммасында 91,8 кг.ды түзгөн.

**Корутунду**

Тамак-аш продуктыларынын айрым түрлөрү боюнча чыгымдардын белгиленген ченемдери сакталган эмес.

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлигинин 21.08.2017-жылдаг № 746 буйругуна ылайык, тамак-аш продуктыларына белгиленген чыгымдар сакталсын.

**Аныкталды**

Өткөрүлгөн конкурстук тооруктун жыйынтыгы боюнча, 33,7 миң сом суммасында 65 кг “Уйдун эти, демделген жогорку сорт” стерилденген эт консерваларын жеткирүү тууралуу *№1 төрөт үйү менен* ЖИ «Семетеева А.Б.» ортосунда 25.06.2021-жылы №13-п келишими түзүлгөн, аалар ушул кезге чейин колдонулган эмес (2022-жылдын 8-июлундагы абала боюнча).

**Корутунду**

Талаптагыдай контролдоонун жоктугунан, тамак-аш продуктыларына каралган 33,7 миң сом акча каражаттары, талап кылбаган тамак-аш продуктыларына негизсиз пайдаланылган.

**Сунуш**

Тамак-аш продуктыларын сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен ченемдер милдеттүү түрдө сакталсын жана тамак-аш продуктыларын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейин колдонулсун жана талап кылбаган тамак-аш продуктыларына акча каражаттарын тартууга жол берилбесин.

**<u>Курулуш-куроо жана оңдоо иштери</u>**

**Аныкталды**

Улуттук госпиталдын Урология бөлүмүндө капиталдык ондоо иштери «Капитал Билдинг ЛТД» ЖЧКсы тарабынан жүргүзүлгөн жана аткарылган курулуш-куроо иштерин кабыл алуу актылары тузулгон.

Мында, Улуттук госпиталдын, же Саламаттык сактоо министрлигинин Урология бөлүмүн капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү боюнча буйруктары, кандайдыр бир каражаттардын эсебинен капиталдык ондоо иштери жүрө тургандыгы жөнүндө маалыматтар, конкурстук негизде подрядчыларды тандоо жөнүндө Улуттук госпиталдын буйругу, ондоо иштери жүргүзүлгөн объектини пайдаланууга берүү актысы ж.б. жок.

**Корутунду**

Учурда Урология бөлүмүнүн имараты өзүнүн багыты менен колдонулууда.

Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык мамлекеттик агенттигинин алдындагы Мамлекеттик экспертиза департаментинин 16.03.2022-жылдагы катына ылайык, “Улуттук госпиталдын Урология бөлүмүндө капиталдык оңдоо иштери” курулуш объектисинин наркы бириктирилген сметалык эсептөөлөр боюнча 85951,7 миң сом (КНС – 12 %ды эске алуу менен) өлчөмүндө көрсөтүлгөн.

Бирок Урология бөлүмүндө капиталдык оңдоо иштерин жргүзүү боюнча толук документтер такталып жазылган эмес.

**Сунуш**

Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча ” Жобого ылайык, ондоо иштерин админстрлөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Подрядчы «ГТС Корп.» ЖЧКсы тарабынан 4621,6 миң сом суммасындагы ондоо иштери жүргүзүлгөн, анын ичинен, 4472,7 миң сомдук оңдоо иштери белгиленген мөөнөттө аткарылган эмес. Бирок, Заказ берүүчү тарабынан аткаруу иштеринин мөөнөтүн бузгандыгы үчүн туумдарды эсептөөнү караган, келишимдин 74-пунктунун шарттары колдонулган эмес. аудиттин жүрүшүндө, келишим шарттары боюнча Заказ берүүчү тарабынан 299,2 миң сом туум чегерилген.

Ошондой эле, подрядчы КНС төлөөчү болуп эсептелбегендиги аныкталган, Заказ берүүчү тарабынан КНСти эске алуу менен, 4621,6 миң

сом суммасындагы аткарылган иштердин айрым актылары кабыл алынгандыгына карабастан, анын ичинен, 429,9 миң сомго КНС негизсиз эсептелген.

Корутунду

КНС төлөөчү эмес болгон подрядчы «ГТС Корп.» ЖЧКсы тарабынан жүргүзүлгөн оңдоо иштерин администрлөөдө, 429,9 миң сомго КНСти эсептөө менен, аткарылган иштердин актысы төлөмгө кабыл алынган жана келишим шарттарын өз убагында аткарбагандыгы үчүн, подрядчыга 299,2 миң сом туум эсептелген.

Сунуш

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча подрядчы «ГТС Корп.» ЖЧКсынын аткарган иштерин каржылоону 729,1 миң сомго азайтуу өз ара чегерүү жолу менен жүргүзүлсүн, анын ичинен, эсептелген туумдар - 299,2 миң сом жана негизсиз кабыл алынган КНС - 429,9 миң сом.

**Негизги каражттар, эсептер, бухгалтердик эсеп**

**Аныкталды**

*Улуттук госпитал боюнча* «Негизги фонддор» беренеси менен 5560,9 миң сомдук дебитордук карыз бир катар жылдардан бери бар жана 2015-жылга карата Эсептөө палатасы тарабынан "ТАМЭС" ЖЧКсынын аткарган иштерин актыларын эсептөө жыйынтыгы боюнча айырманы берет, ал көрсөтүлгөн подрядчынын дебитордук карызы катары эсептелген.

Бишкек шаарынын район аралык сотунун 25.12.2017-жылдагы чечимине ылайык, "ТАМЭС" ЖЧКсынын карызы 10418,5 миң сомго аныкталган.

**Корутунду**

Бишкек шаарынын район аралык сотунун 25.12.2017-жылдагы чечимин аткраоо менен, "ТАМЭС" ЖЧКсынын эсепке албаган 4857,6 миң сом суммасындагы карызы аныкталган.

**Сунуш**

*Улуттук госпиталда* отчетто 4857,6 миң сомду дебитордук карызды тактоо боюнча чаралар көрүлсүн жана анын белгиленген тартипте өндүрсүн.

**Аныкталды**

Улуттук Энеликти жана балалыкты коргоо борборунда (ЭжанаБКБ) "Спецфарм" ЖЧКсы медициналык жабдууларды жеткирбегендиги үчүн, 955,0 миң сом суммасындагы мөөнөтү өткөн дебитордук карыз аныкталган.

**Корутунду**

ММКФ тарабынан талаптагыдай контролдоонну жоктугунан, Улуттук ЭжанаБКБ жетекчилиги_ 20217-жыдан тартып 955,0 миң сом суммасындагы жабдууларды жеткирген эмес.

**Сунуш**

955,0 миң сом суммасындагы жабдууларды сатып алууну демилгелеген, сатып алууну жүргүзгөн Улуттук ЭжанаБКБ кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын. 955,0 миң сом суммасындагы дебитордук карызды

өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Улуттук Энеликти жана балалыкты коргоо борборунун (ЭжанаБКБ) офтальмология бөлүмүндө, ММКФ каражаттарынын эсебинен Юни Хелп ЖЧКсынан сатылып алынган, наркы 7999,9 миң сом суммасындагы "VISION" хирургиялык офтальмологиялык аппарат орнотулган. Ал, аны иштетүү үчүн зарыл болгон чыгым материалдарынын жоктугуна улам, 2019-жылдан бери пайдаланылбай турат.

**Корутунду**

ММКФ каражаттарынын эсебинен сатылып алынган, "VISION" хирургиялык офтальмологиялык аппарат, аны иштетүү үчүн зарыл болгон чыгым материалдарынын жоктугуна улам бери пайдаланылбай турат, же көрсөтүлгөн факт ММКФ каражаттарынын эсебинен сатылып алынган негизги каражаттардын натыйжасыз пайдаланылгандыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Сунуш**

"VISION" хирургиялык офтальмологиялык аппаратты сатып алууга жана пайдланылбай турушуна жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Ушул факт жонундо материалдар укуктук баа берүү үчүн, Башкы прокуратурага берилсин.

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен:

- Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканада, Региондорду өнүктүрүү боюнча Социалдык өнөктөш фондусу тарабынан инвестицияланган оборудованиясы (наркы 7535,5 миң сом) балансына кабыл алынган эмес жана пайдаланууга берүү актысы жок туруп пайдаланылууда;
- Медициналык тез жардам клиникалык ооруканасына (МТЖКО) гуманитардык жардам линиясы боюнча 11 859,1 миң сом суммасында келип түшкөн негизги каражаттар, "Баасыз жана тез эскирүүчү буюмдар" эсеби боюнча бухгалтердик эсепке киріштелген.

**Сунуш**

РКИО Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, газификатордон суюк кислородду берүүнүн борбордоштурулган системасын(наркы 7535,5 миң сом) администрлөө боюнча чараларды көрсүн.

Медициналык тез жардам клиникалык ооруканасына 11 859,1 миң сом суммасында негизги каражаттар Жобого ылайык, негизги фонддорду өз учурунда администрлөө боюнча чаралар көрүлсүн

**Аныкталды**

Ленин райондук Үй-бүлөлүк медицинанын бириктирилген борборунун (ҮМБ) кампасында 6 даана ИВЛ аппараты жана 25 даана кислород концентраторлору бар, алар ҮМБда колдонулбайт. Бул медициналык аппараттар техникалык көрсөткүчтөрү боюнча, тез жардаам машиналарына колдонулат.

**Корутунду**

Бишкек шаарынын №1 ҮМБда ИВЛ аппараты жана кислород концентраторлору колдонулбайт.

**Сунуш**

ММКФ аппараттарды натыйжалуу жана максаттуу пайдалануу максатында, Бишкек шаарынын №1 ҮМБда колдонулбаган медициналык аппараттарды кайрадан бөлүштүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен:

- Улуттук терапия жана кардиология борборунун отчетунда Социалдык фондго төлөнгөн 21,9 миң сом өлчөмүндөгү дебитордук карыз, мүчлк үчүн төлөм - 1,2 миң сом жана мамлекеттик мүлктүн ижара акысы - 48,7 миң сом, бардыгы болуп **71,8 миң сом** көрсөтүлгөн эмес;

-№6 тиш дарылоо бейтапканасында Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча 71,4 миң сом дебитордук карыз аныкталган, ал 2021-жылга карат ажылдык отчетто көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду**

Улуттук терапия жана кардиология борборунун жана №6 тиш дарылоо бейтапканасынын отчетунда, дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузууларга жол берилген.

**Сунуш**

Улуттук терапия жана кардиология борборунун эсепке алынбаган 71,8 миң жана №6 тиш дарылоо бейтапканасынын эсепке алынбаган 71,4 миң сом дебитордук карызы эсепке калыбына келтирилсин.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесин жана "Салыктык эмес крешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын кодексин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун бузуу менен: тиешелүү бюджеттин кирешесине төмөндөгүлөр жеткире чегерилген эмес:

-Улуттук госпиталь тарабынан 166,3 миң сом ижара акысы;

- ЭжанаБКБ ижара акысы ижара акысы 20,0 миң сом жана коммуналдык кызматтар - 2,1 миң сом;

- "Темир жол ооруканасы" мекемеси тарабынан төлөнбөгөн ижара акысы 37,0 миң сом;

- Улуттук фтизиатрия борбору тарабынан акырык 13 айга карата **88,**4 миң сом ижара акысы төлөнгөн эмес (калыбына келтирилген).

**Корутунду**

Ижара аксыны администрлөө талаптагыдай жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш**

Бюджеттик кодекстин талаптарына ылайык, ижара акысы толугу менен тиешелүү бюджетке чегерилсин: Улуттук госпитал - 166,3 миң сом , ЭжанаБКБ - 20,0 миң сом жана 2,1 миң сом коммуналдык кызматтарды, "Темир жол ооруканасы" мекемеси 37,0 миң сом.

**Аныкталды**

2021-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча төлөөчүлөр (кызмат көрсөтүүнү жабдуучулар) менен түзүлгөн келишимдин 9 пунуктунун (4-бөлүм. Тараптардын укуктары жана милдеттери) б) пунктчасын бузуу менен, ММКФ эсептөөлөрү боюнча милдеттенмелердин көлөмүн ашырган өлчөмдө коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча кредиттик арыздын пайда болушуна жол берилген, РЦП - 1182,6 миң сом жана РЦД - 144,7 миң сом.

**Сунуш**

Отчеттук жылы стационардык жардамды көрсөтүү жөнүндө келишим боюнча иштеп табылган каражаттардын чегинде, 1 182,6 миң сом суммасындагы РЦПтын жана РЦЦнын 114,0 миң сом кредиттик карызын төлөө камсыздалсын.

**Аныкталды**

Аудит учурунда РЦН базасында убактылуу жайгаштырылган инфекциялык стационар жабылып, 8 ай өткөндөн кийин, COVID 19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү алкагында сатылып алынган 312,3 миң сом дары-дармек каражаттарынын жана ИМН калдыктары кампада турат.

3934,2 миң сом суммасындагы медициналык жабдуулардын жана дары-дармектердин көпчүлүк бөлүгү 2021-жылы РЦН кампасына келип түшкөн учурдан тартып ушул кезге чейин, COVID 19 коронавирус инфекциясы менен ооругандарды дарылоого колдонулган эмес.

COVID 19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү боюнча дарылоо мекемелерине бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ тарабынан талаптагыдай көзөмөлдүн жоктугу белгиленген

**Корутунду**

Дары-дармек каражаттарынын калдыктарын андан ары колдонуу боюнча өз учурунда көрүлбөгөн тиешелүү чаралар (адыр-дармек

каражаттарын кайрадан бөлүштүрүү) бюджеттин жоготуусуна алып келет (колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда).

Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ жооптуу кызматкерлери тарабынан РЦН базасында убактылуу уюштурулган инфекциялык стационарды керектүү дары-дармектер, ошондой эле медициналык жабдуулар менен камсыздоо талаптагыдай жүргүзүлгөн эмес. алсак, Дары-дармек жана медициналык буюмдар департаменти тарабынан медициналык жабдууларды жана медикаменттерди жеткирүү, РЦНнын кампасында дары-дармек каражаттарынын жана ИМНдин калыктарын эсепке албастан, ошондой эле ИМНге жана медициналык жабдууларга болгон керектөөлөргө тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзбөстөн жана такталбастан жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Бөлүнгөн каражаттар боюнча өз ара эсептешүүлөрдү Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФнын тиешелүү кызматтары менен тактоо чаралары көрүлсүн.

ММКФ COVID 19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүдө сатылып алынган дары-дармек каражаттарынын жана ИМН калдыктарын андан ары натыйжалуу пайдалануу боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн.

Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ РЦПН COVID 19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана алдын алуу иш-чаралар алкагында бюджеттик каражаттардын, жана башка булактардын эсебинен сатылып алынган каражаттарды натыйжалуу жана рацтоналдуу пайдаланууну камсыз кылсын.

Көрсөтүлгөн каражаттардын керектөөсүн аныктоо максатында, РЦПН кампада турган негизги каражаттардын, медикаменттердин жана ИМН кадыктарына талдоо жүргүзсүн жана Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФга билдирсин.

**<u>Эмгек акы</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.08.2020-жылдагы №408 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомун, Саламаттык сактоо министрлигинин 17.07.2020-жылдагы №526, 04.08.2020-жылдагы № 584 буйруктарын бузуу менен:

<u>Бишкек шаарынын №2 көп профилдүү клиникалык ооруканасы тарабынан</u> 14 күндөн ашык кызыл зонада иштеген медициналык кызматкерлерге 1533,0 миң сом компенсация төлөнгөн.

<u>Улуттук Энеликти жана балалыкты коргоо борбору тарабынан </u>2021-жылдын январына карата кызматкерлерге 162,9 миң сом компенсация негизсиз төлөнгөн, мындан сырткары, эпидемия менен күрөшүү жана алдын

алуу боюнча ишке тартылган айрым кызматкерлерге (электрик, сантехник, зав.хоз) нормалдуу жумушчу күнүн узактыгы үчүн, иштин ар бир сааты үчүн 1ден 1,3 эсептик көрсөткүчтөргө чейиндин ордуна, 22ден 30 эсе өлчөмүндө компенсация эсептелген, же 20,3 миң сом суммасындагы компенсация чегерилген.

**Корутунду**

Эпидемия менен күрөшүү жана алдын алуу боюнча ишке тартылган медициналык кызматкерлергеэмгек акыларды администрлөөдө, ченемдик актыларды бузууга жол берилген.

**Сунуш**

Мындан ары, компенсацияны эсептөөдө Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары так жетекчиликке алынсын жана айрым кызматкерлерге компенсацияларды негизсиз төлөөгө жол берген кызматтагы адамдарын жоопкерчилиги каралсын.

ММКФ бюджеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылыш максатында, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун, Саламаттык сактоо министрлигинин 17.07.2020-жылдагы №526, 04.08.2020-жылдагы № 584 буйруктарынын аткарылышна контролду күчөтсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругун аткаруу менен, Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан саламаттык сактоо мекемелери боюнча жалпы 207230,9 миң сом суммасындагы медикаменттер бөлүштүрүлгөн, алар Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун моблизациялык резервдер ичинен брондон чыгарылган.

Саламаттык сактоо министрлигинин 10.03.2021-жылдагы № 1(жашыруун) буйругуна ылайык, медициналык багыттагы моблизациялык резервдин материалдык баалуулуктарын бөлүштүрүү тартиби бекитилген жана медициналык мекемелердин жетекчилерине алынган медикаменттерге жана медициналык багыттагы буюмдарга ылайык, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун депозиттик эсебине чегерүүнү камсыздоого жазма буйрук берилген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.02.2021-жылдагы № 35-рс (жашыруун) буйругуна ылайык, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун моблизациялык резервдер ичинен брондон чыгарылган материалдык баалуулуктарды сатып алуу боюнча кайтарылган чыгымдарды республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө багытталышы керек.

Саламаттык сактоо мекемелери тарабынан 2021-2022-жылдар ичинде Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна 181414,6 миң сом чегерилген. Аудиттин жүрүшүндө Мамлекеттик материалдык резервдер фонду

саламаттык сактоо мекемелеринен алган каражаттарды мамлекеттин кирешесине толугу менен чегергендиги жөнүндө маалымат алынган.

Ошону менен бирге, аларды колдонуунун калган мөөнөтү аяктаганга чейин аларды колдонуу мүмкүн эместигине байланыштуу, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун линиясы боюнча калып калган медикаменттерди кайрадан бөлүштүрүү өтүнүчү менен көптөгөн медициналык мекемелердин кайрылуулары бар (Улуттук госпиталь - 1576,0 миң сомго, Жети-Өгүз районунун жалпы дарыгерлик практика борбору - 1526,3 миң сом, Алай району – 1302,4 миң сом, Талас району - физикалык көлөмдө, Республикалык клиникалык инфекциялык оорукана - физикалык көлөмдө, ММКФнын Баткен областтык аймактык башкармалыгы - 3667,9 миң сом ж.б.у.с.).

№2 клиникалык төрөт үйү тарабынан аудитке 10 аталыштагы дары-дармек препараттарынын тизмеси берилген, алар Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан 2827,4 миң сомго алынган, бирок алар төрөт үйүнө колдонулган эмес жана колдонуу мөөнөтү жакынкы мезгилде аяктайт.

Ушундай эле жагдай, Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаментинен алынган 1896,5 миң сомдук 10 дары-дармек препараттардан сактоо мөөнөтү 01.05.2022-жылы аяктайт.

Ошентип, Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жана Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаменти тарабынан билип туруп кыска колдонуу мөөнөтү менен дары-дармек препараттары жеткирилген, мында, бюджеттин 2827,4 миң сом жана 1663,0 миң сомду түзгөн бир кыйла суммасы сарп кылынган.

Медикаменттерди кайрадан бөлүштүрүү өтүнүчү менен көптөгөн медициналык мекемелердин бир нече кайрылууларына, алар талап кылынбаган катары ММКФдан жооп болгон эмес, ошентип, көрсөтүлгөн мекемелер боюнча Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун линиясы боюнча - 10900,0 миң сомго, Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаменти - 1663,0 миң сомго сатып алынган дары-дармек каражаттарына ММКФнын бюджетинин жоготуусу десек болот.

COVID-19 эпидемиясы менен күрөшүү боюнча профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүдө, 2021-жылдын 29-мартындагы №52 наряддын негизинде, 1 612,3 миң сом суммасында дары-дармек препараттары келип түшкөн, ал эми №53 наряддын негизинде, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан 329,0 миң сомго, жалпы 1 941,3 миң сом суммасында 45 түрдөгү дары-дармек каражаттары келип түшкөн. Отчеттук маалыматтарга ылайык, 2021-жылы 1 301,5 миң сомдук дары-дармек каражаттары чыгымдалган, 31.12.2021-жылга карата калдык 639,8 миң сомду түзгөн.

Аудит тарабынан, бул дары-дармек каражаттарынын ичинен, колдонуу мөөнөтү аякташы мүмкүн болгон 367,3 миң сом суммасындагы перпараттар бар экендиги аныкталган

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан

Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо уюмдарына дары-дармектер түшкүн, алар үчүн дарылоо мекемелери өз алдынча эсептешкен. Мында, аталган дарылоо мекемелерине ошол дары-дармектер чындыгында талап кылынган эместигин белгилеп кетүү зарыл

Ошондой эле, Ысык-Көл жана Нарын областтарынын сактоо уюмдарында 2022-жылдын апрелинде уюмдарда колдонуу мөөнөтү 2022-жылдын май-ноябрь айларында бүтө турган ар кандай аталыштагы дары-дармек препараттары болгон. Анын ичинен: Ысык-Көл областтык бириктирилген ооруканасында - 908,8 миң сомго, Ак-Суу райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 435,4 миң сомго, Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 398,2 миң сомго, Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 3290,1 миң сомго, Түп райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 291,1 миң сомго, Нарын областтык бириктирилген ооруканасында - 623,6 миң сомго, Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 472,7 миң сомго, Ат-Башы райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 601,4 миң сомго, Кочкор райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда -235,1 миң сомго.

Ош шаарынын жана Ош областынын саламаттыкты сактоо уюмдарында 2022-жылдын апрель-май айларында мекемелерде колдонуу мөөнөтү 2022-жылдын май-ноябрь айларына чейинки ар кандай аталыштагы дары-дармектер бар, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканада 375,0 миң сомго, Ноокат районунун ЖДПБ 2031,6 миң сомго, Папан айылынын ЖДПБ 50,6 миң сомго, Нариман аймактык ооруканасында 1488,1 миң сомго.

Ош областынын жана Ош шаарынын №1 ЦСМге КОВИД-19 каршы эмдөө үчүн түшкөн дары-дармектерди (вакциналарды) иликтөөнүн жүрүшүндө айрым вакциналардын мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу жалпы 3520,5 миң сом суммасына алардын профилин өзгөртүү жана жок кылуу жөнүндө актылар түзүлгөн.

Папан айылынын ЖДПБта КОВИД-19 каршы Астразенека вакцинасынын 50 дозасы эмделген эмес, ошондой эле жалпы 21,4 миң сом суммасына 13 доза төгүлгөн.

Жалал-Абад областынын саламаттыкты сактоо уюмдарында 2022-жылдын апрель-май айларында мекемелерде колдонуу мөөнөтүн 2022-жылдын май-ноябрь айларына чейинки ар кандай аталыштагы дары-дармектер бар, Базар-Коргон районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 1636,4 миң сом**,** Ноокен районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 337,4 миң сомго, Токтогул районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 611,5 миң сомго**,** Чаткал районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 2185,7 миң сомго, Токтогул районунун Кызыл-Озгоруш айылынын Малабашов атындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда **4,0** миң сомго.

2022-жылдын апрель-май айларында мекемелерде колдонуу мөөнөтү 2022-жылдын май-ноябрь айларына чейинки ар кандай аталыштагы дары-дармектер болгон:

- Баткен областынын бириккен ооруканасында 727,0 миң сомго, ал эми 2023-жылдын март – ноябрь айларында 520,0 миң сомго, гуманитардык жардам боюнча 2022-жылдын май айында мөөнөтү өткөн дары-дармектер 2036,1 миң сомго,

- Үч-Коргон айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 7,8 миң сомго, башка дарылык каражаттар боюнча 419,6 миң сомго.

Самаркандек жалпы дарылоо тажрыйба борборуна КОВИД-19 каршы эмдөө үчүн түшкөн дары-дармектерди (вакциналарды) иликтөөнүн жүрүшүндө айрым вакциналардын мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу 170,9 миң сом суммасына алардын профилин өзгөртүү жана жок кылуу жөнүндө актылары түзүлгөн.

**Корутунду**

ММКФнын жоопту кызматкерлери тарабынан керектүү дары-дармек каражаттары менен камсыз кылуу маселесин уюштуруу талаптагыдай денгээлде жүргүзүлгөн эмес, алсак, Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жана Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаменти тарабынан медикаменттерди жеткирүү, керектүү дары-дармек каражаттарын эсепке албастан, ошондой эле алардын талап кылынышына тиешелүү эсептөөлөр жүргүзүлбөстөн жана такталбастан жүргүзүлгөн.

Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жана Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаменти тарабынан билип туруп кыска колдонуу мөөнөтү менен дары-дармек препараттары жеткирилген, мында, бюджеттин бир кыйла суммасы жоготулган.

Аларды колдонуунун калган мөөнөтү аяктаганга чейин аларды колдонуу мүмкүн эместигине байланыштуу, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун линиясы боюнча калып калган медикаменттерди кайрадан бөлүштүрүү өтүнүчү менен көптөгөн медициналык мекемелер тарабынан кайрылуулар жөнөтүлгөн.

КОВИД-19 каршы кээ бир вакциналар колдонуу мөөнөтү өтүп кеткенине байланыштуу жокко чыгарылган.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу мамлекеттик материалдык резервдер фондунан Баткен областынын саламаттыкты сактоо уюмдарына дары-дармектер түшкөн, алар үчүн дарылоо мекемелери өз алдынча эсептешкен. Дарылоо мекемелерине ал дары-дармектер чындыгында талап кылынган эместигин белгилеп кетүү зарыл. 2022-жылдын апрель-май айларында мекемелерде колдонуу мөөнөтүн 2022-жылдын май-ноябрь айларына чейинки ар кандай аталыштагы дары-дармектер бар.

Калк арасында КОВИД-19 каршы эмдөөдо олуттуу суммага профилин өзгөртүүгө жана жок кылууга жол берилген.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан, Саламаттык сактоо мекемелерине берүү үчүн дары-дармек каражаттарын бөлүштүрүүнү түзгөн адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Саламаттык сактоо министрлиги менен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттик каражаттардын эсебинен жана COVID 19 коронавирус инфекциясын алдын алуу жана күрөшүү боюнча иш-чаралар алкагында жана башка булактардын эсебинен сатылып алынган каражаттардын натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланылышын камсыз кылышсын.

Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан алынган дары-дармек препараттарынын талап кылынбагандыгына жана колдонуу мөөнөтү жакын арада аяктай тургандыгына байланыштуу кайра кайтарылсын.

ММКФ Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан саламаттык сактоо уюмдарына келип түшкөн дары-дармектрединк алдыктарына дайыма туруктуу мониторинг жүргүзсүн, ал жерде колдонуу мөөнөтү аяктоо тобокелдиктери бар.

СОВИД-19 менен ооругандарды дарылоо үчүн Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жана Дары-дармек жана медициналык техникалар менен камсыздоо департаменти тарабынан сатылып алынган дары-дармектер боюнча материалдар укуктук баа берүү үчүн, Кыргыз Республикасынын прокуратурасына берилсин.

**Аныкталды**

*Кургак учукту профилактикалоо жана реабилитациялоо шаардык балдар борборунун* башкы дарыгери Н.Т. Тешебаевага иштен бошонуу буйругу жок туруп, 103,6 миң сом өлчөмүндө иштен чыкканда берилүүчү жөлөк пул төлөнгөн.;

*Бишкек шаарынын перинаталдык борборунун кызматкерлерине* ченемге салынган жумуш убактысынан суткасына 4 саатка ашык 124,3 миң сом төлөнгөн;

РЦН боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларында каралбаган төлөнүүчү кошумча эмгек өргүүсүн берүү үчүн - 102,9 миң сом, РЦПЗ боюнча - 3376,2 миң сом негизсиз төлөм аныкталган.

**Сунуш**

Иштен чыккандагы жөлөк пулду, кезектеги эмгек өргүүсүн төлөө, жумуш убактысынын ченеми, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана башка ченемдик актыларына ылайык так жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Саламаттык сактоо министрлиги нин 2019-жылдын 1-февралындагы №52 жана ММКФнын 2019-жылдын 1-февралындагы №33 “Кыргыз Республикасынын баштапкы медициналык-санитардык жарадм тутумундагы медициналык жана медициналык эмес персоналдардын шататтык ченемдерин бекитүү жөнүндө” буйруктарын бузуу менен:

- *Бишкек шаарынын Свердлов райондук Үй-бүлөлүк медицина борбору тарабынан,* 1,5 штаттык бирдик санындагы стоматолог кызматы негизсиз киргизилген, ал жерде негизсиз төлөнгөн эмгек акы 159,8 миң сом;

- *Бишкек шаарынын Ленин райондук бириктирилген Үй-бүлөлүк медицина борбору тарабынан,* эмгек келишими боюнча жалданган кызматкерлерге көрсөтүлгөн ченемдик актылардан ашык 195,2 миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Корутунду**

Бишкек шаарынын Свердлов райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда штаттан ашык бирдикти күтүү жана Бишкек шаарынын Ленин райондук бириктирилген Үй-бүлөлүк медицина борборунда эмгек келишими боюнча жалданган кызматкерлерге ченемден ашык эмгек акыны эсептөө аныкталган.

**Рекомендация**

Бишкек шаарынын Свердлов райондук Үй-бүлөлүк медицина борбору штаттык жүгүртмөнү көрсөтүлгөн ченемдик актыларга ылайык келтирсин.

Ленин райондук бириктирилген Үй-бүлөлүк медицина борбору мындан ары:

- бош штаттык бирдиктер болгондо, кызмат көрсөтүү жөнүндө эмгек келишимин түзүү токтотулсун;
- эмгек келишими боюнча төлөм, тиешелүү мыйзам менен бекитилген ченемдин чегинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтомун бузуу менен:

- Бишкек шаарындагы №6 тиш дарылоо бейтапканасы тарабынан топтолгон эмгек акынын үнөмдөлгөн бөлүгүн эске албастан, башкы врачка жана башкы бухгалтерге 2021-жылдын 1-кварталына карата эмгек акыларына 18,0 миң сом жана 17,0 миң сом кошуп төлөө белгиленген, бардыгы болуп 105,0 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Корутунду**

Кошуп төлөө ар бир кызматкредин эмгекке катышуусун эске алуу менен, топтолгон эмгек акынын үнөмдөлгөн бөлүгүнөн, бейтапкананын бардык кызматкерлерине жүргүзүлүшү керек.

**Сунуш**

Кошуп төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтомуна ылайык, ар бир кызматкердин эмгекке катышуусуна жараша төлөнүшү керек.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесин бузуу менен, Темир жол ооруканасы тарабынан «Алтын Тамыр» ЖЧКсына 6,3 миң сом өлчөмүндө кепилдик камсыздоо кайтарылган.

**Сунуш**

Сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүнү талаптары талаптары так сакталсын.

**ТМБлардын сакталышы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомун бузуу менен:

- Улуттук Энеликти жана балалыкты коргоо борбору тарабынан мамлекеттик номери 22-07 ВС VW – Пассат автомобилине жана мамлекеттик номери ВВ0770 Мерседец Бенц Е220 автомобилине КММ чыгымдарынын ченемдери 87,7 миң сом суммасында 2354 литрге ашырылган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтому менен белгиленген ченемдер сакталган эмес.

**Сунуш**

КММ эсептен чыгаруу ченемдери жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды**

Медициналык тез жардам клиникалык ооруканасында балансta турган айрым объектилер боюнча шаар куруу документтери жок, анын ичинен, балanстык наркы 94,2 миң сом жана 75,9 миң сом болгон дүкөндөр.

**Корутунду**

“Кыргыз Республикасындагы шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесин аткарбоо менен, балансta турган айрым объектилер боюнча шаар куруу документтери жок, анын ичинен, балanстык наркы 94,2 миң сом жана 75,9 миң сом болгон дүкөндөр.

**Сунуш**

Балансta турган айрым объектилер боюнча шаар куруу документтери жок, анын ичинен, балanстык наркы 94,2 миң сом жана 75,9 миң сом болгон дүкөндөрдү “Кыргыз Республикасындагы шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Медициналык тез жардам клиникалык ооруканасына 315,0 миң сомго 100 000 даана хирургиялык, медициналык бет каптар келген, аларды

колдонуу мөөнөтү 2022-жылдын апрелине чейин. Бирок, бет каптар колдонуу мөөнөтү бүткөнүнө карабастан, колдонуу үчүн берилген, ал боюнча кабыл алуу актысы жок.

**Корутунду**

Дары-дармек камсыздоо департаменти тарабынан 15.04.2022-жылдагы №124 коштомо кагаз менен, колдонуу мөөнөтү 2022-жылдын апрелине чейинки бет каптар берилген.

**Сунуш**

Колдонуу мөөнөтү бүткөн, 315,0 миң сомго 100 000 даана медициналык бет каптарды андан ары колдонуу үчүн берген жана кабыл алган Дары-дармек камсыздоо департаментинин жана Бишкек травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунун кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Медициналык тез жардам клиникалык ооруканасында тамак-аш продуктысынын айрым түрлөрү боюнча 9,6 миң сом суммасында ашыкчалар *(уй эти 23,14 кг – 9,6 миң сом)* аныкталган, алар аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча киришетелген.

**Корутунду**

Тамак-аш продуктысынын айрым түрлөрү боюнча 9,6 миң сом суммасында ашыкчалар *(уй эти 23,14 кг – 9,6 миң сом)* аныкталган, алар аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча киришетелген.

**Сунуш**

Тамак-аш продуктыларын кабыл алуу жана берүү боюнча контролду күчөтүү чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

Шаардык балдар тез жардам клиникалык ооркуканыны кампасында жана бөлүмдөрүндө, кампа башчысы В. КУрбановда 1,3 миң сомго шейшептердин жана жаздык тыштардын кем чыгуусу аныкталган (калабына кеелтирлди).

**Сунуш**

ТМБлардын сакталышына контроль күчөтүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемия менен күрөшүүгө жана аларды профилактикалоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө каражаттарды чыгымдоо тартиби жөнүндө" токтомунун 2, 8, 9 жана 10-пункттарына ылайык, эпидемия менен күрөшүүгө жана аларды профилактикалоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө келип түшкөн каражаттарды чыгымдоо, республикалык бюджеттен эпидемия менен күрөшүүгө жана аларды профилактикалоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө бөлүнгөн финансылык каражаттардын ичинен жүргүзүлүшү керек

COVID-19 коронавирус инфекциясы учурунда *Улуттук кардиология жана терапия борборунда* тамак-аш продуктыларын жана дары-

дармектердин чыгымдалышына жүргүзүлгөн аудитте, төмөндөгүлөр аныкталган:

- кайрадан ачылган кызыл зона үчүн, дары-дармектерге, коргоо костюмдарына жана башка медициналык буюмдарга жана материалдарга ММК каражаттарынан 24 469,5 миң сом чыгымдалган;
- кызыл зонадагы оорулуулардын тамак-ашына бюджеттик каражаттардан 687,1 миң сом чыгымдалган.

**Корутунду**

*Улуттук кардиология жана терапия борборунда*

COVID-19 коронавирус илдетине байланыштуу, Улуттук кардиология жана терапия борборунда ММКФнын каражатынын эсебинен 24469,5 миң сом колдонулган

**Сунуш**

Дары-дармекке - 24 469,5 миң сом, тамак-ашка - 687,1 миң сом, бардыгы болуп 25 156,6 миң сом чыгымдалган каражаттарды Республикалык бюджеттин эсебинен Улуттук кардиология жана терапия борборунун эсебине калыбына келтирилсин.

**Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери**

**Аныкталды**

Саламаттык сактоо мекемелери тарабынан, электр энергиясын жана жылуулук энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Алсак, белгиленген ченемден ашык керектөө:

Кургак учукту профилактикалоо жана реабилитациялоо шаардык балдар борборунда - 50,4 миң сом сомго 19,0 миң кВт/саат, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасында - 486,9 миң сомго 197,7 миң кВт/саат, Улуттук госпиталда - 852,3 миң сомго 338,2 миң кВт/саат;

- Шаардык перинаталдык борбордо жылуулук энергиясы 127,7 миң сомго 67,3 миң Гкал, Шашылыш медицина борборунда - 243,7 миң сомго 135,24 миң Гкал, Улуттук энеликти жана балалыкты коргоо борборунда - 1233,5 миң сомго 225,5 миң Гкал, Улуттук госпиталда - 367,8 миң сомго 172,7 миң Гкал.

**Корутунду**

Саламаттык сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөөгө бекитилген лимиттер сакталбайт.

**Сунуш**

Электр энергиясын керектөөгө бекитилген лимиттер сакталсын.

**Аныкталды**

2021-жылы керектелген электр энергиясы жана жылуулук энергиясы үчүн өз убагында төлөбөгүндүгү үчүн:

- Улуттук онкология жана гематология борборуна “Түндүк электр” ААКсы тарабынан - 132,5 миң сом жана “Бишкек жылуулук тармагы” ААКсы тарабынан - 259,0 миң сом, бардыгы болуп 391,5 миң сом суммасындагы олуттуу туумдар эсептелген;
- Бишкек шаарынын Тез жардам балдар клиникалык ооруканасына

электр энергиясы үчүн - 21,4 миң сом, жылуулук энергиясы үчүн - 125,1 миң сом, сууну пайдалангандыгы үчүн - 11,1 миң сом, бардыгы болуп 157,6 миң сом туум эсептелген.

**Корутунду**

2021-жылы электр жана жылуулук энергиялары үчүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн, Улуттук онкология жана гематология борборуна - 391,5 миң сом, Бишкек шаарынын Тез жардам балдар клиникалык ооруканасына - 157,6 миң сом туум эсептелген.

**Сунуш**

ММКФ бюджетинин каражаттарынан каржыланган Улуттук онкология жана гематология борборуна таандык мекемелерге карата, коммуналдык кызматтарга өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумду төлөө мүмкүн эместиги жөнүндө коммуналдык кызмат менен жабдуучулар менен иш жүргүзсүн, ошондой эле, коммуналдык кызмат менен жабдуучулар тарабынан көрсөтүлгөн туумдарды эсептен чыгаруу жана туумдарын көрсөтүлгөн суммаларын мекеменин активдерине калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

## 01.01.2021-жылдан 31.12.2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата ММКФнын Чүй жана Талас областындагы ведомстволук уюмдары

***ММКФ бюджетинин каражаттары боюнча акча каражаттарынын калдыктары***

**Аныкталды**

2021-жылдын 31-декабрына карата Чүй аймактык башкармалыгы боюнча ММКФ бюджетинин каражаттары боюнча - 144,4 миң сом акча каражаттарынын калдыктарынын болушу аудит тарабынан белгиленген: Ивановка айылындагы РДПБ – 136,4 миң сом жана Арчалы айылындагы ЧОДТБ – 6,1 миң сом (кайрадан уюштуруу жыйынтыгы боюнча ), Кара-Балта шаарындагы РПТБ – 3,7 миң сом (төлөм кодун туура эмес көрсөтүүгө байланыштуу кайтаруу себеби боюнча).

Талас аймактык башкармалыгы боюнча өздөштүрүлбөгөн каражаттар 3 саламаттык сактоо уюмунда жалпы 466,1 миң сомду түзгөн (бюджеттик каражаттар - 447,1 миң сом, жылдын акыркы күнүдө каржылоо менен байланыштуу; атайын эсептин каражаттары - 19,0 миң сом).

**Корутунду**

2021-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча, акча каражаттарынын калдыктары түрүндө өздөштүрүлбөгөн каражаттардын болушу, анын ичинен, ММКФнын Чүй аймактык башкармалыгы боюнча - 144,4 миң сом, анын ичинен, Талас боюнча аймактык башкармалыгы боюнча мекемелерди кайрадан уюштуруунун натыйжасында - 466,1 миң сом, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча - 447,1 миң сом, жылдын акыркы күнүдө каржылоо менен байланыштуу).

**Сунуш**

Чүй аймактык башкармалыгы боюнча 140,7 миң сом суммасындагы акча каражаттарын алуу менен, жоюлган саламаттык сактоо уюмдарынын эсептери жабылган.

Талас боюнча аймактык башкармалыгы боюнча саламаттык сактоо уюмдарын өз учурунда каржылоо боюнча чаралар көрүлсүн. Кредиттик карызды жана каражаттардын болжолдонгон келип түшүү көлөмүн эске алуу менен, 2022-жылы каржылоону жүргүзүүдө жалпы 466,1 миң сом суммасындагы өздөштүрүлбөгөн каражаттардын калдыктарынын болушу эске алынсын.

**<u>Эмгек акы</u>**

**Аныкталды**

Чүй областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдагы №246 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө" Жобону бузуу менен, айрым кызматкерлерге факты жүзүндө жүзүндө иштебеген жумуш убактысы үчүн, 248,4 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөөгө жол берилген.

Панфилов районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесин бузуу менен, 3 дарыгерге белгиленген ченемден ашык ашыкча ээленген коюмдар үчүн 78,0 миң сом төлөнгөн.

Ушундай эле, Кемин шаарындагы Республикалык №1 Кургак учук менен ооругандарга паллиативдүү жардам көрсөтүү ооруканасында экимедициналык кызматкерге белгиленген коюмдан ашык 39,9 миң сом чегерилген. Токмок шаарындагы жалпы дарыгердик практика борборунда белгиленген ченемден ашык ашыкча ээленген коюмдар үчүн 61,5 миң сом төлөнгөн (балдар бөлүмүнүн башчысы 1,5 ченемдин алдында 1,75 коюмду ээлеген, анын натыйжасында, белгиленген ченемден ашык 0,25 коюм төлөнүп, бул болсо 23411 сомду түзгөн; реанимация бөлүмүнүн башчысына белгиленген ченемден ашык 0,25 коюм – 26336 сом төлөнгөн; неврологиялык бөлүмдүн башчысына белгиленген ченемден ашык 0,25 коюм – 11749 сом төлөнгөн;

Бакай-Ата районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда эмгек акынын туура эсептелишине жүргүзүлгөн тандалма аудитте, №1 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымына эмгек өргүү учурунда эмгек акысын сактабастан, 5 күнгө ченемден ашык 2,0 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөнгөн (калыбына келтирилди). Кабыл алуу бөлүмүнүн медайымы З. Турсуновагы 09.10.2021-жылга чейинки колдонуу мөөнөтү менен 1-категориядагы сертификаты болуп туруп, ноябрь – декабрь айларынын эмгек акысы бул категория боюнча толугу менен төлөнгөн, же ай сайын 1 950 сом

ашыкча төлөнгөн. Натыйжада, эки ай үчүн **3,9** миң сом ашыкча төлөнгөн (калыбына келтирилди).

**Корутунду**

Чүй областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда факты жүзүндө жүзүндө иштебеген жумуш убактысы үчүн, 248,4 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөөгө жол берилген.

Панфилов районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесин бузуу менен, 3 дарыгерге белгиленген ченемден ашык ашыкча ээленген коюмдар үчүн 78,0 миң сом төлөнгөн. Кемин шаарындагы Республикалык №1 Кургак учук менен ооругандарга паллиативдүү жардам көрсөтүү ооруканасында эки медициналык кызматкерге белгиленген коюмдан ашык 39,9 миң сом чегерилген. Токмок шаарындагы жалпы дарыгердик практика борборунда белгиленген ченемден ашык ашыкча ээленген коюмдар үчүн 61,5 миң сом төлөнгөн.

Бакай-Ата районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда эмгек өргүү учурунда эмгек акысын сактабастан, 5 күнгө ченемден ашык 2,0 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөнгөн (калыбына келтирилди). Кабыл алуу бөлүмүнүн медайымы З. Турсуновага сертификаты жок туруп, ноябрь – декабрь айларынын эмгек акысы 3,9 миң сомго ашыкча төлөнгөн (калыбына келтирилди).

**Сунуш**

Жумуш убактысынын нормалдуу узактыгынан сырткары иштөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин талаптарын бузууга жол берилбесин.

Эмгек акыны эсептөөдө, Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №182 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын эмгегине төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптары такт сакталсын.

**Аныкталды**

Сокулук районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда жогорку билими бар кызматкер катары кадрлар бөлүмүнүн начальнигине базалык кызматтык маяна коюлган (жогорку билими жок). Буга байланыштуу, 15,9 миң сом суммасындагы эмгек акы негизсиз төлөнгөн. Ошондой эле, Саламаттык сактоо министрлигинин 08.07.2011-жылдагы №354 "Эмгек акы боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" буйругунун (28.11.2011-жылдагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) талаптарын бузуу менен, ишти айкалыштыргандыгы боюнча контракттык негизде төлөөдө, 20,0 миң сом негизсиз төлөнгөн (калыбына келтирилди)

**Корутунду**

Сокулук районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда базалык маянаны жогорулатуунун натыйжасында, кадрлар бөлүмүнүн начальнигине 15,9 миң сом суммасындагы эмгек акы негизсиз төлөнгөн. Ошондой эле,

ишти айкалыштыргандыгы боюнча контракттык негизде төлөөдө, 20,0 миң сом негизсиз төлөнгөн (калыбына келтирилди)

**Сунуш**

Мындан ары, Саламаттык сактоо министрлигинин 08.07.2011-жылдагы №354 "Эмгек акы боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" буйругунун (28.11.2011-жылдагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) талаптары так сакталсын, негизсиз эмгек акы төлөөгө жол берилбесин.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, кызматкерлерге оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары үчүн кошуп төлөө, жумуш орундарына аттестация өткөрүлбөстөн жүргүзүлгөн:

- Ысык-Ата районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 1 123,5 миң сом;
- Сокулук районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 37,4 миң сом;
- Кемин районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 73,2 миң сом.

**Корутунду**

Дарылоо мекемелери тарабынан оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары үчүн кошуп төлөөнү белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары толук өлчөмдө сакталбайт.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, жумуш орундарына аттестация өткөрбөстөн туруп, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошуп төлөө токтотулсун.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө" Жобонун 33 жана 34-беренелерин бузуу менен, Ивановка айылындагы Республикалык балдар психиатриялык ооруканасында Медициналык кызматкердин күнүнө карата жалпы 65,0 миң сом суммасында сый акы төлөнгөн.

Талас областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда ушул Жобонун 5-пунктун бузуу менен, медициналык кызматкерлер менен эмгек келишимин түзүүдө, кошумча функционалдуу милдеттер жүктөлгөн эмес. Анын натыйжасында, аудит мезгили исинде базалык эмгек акыдан ашык 1 247,5 миң сом негизсиз төлөнгөн (анын ичинен, Социалдык фондго чегерүү - 183,5 миң сом), анын ичинен: эмгек акы боюнча – 1 105,8 миң сом, анын ичинен: Соцфондго чегерүүлөр 162,7 миң сом, сый акылар - 141,7 миң сом, анын ичинен Социалдык фондго чегерүүлөр - 20,8 миң сом).

Манас районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда (ЖДПБ) ушул Жобонун 5-пунктун бузуу менен, директордун орун басары И.Т. Акбердиевге - 75,0 миң сом, башкы бухгалтер А.А. Артыкбаевага - 75,0 миң сом, бардыгы болуп 150 миң сом конкреттүү жумуштарды көрсөтпөстөн төлөнгөн. Мындан сырткары, Манас районунун ЖДПБ жетекчиси тарабынан эмгек келишими боюнча бухгалтериянын 4 кызматкерине 5 айлык кошумча иштер үчүн, бардыгы болуп 91,0 миң сом конкреттүү жумуштарды көрсөтпөстөн эсептелген (Касымова Д.Ж. – 24,2 миң сом, Турсунбекова Ж.Б. - 21,2 миң сом, Жакаева Б.К. – 20,6 миң сом, Сакелова Н.К. – 25,0 миң сом). Ошентип, аудит мезгили ичинде 241,0 миң сом негизсиз төлөнгөн.

Ч. Мамбетов атындагы Талас областтык бириктирилген ооруканасында административдик-башкаруу персоналдарына, финансылык бөлүмүнүн кызматкерлерине жана айрым медициналык кызматкерлерге жалпы 422,8 миң сом суммасында, анын ичинен Социалдык фондго - 62,2 миң сом кошумча эмгек акы эсептөө фактылары аныкталган.

**Корутунду**

Эмгек акы, сый акы төлөөдө, ошондой эле медициналык кызматкерлер менен эмгек келишимин түзүүдө, дарылоо мекемелери тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө” Жобонун талаптары толук эмес көлөмдө сакталат.

**Сунуш**

Эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө” токтому жетекчиликке алынсын.

**<u>Кем чыгуу</u>**

**Аныкталды**

Жүргүзүлгөн инвентаризациянны жыйынтыгы боюнча төмөндөгүлөрдө кем чыгуулар аныкталган:

- Кемин районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда тамак-аш продуктылары - 2,8 миң сомго (калыбына келтирилген);

- Кемин шаарындагы Республикалык №1 Кургак учук менен ооругандарга паллиативдүү жардам көрсөтүү ооруканасында тамак-аш продуктылары - 2,0 миң сомго (калыбына келтирилген);
- Бакай-Ата райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда тамак-аш продуктылары - 1,9 миң сомго (калыбына келтирилген);
- Чүй областтык бириктирилген ооруканасында тамак-аш продуктылары жана дары-дармек каражаттары жана медикаменттер - 20,1 миң сомго. Мындан сырткары, 7,9 миң сом суммасында ашыкча каражаттар аныкталган (кем чыгуулар калыбына келтирилген, ашыкчалар бухгалтердик эсеп боюнча кириштелген).

**Корутунду**

Медициналык мекемелерде тамак-аш продуктыларынын жана медикаменттердин чыгымдалышына талаптагыдай котнтролдоо камсыздалган эмес, бул болсо, кем чыгуулардын пайда болуу учуруна алып келет.

**Сунуш**

Товардык-материалдык баалуулуктардын чыгымдалышына контролдоону камсыздоо максатында, бухгалтердик эсептин маалыматтары менен алардын калдыктарына салыштыруу жүргүзүлсүн.

**<u>Мамлекеттик сатып алуулар</u>**

**Аныкталды**

Сокулук районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулар планы түзүлгөн эмес, ошондой эле, товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда рыноктук орточо баага мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Панфилов районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулар планы түзүлгөн эмес, ошондой эле, товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Аламүдүн районунун Арашан айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, келишимди түз түзүү ыкмалары менен конкурстар бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн өткөрүлгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алуулар планын түзүү жана товардык-материалдык баалууктарды сатып алууда, рыноктук орточо баасына мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө, Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасында 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мамлекеттик сатып

алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, конкурстук комиссиянын курамына сертификаты бар, адис кирген эмес.

**Сунуш**

Мындан ары, 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 4-бөлүгү менен белгиленген талаптар сакталсын.

**Аныкталды**

Талас областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда 2021-жылдын 20-декабрында келишимди түз түзүү ыкмасы менен, 2 600,0 миң сом суммасындагы УЗИ аппаратын сатып алуу боюнча №211220312566929 конкурс жарыяланган. Бирок, бул сатып алуу 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгү менен аныкталган жагдайга туура келбейт, демек, сатып алуу мыйзам талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн.

Талдоо, жыл ичинде мамлекеттик сатып алуулардын электрондук порталына, 12 568, миң сом суммасындагы пландалган сатып алуулар менен 51 конкурстук тоорук берилгенин көрсөттү. Мында, өткөрүлгөн тооруктар боюнча түзүлгөн келишимдер жана контракттардын суммасы 10 439,1 миң сомду, же айырма 2 129,1 миң сомду түзгөн. Демек, сатып алуулардын баштапкы болжолдонгон суммасы, бааларды бир кыйла жогорулатуу менен, бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн белгиленет деп, аудит белгилейт.

**Сунуш**

Мындан ары, 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сатып алуулар ыкмасын туура аныктоо жана бааларга мониторинг жүргүзүү бөлүгүндөгү талаптар так сакталсын.

**Аныкталды**

Талас районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, келишимди түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү, талаптагыдай жүргүзүлгөн эмес, сатылып алынып жаткан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бааларына мониторинг жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, сатып алуучу уюм тарабынан ынтаасыз иштеген жабдуучуларды жана «АБК Голд» ЖЧКсынын консультанттарын маалыматтар базасын киргизүү демилгеленген эмес.

**Сунуш**

Мындан ары, 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын тиешелүү ченемдери так сакталсын.

**Аныкталды**

Ч. Мамбетов атындагы Талас областтык бириктирилген ооруканасында Финансы министрлигинин 18.11.2020-жылдагы №116-б “Кыргыз

Республикасынын майыптар коомунун ишканалары чыгарган товарлардын көлөмүн жана ассортименттердин тизмесин бекитүү жөнүндө" буйругун бузуу менен, «Адилеттуу Биримдик» КУ чыгарган 258,7 миң сом суммасындагы товарларды жеткирүүдө баалар 46,2 миң сомго ашырылган, анын ичинен:

- Матрацтар 50 даана - 17,4 миң сом;
- Жалаяктар 150 даана – 8,1 миң сом;
- Шейшептер 50 даана – 4,9 миң сом;
- Хирургиялык халаттар 50 даана – 15,8 миң сом.

**Сунуш**

Мындан ары, майыптар коомунун ишканалары чыгарган товарларды сатып алууда, Финансы министрлигинин "Кыргыз Республикасынын майыптар коомунун ишканалары чыгарган товарлардын көлөмүн жана ассортименттердин тизмесин бекитүү жөнүндө" буйругу так жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды**

Ч. Мамбетов атындагы Талас областтык бириктирилген ооруканасында мамлекеттик сатып алууларга жүргүзүлгөн тандалма аудитте, 2021-жылдын 22-декабрында копьютердик техниканы сатып алуу боюнча №211222313288427 конкурс жарыялангандыгы аныкталган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча жеңүүчү «СмарТех» ЖЧКсы менен, 15 принтерди жеткирүү боюнча 300,0 миң сом суммасында келишим түзүлгөндүгү аныкталган. Аудит учурунда «СмарТех» ЖЧКсы өз милдеттерин аткарган эмес, бирок бул субъект 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, сатып алуучу уюм тарабынан ынтаасыз иштеген жабдуучуларды жана консультанттарын маалыматтар базасын киргизилген эмес.

**Сунуш**

2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, «СмарТех» ЖЧКсын ынтаасыз иштеген жабдуучуларды жана консультанттарын маалыматтар базасына киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**<u>Коммуналдык чыгымдар</u>**

**Аныкталды**

Чүй областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда 18,0 миң сом суммасында 10,0 миң Гкал. жылуулук энергиясын ашыкча чыгымдоого жол берилген, Ысык-Ата районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 617,5 миң сом суммасында 241,2 миң Гкал., Сокулук райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 278,8 миң сом суммасында 108,9 миң Гкал., Токмок шаарынын Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 29,1 миң сом суммасында жаратылыш газы жана 2 988,6 миң сом суммасында жылуулук энергиясы, Панфилов районунун Жалпы дарыгерлик практика

борборунда - 198,0 миң сом суммасында 81,2 миң кВт/саат электр энергиясы, Кемин районунун Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 2 827,7 миң сом суммасында 1 117,7 миң кВт/саат электр энергиясы, Аламүдүн районунун Арашан айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 27,9 миң сом суммасында 10,7 миң кВт/саат электр энергиясы, Чүй областтык Кургак учук менен күрөшүү борборунда - 36,8 миң сом суммасында 20,4 миң Гкал. жылуулук энергиясы, Суусамыр айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 192,5 миң сом суммасында 76,7 миң кВт/саат электр энергиясы, Кара-Буура районундагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 528,3 миң сом суммасында 210,5 миң кВт/саат электр энергиясы, Бакай-Ата районундагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 510,4 миң сом суммасында 201,7 кВт/саат электр энергиясы, Манас районундагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 277,9 миң сом суммасында 96,5 миң кВт/саат электр энергиясы, Ч. Мамбетов атындагы Талас областтык бириктирилген ооруканасында - 1 563,2 миң сом суммасында 619,8 миң кВт/саат электр энергиясы

**Корутунду**

Саламаттык сактоо мекемелери тарабынан коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери ашырылган.

**Сунуш**

Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттерин ашыруу себеби талдансын, анын жыйынтыгы боюнча аларды үнөмдөө чаралары иштелип чыксын.

**<u>Башка бузуулар</u>**

**Аныкталды**

Сокулук райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.04.2020-жылдагы № 194 токтому менен бекитилген, “Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө Жобонун жана 2020-жылдын 11-майындагы № 249 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, оорулууларды тамак-аш менен камсыз кылууга багытталган тамак-аш продуктылары, топтолгон бюджеттен 1 682,6 миң сом суммасында чыгымдалган.

**Сунуш**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.04.2020-жылдагы № 194 токтому менен бекитилген, “Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө” Жобонун жана 2020-жылдын 11-майындагы № 249 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын

жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.04.2020-жылдагы № 194 токтому менен бекитилген, "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө Жобонун жана 2020-жылдын 11-майындагы № 249 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, оорулууларды тамак-аш менен камсыз кылууга багытталган тамак-аш продуктылары, казармалык абалда болушкан, COVID-19 менен күрөшүү жана алдын алуу боюнча ишке тартылган кызматкерлерди камсыздоого, ЖДПБнын топтолгон бюджетинин эсебинен 161,6 миң сом суммасында чыгымдалган.

**Сунуш**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды чыгымдоо, чыгымдардын бюджеттик классификациясына ылайык жүргүзүлсүн. "кызыл зонадагы" жана обсервация бөлүмүндөгү медициналык персоналдардын тамак-ашы, Эпидемиологиялык фонддун каражаттарынан камсыздалсын.

**<u>ММКФнын Чүй аймактык башкармалыгы</u>**

**Аныкталды**

Саламаттык сактоо министрлигинин 06.12.2016-жылдагы №879 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдарын аккредитациялоо тутуму жөнүндө" Жобону бузуу менен, Арашан айылындагы ЖДПБ кесиптик ишин жүргүзүү үчүн, саламаттык сактоо уюмунун компетенттүүлүгүн таануунун расмий жол-жобосу катары аккредитациядан өткөн эмес.

**Корутунду**

Саламаттык сактоо министрлигинин 06.12.2016-жылдагы №879 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдарын аккредитациялоо тутуму жөнүндө" Жобону бузуу менен, Арашан айылындагы ЖДПБ аккредитациядан өткөн эмес.

**Сунуш**

Арашан айылындагы ЖДПБнын аккредитациядан өтпөгөндүгү жөнүндө маселе каралсын.

**Аныкталды**

01.01.2022-жылга карата Чүй областынын саламаттык сактоо уюмдарынын дебитордук карызы 7 254,9 миң сомду түзгөн. Ушул эле датага карата, Чүй областынын саламаттык сактоо уюмдарынын кредиттик карызы 27 871,1 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

ММКФнын Чүй аймактык башкармалыгынын маалыматтары боюнча, 01.01.2022-жылга карата Чүй областынын саламаттык сактоо уюмдарынын дебитордук карызы 7 254,9 миң сомду түзгөн. Аны өндүрүү чаралары натыйжасыз жана жакшы натыйжага алып келген эмес.

**Сунуш**

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген Чүй областынын саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери тарабынан, жалпы 7 254,9 миң сом суммасындагы дебитордук карызды тезинен өндүрүү жана мындай учурларга жол бербөө боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Аудит тарабынан, кызматкерлердин 104,3 миң сом ашык кармалганы аныкталган, анын ичинен: жеке киреше салыгы боюнча - 55,0 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча - 49,3 миң сом.

**Корутунду**

Аудит тарабынан, кызматкерлердин 104,3 миң сом ашык кармалганы аныкталган, анын ичинен: жеке киреше салыгы боюнча - 55,0 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча - 49,3 миң сом.

**Сунуш**

“Негизи административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган талаптардын жана шарттардын сакталышы камсыздалсын жана ашыкча кармалаган 55,0 миң сом суммасындагы жеке киреше салыгы жана 49,3 миң сом суммасындагы Социалдык фондго төгүмдөр калыбына келтирилсин.

Панфилов райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору

Аудит тарабынан, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн бир жолку төлөмдөр боюнча 4 жеке адамга кошумча эсептелди: жеке киреше салыгы – 9,7 миң сом жана Социалдык фондго төгүмдөр - 10,3 миң сом.

**Сунуш**

Тиешелүү бюджетке которулсун: жеке киреше салыгы – 9,7 миң сом жана Социалдык фондго төгүмдөр - 10,3 миң сом.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

2021-жылга карата ЛКК чечими менен, 58 адам 146,1 миң сом суммасындагы кошумча төлөөдөн бошотулган. Ошондой эле, уруксатсыз кеткен 21 адам 35,9 миң сом суммасындагы кошумча төлөөнү төлөгөн эмес. аудит мезгили ичинде 182,0 миң сом суммасындагы кошумча төлөм жеткире түшкөн эмес.

Кемин райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Аудит мезгили ичинде 20 адам уруксатсыз кетишкен же башка стационарга которулушкан, анын натыйжасында, кошумча төлөө каражаттарынын жоготуусу 35,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, кошумча төлөө каражаттарын төлөөдөн бошонуунун негиздүүлүгү так контролдонсун, бюджеттин жоготуусуна жол берилесин.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Статистикалык маалыматтарга салыштырмалуу, меню-раскладка боюнча оорулуулардын санын 407 адамга жогорулатуунун натыйжасында (врач-диетологдун түшүндүрмөсү боюнча жумадан дүйшөмбүгө чейин тамак-аш боюнча табыштама беш күн фактысы боюнча берилет) бюджеттин 34,1 миң сом өлчөмүндө жоготуусуна жол берилген.

**Сунуш**

Мындан ары, статистикалык маалыматтар боюнча даярдалган тамак-аштын санына контолдоо жүргүзүлсүн жана бюджеттин жоготуусуна жол берилбесин.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Тамак-аш продукыларын жабдуучулар боюнча дебитордук жана кредиттик карыздын бурмалоосуна жол берилген. Алсак, баластын маалыматтары боюнча дебитордук карыз 368,1 миң сом, мында, факты жүзүндө дебитордук карыз – 287,4 миң сом, же айырма - 80,7 миң сом. Баланстын маалыматтары боюнча кредиттик карыз жок, бирок ошол эле чурда факты жүзүндө кредиттик карыз 155,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Карыздын факты жүзүндөгү суммаларына ылайык, бухгалтердик эсеп боюнча оңдоолор киргизилсин.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Салык эмес кирешелер жөнүндө” 101-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, жайдын ижарасынан келип түшкөн 5,2 миң сом суммасындагы каражаттар ЖДПБнын керектөөсүнө чыгымдалган.

**Сунуш**

Жайдын ижарасынан келип түшкөн 5,2 миң сом суммасындагы каражаттар тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

ЖДПБ мурда жайгашкан имараты Ивановка айыл өкмөтүнө тиешелүү (Ысык-Ата мамлекеттик каттоо мекемесинин 18.01.2012-жылдагы № 201299 каттоосу менен, жер участкасын мөөнөтсүз колдонуу жөнүндө сериясы Б №015041 мамлекеттик акт). Бирок, Саламаттык сактоо министрлигинин 12.10.2021-жылдагы № 1430 буйругуна ылайык, Республикалык психиатрия жана наркология борборунун каражаттарынын эсебинен имаратка 1,0 бирдик – кампа башчысы жана 2 бирдик – кароолчу күтүлгөн, ал жерде мурда ЖДПБ жайгашкан.2021-жылдын сентябрынан 2022-жылдын майына чейин эмгек акы түрүндө 197,0 миң сом төлөнгөн, демек, Социалдык фондго чегерүү 33,9 миң сомду (17,25 %) түзгөн рационалдуу эмес пайдаланылган каражат - 230,9 миң сом.

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлиги: ЖДПБ мурда жайгашкан имаратты

аныкташы керек. Ага зарылчылык жок болгон учурда, имаратты Ивановка айыл өкмөтүнүн карамагына берилсин жана Республикалык психиатрия жана наркология борборунун каражаттарынын эсебинен күтүлгөн жана киргизилген 3 штаттык бирдик кыскартылсын.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

31.12.2021-жылга карата баланс боюнча дебитордук карыздын жалпы суммасы: РЭС - 35,7 миң сом, мурунку сестра-хозяйка Ч. Кочорбаеваны тамак-аш продуктысы жана башка материалдык баалуулуктар боюнча кем чыгууларынын төлөнбөгөн суммасы - 35,3 миң сом

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлиги: мекеме жоюлгандыгына байланыштуу, мурунку сестра-хозяйка Ч. Кочорбаевадан 35,3 миң сомду өндүрүү боюнча чаралар ды көрсүн. РЭСтин 35,7 миң сом суммасындагы дебитордук карызы Республикалык психиатрия жана наркология борборуна берилгендигин эске алынсын.

***<u>ММКФнын Талас аймактык башкармалыгы</u>***

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

2021-жылга меню-раскладкада көрсөтүлгөн оорулуулардын санын статистикалык маалыматтар менен бириктирүү аркылуу, статистикалык маалыматтар боюнча оорулуулардын санынан меню-раскладка боюнча оорулуулардын саны 40 койка күнүнө көп экендиги аныкталган, же бюджеттин жоготуусу 4,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, даярдалган тамак-аштын саны оорлуулардын факты жүзүндөгү санына ылайык болушуна катуу контролдоо жүргүзүлсүн.

**Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду**

Талас областынын капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан Көк-Сай айылындагы Ч. Мамбетов атындагы Талас областтык бириктирилген ооруканасынын (ТОБО) имаратына 48 043,1 миң сом суммасында капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн, анын ичинен: “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” КФнын каражаттарыын эсебинен 46 043,1 миң сомго каржыланган, ошондой эле, бюджеттик каражаттардын эсебинен 2 000,0 миң сомго каржыланган.

Аудит учурунда аткарылган иштер кабыл алынбагандыгын, аудит белгилейт. ТОБО жетекчисинин оозеки түшүндүрмөсү боюнча, санитардык ченем талаптарына туура келбегендиктен кабыл алынган эмес.

**Сунуш**

ТОБО имаратын капиталдык оңдоо боюнча ишти кабыла луу боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

## Эмгек акы Ысык-Көл жана Нарын областтарындагы ММКФнын ведомстволук уюмдары

**Аныкталды**

2021-жылы саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген Жобо менен жөнгө салынган (2022-жылдын 30-мартында күчүн жоготкон). Бул Жобого ылайык, саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси кошумча жумуш убактысын иштөө жана графикте жана жумуш убактысын эсепке алуу табелинде көрсөтүү менен, 0,25; 0,5 коюмда айкалышытырып иштөө тартибинде кызматкерлерди ишке алууга укуктуу. Жумуш убактысынан сырткары негизги кызматынан ашык, айкалыштырып же түнкү мөөнөттө иштөө жумасына 20 сааттан ашпашы керек.

Саламаттык сактоо уюмунун врач жетекчилери жана алардын орун басарлары, алар штатта турган уюмда, тиешелүү кызматтын базалык маянасынан 25 пайыз төлөө менен, жумуш убактысынын чегинде адистиги боюнча ишти жүргүзүүгө укуктуу.

Түнкү ишке тартылган саламаттык сактоо уюмунун адистеринин эмгегине төлөө (анын ичинен медициналык жана фармацевтикалык), түн ичинде иштеген ар бир саат үчүн, базалык маянадан бир жарым өлчөмүндө жүргүзүлөт.

Врачтык персоналдын жетишпестигине байланыштуу, уруксат берилген 1,5 коюмдун ордуна, факты жүзүндө коюмдар 1,75 коюмду түзгөн жана Ысык-Көл областтык бириктирилген ооруканасында 10 адиске 2,0 коюм (неонатолог, инфекционист, кардиолог, патологоанат ж.б.), Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда 10 врачка (неонатолог, хирур, реаниматолог, уролог, тери венерологу, патологоанат, үй-бүлөлүк врачтар ж.б.), Нарын областтык бириктирилген ооруканасында 6 (алты) врачка (кардиолог, пульмонолог неонатолог, хирург, травматолог, гинеколог, Кочкор райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда 2 (эки) реаниматолог врачка.

Ошентип, коюмдар 0,25, 0,5, 0,75 коюмга жогорулатылган, ал жерде эмгек акы суммасы 782,9 миң сом, 500,2 миң сом, 712,5 миң сом жана 174,3 миң сом.

Ошону менен бирге, Ананьево айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунда адистик боюнча ишти жүргүзүүгө белгиленген 25 пайыздын ордуна, жетекчинин орун басарына 2021-жылдын июль жана август айына базалык маянадан 50 пайыз кошуп төлөө эсептелген же эмгек акыны ашыкча төлөө 4,1 миң сомду түзгөн. Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда мурунку директорго жана анын орун басарына адистик боюнча ишти жүргүзгөнгө жана түнкү нөөмөт үчүн базалык маянадан 100 пайыз жана 50 пайыз эсептелген. Натыйжада, ашыкча төлөм 110,0 миң сом жана 135,2 миң сомду түзгөн, бардыгы болуп 245,2 миң сом ашыкча төлөнгөн.

“Жети-Өгүз” Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борборунда 4 врачка түн ичинде иштегендиги үчүн, 88,3 миң сом суммасында бир жарым эседен жогору төлөм жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Айкалытырып иштөө, адистиги боюнча иш жүргүзүү, түн ичинде иштегендиги үчүн төлөмдөрдө белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө Жобонун талаптары сакталган эмес.

**Сунуш**

Адистиги боюнча иш жүргүзүү, түн ичинде иштегендиги үчүн төлөмдөрдө белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө Жобонун талаптарын сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда реанимация бөлүмүнүн башчысынын жумуш убактысын эсепке алуу табели жана факты жүзүндө иштеген убакыт жөнүндө реанимациялык бөлүмдүн факты жүзүндө иштеген убактысын эсепке алуу журналынын маалыматтарынын 1304 саатка дал келбестиги орун алган же эмгек акыны ашыкча төлөө 56,3 миң сомду, реанимациялык бөлүмдүн врачыныкы 1322 саатка эмгек акыны ашык төлөө 56,3 миң сомду түзгөн. Натыйжада, реанимациялык бөлүмдүн врачына ургент жардамы үчүн эмгек акыны ашык төлөө 112,6 миң сом ду түзгөн.

**Корутунду**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда жумуш убактысын эсепке алуу табели жана факты жүзүндө иштеген убакыт жөнүндө реанимациялык бөлүмдүн факты жүзүндө иштеген убактысын эсепке алуу журналынын маалыматтарынын дал келбестигинин натыйжасында, ургенттик жардам үчүн реанимация бөлүмүнүн башчысына жана врачка жалпы 168,9 миң сом суммасында ашык төлөөгө жол берилген.

**Сунуш**

Врачтардын факты жүзүндө иштеген убактысын эсепке алууда дал келбестикке жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Эмгек акыны эсептөө, жумуш убактысынын табели менен ургенттик чакыруу боюнча келген учурду каттаган журналга ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2020 №148-б буйругуна ылайык, өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режимин киргизүүгө байланыштуу, кызматтык милдеттерин аткарбаган саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык кызматкерлерине жана башка кызматкерлерине “кепилденген эмгек акы сакталат”, аны эсептөө негизги иш орду боюнча бирден көп эмес коюмдун эсебинен жүргүзүлүүшү керек.

2021-жылы жогоруда көрсөтүлгөн буйрукту бузуу менен, короновирус

инфекциясына байланыштуу обсервацияга тартылган Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун кызматкерлерине жана башка кызматкерлерине кепилденген эмгек акы, негизги иш орду боюнча бирден ашык коюмга эсептелген. Натыйжада, эмгек акы 99,1 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Короновирус инфекциясына байланыштуу обсервацияга тартылган Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун кызматкерлерине жана башка кызматкерлерине кепилденген эмгек акы, негизги иш орду боюнча бирден ашык коюмга эсептелген. Натыйжада, эмгек акы 99,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Короновирус инфекциясына байланыштуу обсервацияга тартылган Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун кызматкерлерине жана башка кызматкерлерине кепилденген эмгек акы, негизги иш орду боюнча бирден ашык коюмга эсептөөгө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы №118 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө" Жобонун 12-пунктуна ылайык (2021-жылдын 10-мартында күчүн жоготкон), министр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, борбордук аппараттын, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн штаттык жүгүртмөсүн, Борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук бөлүмдөрү жөнүндө Жобону бекитет.

Саламаттык сактоо министринин 17.10.2017-жылдагы №926 буйругу менен бекитилген, "Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борборунун мекемеси жөнүндө" Жобого ылайык, Борбордун директору чыгымдар сметасын жана штаттык жүгүртмөнү бекитет. 2021-жылга директор бекиткен жана Ысык-Көл областынын аймактык башкармалыгы менен макулдашылган Борбордун штаттык жүгүртмөсү 100,75 бирдикте, анын ичинен, 73 бирдик бирөөнүн ордунда иштейт, ал жерде аныгында 69 адам иштейт, бош кызмат орду - 2363,3 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөө фонду менен 27,75 бирдик. Борбордун штаттык жүгүртмөсүндө кардиолог, патологоанатом (өлүккана жок туруп), отоларинголог ж.б. кызмат болгондугун, белгилей кетүү керек.

**Корутунду**

"Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борборунун штаттык жүгүртмөсү 100,75 бирдикте, анын ичинен, 73 бирдик бирөөнүн ордунда иштейт, бош кызмат орду - 2363,3 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөө фонду менен 27,75 бирдик. Борбордун штаттык жүгүртмөсүндө кардиолог, патологоанатом (өлүкана жок туруп), отоларинголог ж.б. кызматтар бар.

**Сунуш**

Бюджеттик каражаттарды үнөмдүү жана рационалдуу пайдалануу максатында, Борбордун штаттык жүгүртмөмүн факты жүзүндөгү жүгүртмөгө ылайык кайрадан каралсын.

Саламаттык сактоо министрлиги менен бирге, эки Жобонун карама-каршылыгын алып салуу үчүн, бекитилген штаттык жүгүртмөгө карата директордун ыйгарым укугуна тиешелүү пункт кайрадан каралсын.

**<u>Курулуш-куроо иштери</u>**

**Аныкталды**

Төмөндөгү объектилер боюнча аткарылган курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу аныкталган:

- "Ысык-Көл областтык инфекциялык бөлүмдү капиталдык оңдоо" (подрядчы "СТРиМ ГРУП" ЖЧКсы) - 35,4 миң сомго;
- "Нарын областтык бириктирилген оорукананын инфекциялык бөлүмүн капиталдык оңдоо" (подрядчы "АмалНТ" ЖЧКсы) - 255,7 миң сомго (заказчы менен подрядчынын ортосунда өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү аркылуу калыбына келтирилген);
- Нарын областтык бириктирилген оорукананын гемодиализ бөлүмүн капиталдык оңдоо" (подрядчы "Алимдар" ЖЧКсы) - 37,4 миң сомго (заказчы менен подрядчынын ортосунда өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү аркылуу калыбына келтирилген).

**Корутунду**

Подряддык уюмдар менен аткарылган иштердин актыларын түзүү жана эсептөөнүн тууралыгына талаптагыдай контролдоо камсыздалбайт. Бул болсо, курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашырууга алып келген.

**Сунуш**

Подряддык уюмдар менен аткарылган иштердин актыларын түзүү жана эсептөөнүн тууралыгына талаптагыдай контролдоо күчөтүлсүн. Подрядчы "СТРиМ ГРУП" ЖЧКсы аткарган иштеринин көлөмүнүн 35,4 миң сом суммасындагы ашыруу алынсын жана Ысык-Көл областтык инфекциялык бөлүмдү капиталдык оңдоо" объектиси боюнча өз ара эсептешүүлөргө салаыштыруу жүргүзүлсүн.

**<u>Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери</u>**

**Аныкталды**

Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Алсак, электр энергиясын белгиленген ченемден ашык керектөө, Ысык-Көл областтык бириктирилген ооруканасында - 58,4 миң сомго 23,1 миң кВт/саат, Нарын областтык бириктирилген ооруканасында - 909,5 миң сомго 359,5 миң кВт/саат, Коскор райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору - 14,7 миң сомго 5,8 миң кВт/саат.

**Корутунду**

Саламаттык сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөө

боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт.

**Сунуш**

Электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталсын.

**<u>ТБлардын сакталышы</u>**

**Аныкталды**

Инвентаризацияга жүргүзүлгөн аудитте Ананьево айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунун материалдык жактан жооптуу адамдарында 3,4 миң сом ТМБлардын жетишпестиги аныкталган, Кочкор Жалпы дарыгерлик практика борборунда - 2,9 миң сом (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген).

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жактан жооптуу адамдарындагы товардык-материалдык баалууктардын кем чыгуусуна жол берилбесин.

**Сунуш**

Негизги каражаттардын жана товардык-матералдык баалуулуктардын сакталышына катуу контролдоо жүргүзүлсүн.

Ананьево айылындагы Жалпы дарыгерлик практика борборунун материалдык жактан жооптуу адамдарынын эсебинен 3,4 миң сом калыбына келтирилсин.

**<u>Дары-дармек препраттарын эсептен чыгаруу</u>**

**Аныкталды**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун Тамга ҮДТнын стоматология кабинетинде дары-дармек препараттары тастыктаган документтерсиз 5,0 миң сомго, Дархан ҮДТда – 2,2 миң сом эсептен чыгарылгандыгы аныкталган.

**Корутунду**

Мекемелерде дары-дармек препараттарынын чыгымдарын талаптагыдай эсептен чыгаруу жок.

**Сунуш**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун Тамга ҮДТнын стоматология кабинетинде дары-дармек препараттары тастыктаган документтерсиз 5,0 миң сомго, Дархан ҮДТда – 2,2 миң сом эсептен чыгарылган дары-дармектердин наркы күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

**<u>ТМБлардын ченемден ашык корлору</u>**

**Аныкталды**

ММКФ тарабынан каржылоодо, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорун жана 2021-жылдын аягында Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда 127,1 миң сомду, Нарын областтык ҮДТда 111,8 миң сомду түзгөн, алыш-бериш эсептериндеги калдыктарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду**

ММКФ тарабынан каржылоодо, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорун жана 2021-жылдын аягында, алыш-бериш эсептериндеги калдыктарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2021-жылдын аягында Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда 127,1 миң сомду, Нарын облаcттык ҮДТда 111,8 миң сомду түзгөн ченемден ашык корлорду тиешелүү беренелер боюнча чегерүү (азайтуу) жүргүзүлсүн.

**<u>Командировкалык чыгымдар</u>**

**Аныкталды**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 113-беренесин бузуу менен, 1 күнгө ккомандировкага жөнөтүлгөн борбордун кызматкерлерине 15,0 миң сом суммасындагы суткалык чыгымдар негизсиз төлөнгөн.

**Корутунду**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда командировкалык чыгымдарга отчет берүүчү каражаттардын пайдаланылышына талаптагыдай контролдоо жүргүзүлгөн эмес.

**Рекомендация**

Негизсиз төлөнгөн 15,0 миң сом суммасындагы суткалык чыгымдар очет берүүчү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

**<u>Мамлекеттик сатып алуулар</u>**

**Аныкталды**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесин бузуу менен, веб-порталга кулактандыруу жарыяластан жана конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн туруп, 2215 "Башка кызматтарды төлөө менен байланышкан жана башка чыгымдар" беренеси менен - 229,9 миң сом жана 2222 "Кезектеги чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси менен - 1113,9 миң сом суммасындагы твардык-материалдык баалуулуктар сатылып алынган.

"Жети-Өгүз" Республикалык чондор үчүн дарылоо реабилитациялык борборунда 2021-жылдын январында курулуш материалдарын сатып алууга конкурс өткөрүлгөн. Ал жерде 1 478,3 миң сом суммасын сунуштаган А.

Дүйшеков жеңүүчү болуп аныкталган. Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, конкурстук табыштаманын белгиленген колдонуу мөөнөтүндө (12 күн), белгисиз себептер менен жабдуучу менен келишим түзүлгөн эмес. 2 ай өткөндөн кийин жабдуучу А. Дүйшеков, товарга баалардын кымбатташына байланыштуу келишим түзүүдөн баш тарткан.

Андан ары 2021-жылдын ноябрында кайрадан конкурс өткөрүлгөн, анын жыйынтыгында 1 823,5 миң сом сунуш кылган жабдуучу С. Алиев жеңүүчү болуп аныкталган, ал болсо биринчи конкурстун жеңүүчүсү сунуш кылган суммадан 32,6 миң сомго көп.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 3-пунктунун талаптарына ылайык, сатып алуучу уюм жумуштары жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча конкурстук документтерди иштеп чыкканга чейин, долбоорлоо-сметалык документтерге ээ болушу керек. Мында, долбоорлоо-сметалык документтерди иштеп чыгууга кызматына сатып алуучу уюм (15%) төлөйт. Мындан сырткары, подрядчы тарабынан аткарылган итердин жүрүшүнө, сапатына жана көлөмүнө контроль жүргүзүү максатында, объекттерди куруу, реконструкциялоо жана оңдоо процессин техникалык көзөмөлдөөнү, заказ берүүчү же тиешелүү квалификациялык сертификаты бар (техникалык көзөмөлдөө) адис жүргүзөт, аны заказ берүүчү келишимин негизинде тартат.

Демек, техникалык көзөмөлдөө кызматына (1%) да сатып алуучу уюм төлөйт.

Ошоун менен бирге, Нарын областтык бириктирилген ооруканасында 2021-жылы бир этаптуу ыкма менен 2 конкурстук тоорук өткөрүү менен, анын ичинен: инфекциялык бөлүмдүн имаратын капиталдык оңдоо (подрядчы «АмалНТ» ЖЧКсы) жана гемодиализ бөлүмүнүн имаратын капиталдык ондоодо (подрядчы «Алимдар» ЖЧКсы), мамлекеттик сатып алуулар суммасына долбоорлоо-сметалаык документтерди иштеп чыгуу кызматы (1,5%) жана техникалык көзөмөлдөө (1%) кызматы киргизилген. Натыйжада, конкурстук стап алуу суммасы 276,1 миң сомго жасалма көтөрүлгөн, анын ичинен, "Инфекциялык бөлүмдүн имаратын капиталдык оңдоо" (подрядчы «АмалНТ» ЖЧКсы) объектиси боюнча - 236,0 миң сом жана "Гемодиализ бөлүмүнүн имаратын капиталдык ондоо" (подрядчы «Алимдар» ЖЧКсы) объектиси боюнча - 40,1 миң сом суммасында.

Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (03.04.2015-жылдагы №72) 14-беренесинин 2-пунктунун 21-пунктчасын бузуу менен, жабдуучудан тамак-аш прдуктыларын сатып алуу боюнча конкурс өткөрүүдө, жеткирилген товарлардын сапатына сертификат талап кылынган эмес.

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (03.04.2015-жылдагы №72) 10-беренесин бузуу менен, сатып

алуу бөлүмү түзүлгөн эмес жана сатып алууну жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес.

**Корутунду**

Мекемелер тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары толук көлөмдө сакталбайт.

**Сунуш**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын товарларды, кызматтарды жана жумуштарды сатып алууда мыйзам менен каралган конкурстук жол-жоболорду өткөрүү бөлүгүн бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Сатып алуулар бөлүмүн түзүү же сатып алууну жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөө бөлүгүндө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренсинин талаптары сакталсын.

**<u>Негизги каражаттар</u>**

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, РЛРЦнын эки корпусу өрттөнгөндөн кийин, 272,8 миң сом суммасындагы 27285 даана мурда эсептен чыгарылган эски кирпичтер Борбордун балансына кириштелген эмес (аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча кириштелген).

Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда 2021-жылы Саламаттык сактоо министрлигинин буйругуна ылайык, андан ары пайдаланууга жараксыз болгон наркы 50,0 миң сомдук автомашина эсептен чыгарылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.07.2014-жылдагы №407 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен, автотранспортту бөлүктөргө ажыратуу жана демонтаж жүргүзүлгөн эмес.

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун Ысык-Көл райондук ҮДТнын доосу боюнча, Бишкек шаарынын Ленин райондук соту 2019-жылдын майында авария кылган күнөөлүнүн эсебинен ҮДТнын пайдасына тез жардам автомашинасы үчүн материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө чечим чыгарган. Бирок, ушул кезге чейин материалдык чыгымдын орду толтурулган эмес. Январь айында болгон авариянын күнөөкөрү Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун мурунку айдоочусу А. Рыспаев тарабынан балanстык наркы 1290,0 миң сомдук тез жардам автомашинасы калыбына келтирилген эмес. Борбордун маалыматы боюнча А. Рыспаев авариядан оор травма алган, учурда эч жерде иштебейт, ошондуктан автомашинаны калыбына келтире албайт.

**Корутунду**

РЛРЦнын эки корпусу өрттөнгөндөн кийин, 272,8 миң сом суммасындагы 27285 даана мурда эсептен чыгарылган эски кирпичтер Борбордун балансына кириштелген эмес (аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча кириштелген).

Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда автотранспортту бөлүктөргө ажыратуу жана демонтаж жүргүзүлгөн эмес.

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсынын пайдасына авариянын күнөөкөрү Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун мурунку айдоочусу А. Рыспаев тарабынан 2019-жылдын майынан бери 757,4 миң сом суммасындагы зыяндын орду толтурулган эмес.

Борбордун маалыматы боюнча А. Рыспаев авариядан оор травма алган, учурда эч жерде иштебейт, ошондуктан автомашинаны калыбына келтире албайт.

**Сунуш**

Мурда колдонулган товардык-материалдык баалуулуктарды өз убагында балanска кириштөө бөлүгүндө, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

Ак-Талаа райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору Жобонун талаптарына ылайык, автотранспортту бөлүктөргө ажыратуу жана демонтаж жүргүзүлсүн. Ондоого автотранспорттун жарактуу башка бөлүктөрү, материалдары жана агрегаттары эсеп боюнча кириштелсин, кымбат баалу материалдарды камтыган жарабаган материалдар жана агрегаттар, ошондой эле түстүү жана кара металл тиешелүү уюмдарга сатылсын.

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору күнөөлүү адамдан 757,4 миң сом суммасындагы материалдык зыяндын ордун толтуруу чараларын көрсүн.

Авариянын күнөөкөрү Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун мурунку айдоочусу А. Рыспаев тарабынан авариялык абалдагы тез жардам автомашинасын калыбына келтирүү маселеси белгиленген тартипте чечилсин.

**Аныкталды**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору тарабынан 2020-жылы демөөрчүлөрдөн кайтарымсыз негизде алынган, жалпы 729,0 миң сом суммасындагы баасы 48,6 миң сомдон 15 даана кислороддук концентраторлор Жалпы дарыгерлик практика борборунун балансына кириштелген эмес.

Аудиттин жүрүшүндө кислороддук концентраторлор Жалпы дарыгерлик практика борборунун балансына алынып, бухгалтердик эсептин тиешелүү регистринде көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору тарабынан 2020-жылы демөөрчүлөрдөн кайтарымсыз негизде алынган, жалпы 729,0 миң сом суммасындагы баасы 48,6 миң сомдон 15 даана кислороддук концентраторлор Жалпы дарыгерлик практика борборунун балансына киришителген эмес, бул болсо, аларды жоготуу үчүн тобокелдикти түзгөн (аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча кириштелген).

**Сунуш**

Жети-Өгүз райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору тарабынан 2020-жылы демөөрчүлөрдөн кайтарымсыз негизде алынган, жалпы 729,0 миң сом суммасындагы баасы 48,6 миң сомдон 15 даана кислороддук концентраторлорду эсеп боюнча өз учурунда көрсөтүлбөгөн себепти аныктоо боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүлсүн, анын жыйынтыгы боюнча күнөөлүү адамдарга карата чара көрүлсүн.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунда Бюджеттик кодекстин 47-беренесин жана "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 101-беренесин бузуу менен, мамлекеттик мүлктүн ижарасынан келип түшкөн 228,1 миң сомдун ичинен 172,1 миң сом бюджетке киргизилген эмес.

Ушундай эле, "Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору тарабынан 2019-2021-жылдарга карата «Ырахат» ЖЧКсынна келип түшкөн 123,7 миң сом суммасындагы ижара акысы республикалык бюджеттин кирешесине төлөнгөн эмес.

**Корутунду**

Мекемелер тарабынан мамлекеттик жайлардын ижарасы үчүн, республикалык бюджеттин кирешесине өз учурунда жана толук чегерүү камсыздалбайт.

**Сунуш**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору мамлекеттик мүлктүн ижарасынан келип түшкөн 228,1 миң сомду жана "Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору 123,7 миң сом сумасындагы ижара акысын республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

"Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору «Ырахат» бак өстүрүүчүлөрдүн коомдук бирикмесине ижара келишимге ылайык, 2011-жылдын сентябрында 3,0 гектар жер участогун 49-жылга ижарага берген. Бирок «Ырахат» коомдук бирикмеси жер участогу үчүн Саруу айыл өкмөтүнө жер салыгын чегерген эмес, ал 2016-2021-жылдарга 180,0 миң сомду түзгөн.

"Мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндө" мамлекеттик актыга ылайык, Борборго 270 га жер участогу бекитилген, ал Саруу айыл өкмөтүнүн

административдик аймагында турат. 270 га жер участогунун ичинен 11 га жерди ар кандай типтеги үйлөрдүн жанындагы участоктор ээлейт, алар Борбордун кызматкерлери тарабынан турак жай фонду катары мурда менчиктештирилген, бирок жеке менчик укугуна мамлекеттик актылар жок. Мында, үй ээлери үйлөрдүн жанындагы участоктор үчүн салык төлөшпөйт. Аудиттин жүрүшүндө Салык кодексинин 334-беренесине ылайык, үй ээлерине 2021-жыл үчүн 110,0 миң сом суммасындагы жер салыгынын эсептөөлөрү түзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн фактылар боюнча Жети-Өгүз боюнча МСКБга маалымат жөнөтүлгөн.

**Корутунду**

Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору «Ырахат» бак өстүрүүчүлөрдүн коомдук бирикмесине ижарага берилген 3,0 гектар жер участогу үчүн Саруу айыл өкмөтүнө жер салыгы чегерилген эмес.

Борбордун кызматкерлери тарабынан турак жай фонду катары мурда менчиктештирилген, бирок жеке менчик укугуна мамлекеттик актылар жок.

**Сунуш**

Саруу айыл өкмөтү жер салыгын администрлөөнү жүргүзүшүн контролдоо үчүн, маалымат Мамлекеттик салык кызматына жөнөтүлсүн.

**<u>Бухгалтердик эсеп, каражаттарды эсептен чыгаруу</u>**

**Аныкталды**

Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2020-жылын 19-ноябрындагы чечимине ылайык, Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсы, Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ биргелешеип, кызматтык милдетин аткарууда авариядан каза болгон айдоочу К.Адракаевдин үй-бүлөсүнө багуучусунан ашырылгандыгы боюнча 1606,5 миң сом бир жолку жөлөк пулду жана 633,6 миң сом өлчөмүндөгү туумду төлөөгө милдеттүү болушкан.

Бирок, ММКФ 26.07.2021-жылдагы №08-2/1092 каты менен, Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборун Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун чечимин 01.08.2022-жылга чейин топтолгон бюдежттин эсебинен, бир жолку жөлөк пулду жана туумду этап менен төлөө аркылуу аткарууну камсыздоого милдеттендирген. Ага ылайык, Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсы каза болгон айдоочуну үй-бүлөсүнө 1606,5 миң сом бир жолку жөлөк пулду жана 633,6 миң сом өлчөмүндөгү туумду ММК каражаттарынан 221"Жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" беренесинен 1395,0 миң сом жана 222 "Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар" беренесинен 845,1 миң сом, бардыгы болуп 2240,1 миң сом төлөгөн.

Мында, Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсы Жарандык кодекстин 313-беренесинин 5-пунктунун 1-пунктчасына

ылайык, карызды кошо төлөөчүлөр – Саламаттык сактоо министрлигине жана ММКФга кайрадан талап көрсөткөн эмес.

**Корутунду**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсы каза болгон айдоочуну үй-бүлөсүнө 1606,5 миң сом бир жолку жөлөк пулду жана 633,6 миң сом өлчөмүндөгү туумду ММК каражаттарынан 221"Жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" беренесинен 1395,0 миң сом жана 222 "Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар" беренесинен 845,1 миң сом, бардыгы болуп 2240,1 миң сом төлөгөн.

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлиги, ММКФ Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2020-жылын 19-ноябрындагы чечимин, 1606 548 сом бир жолку жөлөк пулду жана 633 600 сом өлчөмүндөгү туумду төлөө боюнча биргелешкен милдеттенмени бирдей үлүштө Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борборунун ҮДТсына кайтаруу жолу менен аткарууну камсыздасын.

**Аныкталды**

Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, 3077,2 миң сом дебитордук карыз, 2021-жылы декабрда "Аку-Сыймык" ЖЧКсы чегерген - 2211,9 миң сом, «Актан Строй ПРО" ЖЧКсы чегерген - 865,3 миң сом 2021-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес (аудттин жүрүшүндө бухгалтердик эсептин тиешелүү регистринде көрсөтүлгөн).

**Корутунду**

Жети-Өгүз" Республикалык чоңдор үчүн дарылоо реабилитациялык борбору 3077,2 миң сом дебитордук карызды бухгалтердик эсепте көрсөткөн эмес.

**Сунуш**

Дебитордук карызды эсеп боюнча өз убагында көрсөтүү бөлүгүндө, 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

Дарылоо-реаблитациялык борбор, Борбордун аймагында жайгашкан калкты жана өзүн менчик насостук станциясын аркылуу ичүүчү суу менен жабдыйт. Мында, жашллчулар суу үчүн төлөшпөйт. Саруу айыл өкмөтү белгилеген суу үчүн төлөм ар бир адамга 20 сом. жашоочулардын саны 262 адам, айына 5420 сомду (262 х 20) же жылына 65,0 миң сомду түзөт. Натыйжада, Борбордун бюджетинин жоготуусу 65,0 миң сомду түзөт.

**Корутунду**

Дарылоо-реаблитациялык борбор, Борбордун аймагында жайгашкан калк менен сууну пайдалануу боюнча келишим түзгөн эмес.

**Сунуш**

Борбордун бюджетинин жоготуусуна жол бербөө максатында, сууну пайдалануу боюнча келишим түзүү маселеси каралсын.

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобону бузуу менен, 2021-жылы Дарылоо-реаблитациялык борбор канализацияны капиталдык оңдоо, жылуулук берүү жана суу менен жабдуу боюнча пайдаланылган 2789,3 миң сом суммасындагы каражаттарды, мекеме чыгымадарына түздөн түз эсептен чыгарган. Аудиттин жүрүшүндө негизги каражаттардын 2789,3 миң сомго көбөйүшүн эске алуу менен, бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүү өткөрмөлөрү жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Дарылоо-реаблитациялык капиталдык оңдоо иштерине пайдаланылган 2789,3 миң сом суммасындагы каражаттарды, мекеме чыгымадарына түздөн түз эсептен чыгарган, бирок, негизги каражаттардын наркын көбөйтүү керек беле (аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүү өткөрмөлөрү жүргүзүлгөн).

**Сунуш**

негизги каражаттардын наркын көбөйтүү боюнча чыгымдарды көрсөтүү бөлүгүндө, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобо сакталсын.

**Аныкталды**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору Ысык-Көл Юстиция башкармалыгында 2021-жылдын 10-мартында юридикалык жак катары каттоодон өткөн.

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору кайрадан түзүлгөн юридикалык жак катары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 200-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген, “Акы төлөнүүчү кызматтарга тарифтерди белгилөө жөнүндө” Жобонун талаптарына ылайык, жогору турган уюм менен медициналык жана медициналык эмес кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди (бааларды) бекитиши жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органынын аймактык бөлүмүндө макулдашышы керек эле. Бирок, учурда 2015-жылы Ысык-Көл районун ҮДТсы үчүн бекитилген тарифтер (баалар) боюнча акы төлөнүүчү медициналык жана медициналык эмес кызматтарды көрсөтөт.

**Корутунду**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору кайрадан түзүлгөн юридикалык жак катары, жогору турган уюм менен медициналык жана медициналык эмес кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди (бааларды) бекиткен эмес жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органынын аймактык бөлүмүндө макулдашкан эмес.

**Сунуш**

Ысык-Көл райондук Жалпы дарыгерлик практика борбору "Акы төлөнүүчү кызматтарга тарифтерди белгилөө жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык, жогору турган уюм менен медициналык жана медициналык эмес кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди (бааларды) бекитиши жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органынын аймактык бөлүмүндө макулдашышы керек эле.

**Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарындагы ММКФнын ведомстволук уюмдары**

***Ош шаары жана Ош областынын медициналык мекемелери боюнча***

**Эмгек акы**

**Аныкталды**

Саламаттык сактоо министрлигинин 03.09.2021-жылдагы №1217 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруу жана чарбалык тейлөө персоналдарынын типтүү штаттын берүү жана бекитүү жөнүндө" буйругунун 1.1.12-пунктун бузуу менен:

- Ош шаардык клиникалык ооруканасында штаттан сырткары 2 бирдик күтүлгөн, аларга 50,0 миң сом суммасындагы акы төлөнүп, Социалдык фондго 8,6 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген;
- Ноокат райондук ЖДПБ боюнча: штаттан сырткары 4,5 бирдик күтүлгөн, анын ичинен: 3,0 бирдик кампа башчысы, 0,5 бирдик иш кагаздарын жүргүзүүчү, 1,0 бирдик катчы, анын натыйжасында, аларга 161,6 миң сом суммасында эмгек акы негизсиз төлөнгөн (эмгек акы – 137,6 миң сом жана Социалдык фондго- 24,1 миң сом);
- Папан айылындагы ЖДПБ боюнча: бухгалтердин **1**,5 штаттык бирдиги киргизилгендигине байланыштуу, финансылык эсеп боюнча 171,1 миң сом чыгымдалган, анын ичинен: эмгек акыга - 145,9 миң сом, Социалдык фондго - 25,2 миң сом (17,25%).

Саламаттык сактоо министрлигинин 17.06.2017-жылдагы №631 "2017-2022-жылдар мезгил аралыгына карата стамотологиялык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү концепциясы жөнүндө" буйругун бузуу менен, Ош шаардык №2 тиш дарылоо бейтапканасында 2 бирдиктеги врач- стоматолог, 9 бирдиктеги орто медперсонал жана 10 кичи медперсонал штаттан ашык күтүлгөн. Аларга 2458,7 миң сом эмгек акы төлөнгөн (эмгек акы - 2097,0 миң сом жана Социалдык фондго - (17,25%) 361,7 миң сом).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдагы №246 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомун бузуу менен:

- Куршаб айлындагы Ж.Токторбаев атындагы ЖДПБ тарабынан Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн Кара-Тарык айылындагы ФАПтын жетекчисине тиешелүү билими жок туруп, 2021-жыдын сентябрынан тартып 0,5 коюм үчүн, негизсиз төлөнгөн эмгек акы 25,6 миң сомду түзгөн;

- Папан айылындагы ЖДПБ боюнча 0,25 кошумча коюмду ашыруу, мекеменин директоруна - 29,3 миң сомду, клиниканын жетекчисине - 29,3 миң сомду, жалпы 58,6 миң сом эмгек акыны түзгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр - 10,1 миң сом;

- Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы ЖДПБ боюнча 0,25 кошумча коюмду ашыруу, мекеменин директорунун орун басарына - 34,1 миң сомду түзгөн (5,9 миң сом – 17,25%).

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин бузуу менен:

- Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы ЖДПБ лаборанттын 0,25 коюмуна 27,2 миң сом эмгек акы ашыкча төлөнгөн.

- Ош областтык дерматовенерология борборунда башка ишти айкалыштыргандыгы үчүн, 1,5 коюмдан ашык аныкталган, анын натыйжасында, отчеттук мезгил ичинде 39,6 миң сом эмгек акы төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2011-жылдагы №489 "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, Алай райондук ЖДПБ боюнча айдоочу И.А. Мамажусуповго 2021-жылдын августунан 2022-жылдын 1-апрелине чейин, автомашина жок туруп эле 88,8 миң сом эмгек акы төлөнгөн. Электрик болуп туруп, 0,25 коюм электрик кызматы күтүлгөн, же 24,9 миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

**Корутунду**

Айкалыштырып иштөө тартибинде, адистиги боюнча кошумча иштер үчүн эмгек акыны белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө Жобонун талаптары сакталсын.

**Сунуш**

Саламаттык сактоо министрлигинин 03.09.2021-жылдагы №1217 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруу жана чарбалык тейлөө персоналдарынын типтүү штаттын берүү жана бекитүү жөнүндө” буйругунун 1.1.12-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2011-жылдагы №489 "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдагы №246 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомдорунун талаптары сакталсын

жана Саламаттык сактоо министрлигинин 17.06.2017-жылдагы №631 “2017-2022-жылдар мезгил аралыгына карата стамотологиялык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү концепциясы жөнүндө” буйругуна ылайык, штаттык бирдикти оптималдоо чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

Ош область аралык психиатрия жана наркология борборунда эмгек акы чыгымдары боюнча ченемдердин сакталышына жүргүзүлгөн аудитте, 1С программасы боюнча эмгек акыны туура эмес эсептөөдөн улам, кечки сменде иштегендерге 268,2 миң сом эмгек акы жеткире төлөнгөн эмес.

**Сунуш**

Кечки сменде иштегендерге жеткире төлөнбөгөн 268,2 миң сом эмгек акыны төлөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**<u>Иштин зыяндуу шарттары</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөө (мындан ары – кошуп төлөө), оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары, кооптуу жумуш орундарынын тизмесине ылайык белгиленет.

15.06.2021-жылдагы № 218 “Электр магниттик нурлануу деңгээлин өлчөө” протоколуна ылайык, негизинен компьютерде иштегенде электр жана магнитти түзүүчү электр магниттик нурланууну деңгээлинин жогорулаганы орун алган. Бирок, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары, кооптуу жумуш орундарынын тизмеси бекитилген эмес жана магниттик нурланууну деңгээлинин жогорулаганы ден соолук үчүн зыяндуулук жөнүндө Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин корутундусу жок. Мында, ММКФ мезгил мезгили менен оргтехникалын жаңылап тураар белгиленген.

Аудит мезгилинде мындай кошуп төлөөлөр төмөндөгүлөр боюнча түзүлгөн:

- Ош областтык бириктирилген клиникалык ооруканасы - **64,7** миң сом (эмгек акы - 55,2 миң сом, Социалдык төгүм - (17,25%) 9,5 миң сом;
- Ош областтык тиш дарылоо бейтапканасы – 80,6 миң сом;
- Куршаб айылындагы Ж.Токторбаев атындагы ЖДПБ – 75,9 миң сом.

**Корутунду**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөөнү белгилөөдө, ММКФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же

эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын толук эмес өлчөмдө аткарган эмес.

**Сунуш**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошуп төлөөнү белгилөөдө, ММКФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун бардык талаптарын сактоо менен, ошондой эле мындан ары, жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелерди жана ченемдердин талаптарына ылайык келтирүү үчүн, эмгекти коргоо жана шарттарын жакшыртуу боюнча уюштуруу-техникалык иш-чаралар комплексин андан ары жүргүзүү менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Ош область аралык оорукана боюнча, кургак учук менен ооруган балдарды жана өспүрүмдөрдү дарылоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2016-жылдагы №201 токтому менен бекитилген, калктын ден соолугун чыңдоо жана эс алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарды бузууга жол берилген, б.а. оорукананы бухгалтериясы кургак учук менен ооруган балдар дарыланган бөлүктө жайгашкан.

**Сунуш**

Мекемеде кызматкерлерди жумуш ордуна жайгаштырууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2016-жылдагы №201 токтому менен бекитилген, санитардык-эпидемиологиялык талаптар сакталсын.

**Аныкталды**

Кара-Суу ЖДПБда аудиттин жүрүшүндө кошумча 184,4 миң сомго бюджеттик киреше чегерилген, анын ичинде:«Тынч Жыл» ЖЧК - 81,6 миң сом, ЖИ Д.И. Ибраев 82,6миң сом; «Орда Мед» ЖЧК - 20,2 миң сом.

Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылдын 31-майындагы №455 төлөм тапшырмасы менен «Орда Мед» ЖЧКнын эсебинен бюджет кирешесине 20, 2 миң сом чегерилген.

**Корутунду**

Товарларды, иштерди жана кызматтарды сунуштоо мөөнөттөрү боюнча келишимдин милдеттенмелери аткарылбай калган фактылар да бар.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн бюджеттин кирешесине «Аткаруучунун»

эсебинен 164,2 миң сом суммасында салынган айып пулдар кайтарылсын, алардын ичинен:
- ЖИ Д.И. Ибраев товарды жеткирүүнү кечиктиргендиги үчүн 82,6 миң сом суммасында;
- «Тынч Жыл» ЖЧКдан курулуш иштерин кечиктиргендиги үчүн 81,6 миң сом суммасында.

**Аныкталды**

Ноокат районунун ЖДПБда Ош областтар аралык стоматологиялык борбору Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 26.09.2019-жылдын №42 буйругу менен бекитилген ченемдерди аткарбагандыктан, 2021-жылы 396 жарандан 18,6 миң сом суммасына сунушталган кызматтар үчүн төлөм алган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ош областтар аралык стоматологиялык борбору тарабынан 26.09.2019-жылдын №42 буйругу менен бекитилген талаптар аткарылсын, анда жарандар стоматологиялык оруулар боюнча алгач кайрылган учурда көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөм атайы эсепке өз убагында чегерилсин.

**Аныкталды**

Өзгөн районунун ЖДПБ 2021-жылы Соцфондго 153,4 миң сом суммасында ашыкча каржылоо сунуштаган.

**Сунуш**

Ашыкча каржылоонун сунушталышына жол берилбесин, ал эми каржылоо иш жүзүндө жол берилген чыгашаларга жараша жүргүзүлсүн, Соцфондго ашыкча төлөөнү азайтуу чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

Нариман аймактык ооруканада 203,1 миң сом суммасына киреше салыгы боюнча дебитордук карыз 2020-жылдан бери катталып келет жана аны азайтуу боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуш**

Кара-Суу боюнча Мамлекеттик салык кызматы башкармалыгы менен биргеликте 203,1 миң сом суммасына дебитордук карызды азайтуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, киреше салыгы боюнча эсептер текшерилсин.

**<u>Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери</u>**

**Аныкталды**

Саламаттыкты сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Алсак, электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген ченемден ашыкча керектөө төмөнкүнү түзгөн:
- Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ош аймактык башкармалыгында 5594,1 миң сом суммасына саатына 2202,4 миң кВт,
- Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканада 195,2 миң сомго саатына 72,6 миң кВт жана жылуулук энергиясы 2605,3 миң сомго саатына

829,7 миң Гкал,
- Ош областынын жана Ош шаарынын №1 ЦСМде жылуулук энергиясы 1671,7 миң сомго 556,7 миң Гкал,
- Ош шаарынын клиникалык ооруканасында жылуулук энергиясы 8598,5 миң сомго 5985,1 Гкал,
- Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканада жылуулук энергиясы 732,3 миң сомго 330,3 миң Гкал,
- Ош шаарынын №1 стоматологиялык бейтапканада - 1,8 миң сом суммасына саатына 0,7 миң Квт жана жылуулук энергиясы - 2,3 миң сомго 1,1 Гкал,
- Кара-Суу районунун ЖДПБ 723,8 миң сомго саатына 189,5 миң кВт,
- Ноокат районунун ЖДПБ 3683,9 миң сомго саатына 1173,9 миң кВт,
- Ноокат аймактык ооруканада 65,5 миң сомго саатына 25,7 миң кВт.
- Кара-Кулжа районунун М.Жунусов атындагы ЖДПБда 233,4 миң сомго саатына 93,0 миң кВт.

Ош шаарынын клиникалык ооруканасында электр энергиясы үчүн өз убагында төлөнбөгөндүктөн 549,6 миң сомго айып пул жана 2040,6 миң сомго туум чегерилгендиги белгиленген.

Мындан тышкары Кара-Суу ЖДПБда электр энергиясын керектөө эрежесин бузгандыгы үчүн актылардын негизинде электр тармактары компаниясы 2 537,8 миң сомго саатына 1004,8 миң кВт эсеп жазып, ал Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун эсебинен төлөнгөн.

**Корутунду**

Саламаттыкты сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Электр энергиясына өз убагында төлөбөгөндүгү жана электр энергиясын керектөө эрежелерин бузгандыгы үчүн олуттуу суммада айыптык санкциялар жана туумдар эсептелген фактылар да бар.

**Сунуш**

Электр энергиясына керектөөдө бузууга жол берген, ошондой эле саламаттыкты сактоо уюмдарын белгиленген убакта каржылабаган жооптуу адамдар кароого алынсын.

Коммуналдык кызматтарга чыгашаларды натыйжалуу пайдалануу максатында, коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттерин белгилөөдө ага чейинки мезгилдерде иш жүзүндө керектөө чыгашалары, ошондой эле саламаттыкты сактоо уюмдарынын аймагында жаңы объекттердин болушу ж.б. кароого алынсын.

Электр энергиясын керектөө боюнча белгиленген лимиттер сакталсын.

## <u>Ижара мамилелери</u>

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 47-беренесин жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодекстин 101-беренесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 «Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону

бекитүү тууралуу» токтом талабын бузуу менен төмөнкүлөр боюнча каражаттар бюджет кирешесине которулган эмес:

- Алай районунун ЖДПБда 01.01.2021-жылдан тартып 01.04. 2022-жылга чейин жер тилкелерин дарыкана үчүн ижарага берүүдөн 83,1 миң **сом,** кайтарылды;

- Кара-Суу районунун ЖДПБда 33,8 миң сомго (өндүрүлгөн эмес) жана 64,9 миң сомго ижара төлөмү (кайтарылды);

- Ноокат районунун ЖДПБда 2021-жылдан бери 15 ижарага алуучулар боюнча 702,4 миң сом;

- Өзгөн районунун ЖДПБда мамлекеттик мүлктү ижарага берүү үчүн 164,5 миң сом суммасына төлөм;

- Кара-Кулжа районунун М.Жунусов атындагы ЖДПБ 32,1 миң сомго ижара төлөмү (кайтарылды).

**Корутунду**

Мекемелер мамлекеттик жайларды, жайлоолорду, жерлерди жана мүлктү ижарага берүүдөн төлөмдөрдүн республикалык бюджет кирешесине кечиктирүүсүз жана толугу менен чегерилишин камсыз кылбайт.

**Сунуш**

Ноокат районунун ЖДПБда 702,4 миң сом суммасында жана Өзгөн районунун ЖДПБда 164,5 миң сом суммада ижара төлөмдөрүнүн республикалык бюджет кирешесине чегерилишин камсыз кылсын.

## Товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы

**Аныкталды**

Инвентаризацияларга аудиттин жүрүшүндө материалдык жооптуу адамдарда товардык-материалдык баалуулуктар жетишсиз болуп чыккан.
Ош областынын жана Ош шаарынын №1 ЦСМде 8,0 миң сомго, Ош шаарынын клиникалык ооруканасында 12,7 миң сомго, Ош шаарынын №1 стоматологиялык бейтапканасында 3,0 миң сомго, Кара-Суу районунун ЖДПБда 6,5 миң сомго, Ноокат районунун ЖДПБ 23,5 миң сомго, Өзгөн районунун ЖДПБ 10,7 миң сомго, Куршаб айылынын Ж.Токторбаев атындагы ЖДПБ 7,9 миң сомго, Кара-Кулжа районунун М.Жунусов атындагы ЖДПБ 3,7 миң сомго жана 1,3 миң сомго ашыкча сумма, Нариман аймактык ооруканасында 2,2 миң сомго. Аудиттин жүрүшүндө бардык жетишсиз болуп чыккан суммалар кайтарылды, ал эми ашыкча сумма кириштелди.

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жооптуу адамдарды товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиз болуп чыгышына жол берилген.

**Сунуш**

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы так контролго алынсын.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө товардык-материалдык баалуулуктар так эсептен

чыгарылгандыгы боюнча чаралардын алкагында материалдык жооптуу адамдарда төмөнкүлөр аныкталган:

- Ош областынын жана Ош шаарынын №1 ЦСМде 23,7 миң сомго КММ ашыкча эсептен чыгарылган (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган);

- Ош областтар аралык психиатрия жана наркология борборунда 6,6 миң сомго материалдык баалуулуктар жана 6,6 миң сомго негизги каражаттар негизсиз эсептен чыгарылган;

- Ош шаарынын Ыкчам медицина борборунда тастыктоочу документтерсиз **42,4 миң сомго** материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгарылган (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган).

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жооптуу адамдардан товардык-материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгарылышына жол берилген.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө бузууга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчиликтери каароого алынсын.

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы так контролго алынсын.

Ош областтар аралык психиатрия жана наркология борборунда негизсиз эсептен чыгарылган 6,6 миң сомго материалдык баалуулуктар жана 6,6 миң сомго негизги каражаттар кайтарылсын.

**Курулуш-куроо иштери**

**Аныкталды**

Төмөнкү объекттерде аткарылган курулуш-куроо иштеринин көлөмү ашкере жогорулатылгандыгы аныкталган:

Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканада 298,8 миң сомго, анын ичинде:

- Ыкчам медициналык жардам көрсөтүү бөлүмүндө ремонттоо-калыбына келтирүү иштери (подрядчы Гигант Строй Компани ЖЧК) 112,9 миң сомго
- Ыкчам медициналык жардам көрсөтүү бөлүмүндө ремонттоо-калыбына келтирүү иштери (подрядчы Гигант Строй Компани ЖЧК) 43,0 миң сомго
- Кабыл алуу бөлүмүндө ремонттоо-калыбына келтирүү иштери (подрядчы Гигант Строй Компани ЖЧК) 46,8 миң сомго
- Төрөтүү стационарынын азык-түлүк блогунда ремонттоо-калыбына келтирүү иштери (подрядчы СанТай ЖЧК) 96,1 миң сомго

Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканасында 80,0 миң сомго, анын ичинде:

- «Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканасынын экинчи кабатында жеңил конструкция куруу» (подрядчы «Коопкурулуш» ЖЧК), калыбына келтирилди.

Алай районунун ЖДПБ 116,1 миң сомго, анын ичинде:

- «Терапевтикалык жана гинекологиялык бөлүмдөрүнүн чатырын жана имараттарын капиталдык ремонттоо» (подрядчы ОсОО «Элитремстрой)

Кара-Суу районунун ЖДПБ 1 090,6 миң сомго, анын ичинде подрядчы жана «БМТ-Строй» ЖЧК 502,5 миң сом суммасына; «Тургун Курулуш» ЖЧК 187,9 миң сомго; «Тынч Жыл» ЖЧК 337,0 миң сомго жана «Имарат АКДБ» ЖЧК 63,2 миң сомго.

Ноокат районунун ЖДПБ 605,8 миң сомго**,** алардын ичинен:

- «Ноокат аймактык ооруканасынын КОВИД-19 оорусуна чалдыккан адамдар үчүн терапевтикалык бөлүмүнүн резервдик бөлүмүн күндөлүк ремонттоо" (подрядчы «Ала-Тоо строй Групп» ЖЧК) 513,3 миң сомго. Төлөөгө кабыл алынбаган курулуш иштерин кыскартуунун эсебинен кайтарылган;
- «Ноокат районунун ЖДПБ объекттерин күндөлүк ремонттоо» (подрядчы "Олимп Групп" ЖЧК) 50,7 миң сомго**.** Дебитордук карызды кыскартуу аркылуу бюджет кирешесине кайтарылган.
- "Ноокат районунун ЖДПБнын чордону орнотулган курулмасын капиталдык ремонттоо, чордондорду алмаштыруу, жылытуу трассаларын алмаштыруу» (подрядчы «СК Улут» ЖЧК) 41,8 миң сомго. Дебитордук карызды кыскартуу аркылуу бюджет кирешесине кайтарылган.

Өзгөн районунун ЖДПБ 3296,2 миң сомго «Өзгөн шаарынын Манас көчөсүндө жайгашкан стоматологиялык клиниканын аймагында жаңы поликлиника имаратын куруу» (подрядчы «Кубай» ЖЧК), кайтарылган жок.

Нариман аймактык ооруканасында "АКБ Голд" ЖЧК тарабынан аткарылган ремонт иштери боюнча 84,7 миң сом, алардын ичинен курулуш-куроо иштерин ашыкча баалоо 42,7 миң сом**,** келишим шаарттарын бузгандыгы үчүн 42,0 миң сом.

**Корутунду**

Подрядчы уюмдар аткарылган иштер актыларын туура түзүү жана эсептөөсүн контролдоо талапка ылайык жүргүзүлгөн эмес, ушундан улам аткарылган ремонттоо-курулуш иштеринин көлөмү жогорулатылган.

**Сунуш**

Подрядчы уюмдар аткарылган иштер актыларын туура жана негиздүү түзүүсүн контролдоо күчөтүлсүн.

Төмөнкү коомдор тарабынан аткарылган, ашкере жогорулатылган иштер көлөмү алынып салынсын: «Гигант Строй Компани» ЖЧКдан 202,7 миң сом суммасына жогорулатуу, «Сан Тай» ЖЧКдан 96,1 миң сом суммасына жогорулатуу, «Элитремстрой» ЖЧКдан 116,1 миң сом суммасына жогорулатуу, «БМТ-Строй» ЖЧКдан 502,5 миң сом суммасына жогорулатуу; «Тургун Курулуш» ЖЧКдан 187,9 миң сом суммасына жогорулатуу; «Тынч Жыл» ЖЧКдан 337,0 миң сом суммасына жогорулатуу, «Имарат АКДБ» ЖЧКдан 63,2 миң сом суммасына жогорулатуу, «Кубай» ЖЧКдан 3296,2 миң сом суммасына жогорулатуу, "АКБ Голд" ЖЧКдан 42,7 миң сом суммасына

жогорулатуу жана келишимдин шарттарын бузуу үчүн 42,0 миң сом. Көрсөтүлгөн объекттер боюнча өз ара эсептешүүлөр салыштырып текшерилсин.

Техникалык көзөмөлдүн жана аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда жаңылыштыктарга жол берген тиешелүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери кароого алынсын.

**<u>Иш сапарларына чыгашалар</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №641 «Иш сапарга чыгашалар ченемин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун талабын бузуу менен төмөнкүлөрдө ашыкча төлөмдөргө жол берилген:

Ош областтар аралык психиатрия жана наркология борборунда 3 кызматкерге жашоо үчүн жай ижарага алуу үчүн 0,9 миң сом суммасында, 2 кызматкерге жол акыга 3,0 миң сом сумасында.

Куршаб айылынын Ж. Токторбаев атындагы ЖДПБда 14,9 миң сомго, алардын ичинен бир суткага чыгашаларга 6,0 миң сом суммасында, жашоого - 8,1 миң сом жана жол акыга 0,8 миң сом (кайтарылган)

Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы ЖДПБда 14,6 миң сом, бул суммага аванстык отчеттор берилген эмес.

**Корутунду**

Иш сапарга чыгашаларга отчет берилүүчү каражаттарды пайдалануу менен талаптагыдай контроль камсыздалган эмес.

**Сунуш**

Отчет берүүчү адамдардын эсебинен Ош областтар аралык психиатрия жана наркология борборунда негизсиз төлөнгөн 3,9 миң сом, Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы ЖДПБда 14,6 миң сом кайтарылсын.

**<u>Бухгалтердик эсеп, каражаттарды эсептен чыгаруу</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-П «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө» буйругунун талабын бузуу менен:

- Ош шарынын клиникалык ооруканасында социалдык фонддун төлөөлөрү боюнча 432,0 миң сом суммасында дебитордук карыз жашырылган. Жашырылган дебитордук карыз кайтарылган.

- Ноокат районунун ЖДПБда 253,3 миң сомго дары-дармектер акырына чейин кириштелген эмес (эсепке алууда кайтарылган):

- Өзгөн районунун ЖДПБда 23590,1 миң сом баланстык нарктагы акырына чейин курулуп бүтө элек бейтапкананын имараты эсепке алынган эмес;

- бюджет кирешесине 24,4 миң сомго Өзгөн районунун Мырза-Аке айылынын ЖДПБнын депозиттик эсептери боюнча такталбаган суммалары чегерилген эмес, бюджетке кайтарылган;

- Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы ЖДПБда 318,8 миң сомго курулуш материалдары үчүн чегерилген каражаттар менен 269,5 миң сомго кириштелген курулуш материалдары ортосунда айырма чагылдырылган эмес, эсепке алууда кайтарылган;

- Нариман аймактык оорукананын отчетунда 76,7 миң сом суммасына “АКБ Голд” ЖЧК тарабынан акырына чейин аткарылбаган ремонт иштери дебитордук карыз катары эсепке алынган эмес, кайтарылган жок;

- Кара-Суу районунун ЖДПБ отчетунда 1200,0 миң сомго «Аксытрансстрой» ЖЧК тарабынан акырына чейин аткарылбаган ремонт иштери дебитордук карыз катары эсепке алынган эмес, Соцфондго чегерүүлөр боюнча дебитордук карыз – 80,0 миң сом.

**Корутунду**

Мамлекеттик башкаруу секторунда «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун» талаптарын бузууга жол берилген.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө бузууга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчилиги кароого алынсын.

Өзгөн районунун ЖДПБда 23590,1 миң сом баланстык нарктагы бейтапкананын курулуп бүтө элек имараты эсепке кабыл алынсын.

Акырына чейин бүткөрүлө элек ремонт иштери дебитордук карыз катары эсепке алууну калыбына келтирүү боюнча чаралар кабыл алынсын жана төмөнкүлөрдөн өндүрүлсүн:

- Нариман аймактык ооруканада “АКБ Голд” ЖЧКдан – 76,7 миң сом,

- Кара- Суу районунун ЖДПБда «Аксытрансстрой» ЖЧКдан - 1 200,0 миң сом жана 80,0 миң сомго Соцфондго чегерүүлөр боюнча дебитордук карыз кайтарылсын.

**<u>Үнөмсүз жана натыйжасыз сарпталган каражаттар</u>**

**Аныкталды**

2021-жылдын 1-сентябрында Кара-Суу ЖДПБ менен «Тынч Жыл» ЖЧК жетекчилеринин ортосунда 7 102,5 миң сом суммасында ЖДПБнын ички жылытуу системаларын, чордондорун жана жылытуу трасстарын ремонттоого эки тараптуу келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттарын бузуу менен бул сумма толугу менен которулган.

Жылдык отчетко ылайык, 2022-жылдын 1-январына карата «Тынч Жыл» ЖЧКнын Кара-Суу ЖДПБ алдында 1663,4 миң сом өлчөмүндө карызы бар.

Кара-Суу ЖДПБнын жана «Тынч Жыл» ЖЧКнын жетекчилиги ортосунда көмүр сактоо үчүн 8 даана бастырма куруу боюнча эки тараптуу

келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттарын бузуу менен ЖДПБ «Тынч Жыл» ЖЧКга 759,7 миң сомду толугу менен которгон.

**Сунуш**

Пландаштырылган максаттарга жетүүсүз сарамжалсыз коротулган 1 663,4 миң сом жана 759,7 миң сом суммасында каражаттар «Тынч Жыл» ЖЧКнын эсебинен келишим боюнча курулуш иштерин аткаруу аркылуу кайтарылсын.

***<u>Жалал-Абад областынын медицина мекемелери боюнча</u>***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 22-августундагы № 473 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөө персоналынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомун бузуу менен

- Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгында 3 ашыкча штаттык бирдикти (1 бирдик жетекчи жана 2 бирдик жетектөөчү адис жана адис) күтүүгө 81,3 миң сом сарпталган,
- Сузак районунун Кок-Жангак шаарынын Жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 11,7 миң сомго 2 медицина кызматкердин эмгек акысына кошумча эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

Ноокен районунун Жалпы дарылоо тажрыйба борборунда жогору турган оргaндын буйругусуз 62,3 миң сомго сый акы негизсиз төлөнгөн.

Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасында түштүк областтарынын бийик тоолуу аймактарда калкка медицина кызматтарын көрсөтүүнүн жүрүшүндө 69,8 миң сом суммасына эмгек акы чегерилген, бирок, 6,3 миң сом суммасына 10% киреше салыгы, 19,0 миң сом суммасына Соцфондго камсыздандыруу салымдары жеткире чегерилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.06.1997-жылдын №377 «Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы, жетүү кыйын болгон аймактарда жашаган адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» токтомун бузуу менен Кара-Көл шаарынын Боронбай Рысбеков атындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 9,8 миң сомго эмгек акы негизсиз ашыкча чегерилген жана төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин бузуу менен,

- Кара-Көл шаарынын Боронбай Рысбеков атындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда негизги иш ордунан тышкары башка ишти айкалыштыруу үчүн борбордун 10 кызматкерине 1,5 ченемден жогору белгиленип, 119,7 миң сомго эмгек акы чегерилген,

- Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда пайдаланылбаган эмгек өргүү күндөрү үчүн 8 медицина кызматкерине жалпы 68,4 миң сом суммасына компенсация төлөнгөн.

Малабашев атындагы ЖДПБда 2021-жылы от жаккан адамдардын (кочегар) эмгек акысы тарификация учурунда 12 айга эсептелген, иштер кыш мезгилинде гана жүргүзүлгөн, мында 45,7 миң сомго эмгек акы ашыкча чегерилген.

**Корутунду**

Айкалыштыруу тартибинде төлөм белгилөөдө, кошумча иштер үчүн, адистиги боюнча сый акы ж.б. төлөөдө Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө жобонун талаптары сакталган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдын №246 «Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу" токтомунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.06.1997-жылдын №377 «Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы жетүү кыйын болгон аймактарда жашаган адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» токтомунун, 2020-жылдын 17-июлундагы №385 «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү жана төлөө тартиби жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу» токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 161 жана 176-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасы тиешелүү бюджеттерге 6,3 миң сом суммасына киреше салыгын жана 19,0 миң сом суммасына камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерсин.

**<u>Ижара мамилелери</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 47-беренесин жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодексинин 101-беренесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 «Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомун бузуу менен төмөнкүлөр боюнча каражаттар бюджетке чегерилген эмес:

- Аксы районунун жалпы дарылоо тажрыйба борбору тарабынан бюджет кирешесине 102,4 миң сом өлчөмүндө ижара төлөмү чегерилген эмес, кайтарылган.

**Корутунду**

Мекемелер тарабынан республикалык бюджет кирешесине мамлекеттик жайларды, жайлоолорду, жерлерди жана мүлктү ижарага алуу үчүн өз убагында жана толугу менен чегерүү талаптары аткарылбай келет.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодексинин бюджетке өз убагында чегерүү жөнүндө талабын бузууга жол берилбесин.

**<u>Иш сапарга чыгашалар</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдын №641 «Иш сапарга чыгашалар ченемин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун талаптарын бузуу менен төмөнкүлөрдө ашыкча төлөөлөргө жол берилген: Аксы районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 24,8 миң сом суммасына, Сумсар пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 7,5 миң сом, Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 1,2 миң сомго, Шекафтар айылында областтар аралык кургак учукка каршы ооруканада 2,4 миң сомго, Жалал-Абад областынын психикалык ден соолук борборунда 6,9 миң сом. Бардык ашыкча төлөөлөр кайтарылган.

**Корутунду**

Иш сапарга чыгаша үчүн отчет берүү алдында берилген каражаттардын пайдаланылышына талаптагыдай контролдоо камсыздалган эмес.

**Сунуш**

Иш сапарга чыгашаларды администрациялоодо бузууларга жол берилбесин.

**Аныкталды**

Таш-Көмүр шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборуна КОВИД-19 каршы эмдөө үчүн түшкөн дары-дармектерди (вакциналарды) иликтөөнүн жүрүшүндө айрым вакциналардын мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу жалпы 345,9 миң сом суммасына алардын профилин өзгөртүү жана жок кылуу жөнүндө актылары түзүлгөн, ошондой эле айрым медикаменттердин (сыворотка) колдонуу мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу 45,7 миң сом суммасына эсептен чыгаруу актылары түзүлгөн.

**Корутунду**

Калк арасында КОВИД-19 каршы эмдөөдо олуттуу суммага профилин өзгөртүүгө жана жок кылууга жол берилген.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу ОМС фондунун аймактык башкармалыгы аларда колдонуу мөөнөтү өтүп кетүү тобокелдиги бар саламаттыкты сактоо уюмдарында дары-дармектердин жана вакциналардын калдыгына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп турсун.

**<u>Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери</u>**

**Аныкталды**

Саламаттыкты сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Алсак, электр энергиясын

керектөө боюнча бекитилген ченемден ашыкча керектөө төмөнкүнү түзгөн:
- Аксы районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 696,7 миң сомго саатына 277,6 миң кВт;
- Базар-Коргон районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 772,6 миң сомго саатына 306,6 миң кВт, байланышка - 28,7 миң сом, сууну пайдаланууга 4,2 миң сом.

Ноокен районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 525,6 миң сомго саатына 207,8 миң кВт;

Токтогул районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 16,8 миң сомго саатына 4,4 миң кВт;

Тогуз-Торо районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 1253,7 миң сомго 456,2 миң кВт;

Кара-Көл шаарынын Боронбай Рысбеков атындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 68,2 миң сомго 27,2 миң кВт.

Майлуу-Суу шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 186,9 миң сомго саатына 73,9 миң кВт;

Чаткал аймактык ооруканасынын Терексай филиалында 26,8 миң сомго саатына 10,6 миң кВт.

Корутунду

Электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер саламаттыкты сактоо мекемелери тарабынан сакталбайт.

**Сунуш**

Электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталсын.

**Аныкталды**

Электр энергиясы кызматтары үчүн акча каражаттары өз убагында чегерилбегендиктен Сузак районунун Кок-Жангак шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборуна 54,4 миң сомго, Шамалды-Сай пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборуна 15,8 миң сомго, Майлуу-Суу шаарынын ЖДПБга 65,3 миң сомго, Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 3,2 миң сомго, Жалал-Абад областынын Р.Г.Бауэр атындагы кургак учук менен күрөшүү боюнча областтык борборунда 18,3 миң сомго туум чегерилген.

**Корутунду**

Электр энергиясы үчүн өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн 2021-жылы “Жалал-Абад электро” ААК тарабынан туум чегерилген.

**Сунуш**

Коммуналдык кызматтарды сунуштоочулар менен аталган уюмдар Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланган мекемелерге таандыгынан улам коммуналдык кызматтар өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн туум төлөө мүмкүн эместиги жөнүндө иштер жүргүзүлсүн, ошондой эле коммуналдык кызматтарды сунуштоочулар көрсөтүлгөн туум суммаларын эсептен чыгаруу жана көрсөтүлгөн туум суммаларын мекеменин активдерине кайтаруу боюнча чараларды кабыл алсын.

**<u>Негизги каражаттар</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча жобону» бузуу менен:

- Шамалды-Сай пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 962,2 миң сом суммасына жогору кубаттуулуктагы электр линия мекемелеринин балансына кабыл алынган эмес.
- Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда баштапкы наркы 1745,1 миң сомдук 5 автомашина бар, аларды андан ары пайдаланууга болбойт жана алар жараксыз абалда.

**Корутунду**

Шамалды-Сай пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборунда эсепке алуу боюнча өз учурунда чагылдыруу камсыздалган эмес (аудиттин жүрүшүндө эсепке алуу боюнча кириштелген). Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда баштапкы наркы 1745,1 миң сомдук 5 автомашина бар, аларды андан ары пайдаланууга болбойт жана алар жараксыз абалда.

**Сунуш**

Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда Бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча жобо боюнча негизги фондуларды эксплуатациялоого жараксыздыгын администрациялоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**<u>Курулуш-куроо иштери</u>**

**Аныкталды**

Төмөнкү объекттер боюнча аткарылган курулуш-куруу иштеринин көлөмү жогорулатылгандыгы белгиленген:

Аксы районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 17,6 миң сомго, анын ичинде:

- “Аксы районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборун суюлтулган газ сымал кычкылтек менен камсыздоо” (подрядчы “Кыргыз Медтех Стандарт” ЖЧК) 17,6 миң сомго, кайтарылды

Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасында 165,2 миң сом.

- “Инфекциялык оорулар бөлүмүнүн имаратынын 2-кабатын ремонттоо» (подрядчы “Сапат-Нур” ЖЧКсы), 165,2 миң сомго, кайтарылган.

Токтогул районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 4,6 миң сом, анын ичинде

- ЖДПБ имаратын ремонттоо (подрядчы “Умак Строй” ЖЧКсы) 4,6 миң сом

Таш-Көмүр шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 18,1 миң сомго. Жогорулатылган төлөөлөр кайтарылган эмес.

- " Инфекциялык оорулар бөлүмүнүн имаратын ремонттоо" (подрядчы "Имарат курулуш XXI" ЖЧК, 18,1 миң сом).

**Корутунду**

Подрядчы уюмдар тарабынан аткарылган иштердин актыларын түзүү жана эсептердин туура түзүлүшү талапка ылайык контролдонбойт, бул аткарылган ремонттоо-курулуш иштеринин көлөмүнүн жогорулашын шарттаган.

**Сунуш**

Подрядчы уюмдар тарабынан аткарылган иштер актылары туура жана негиздүү түзүлүшүн контролдоо күчөтүлсүн.

"Умак Строй" ЖЧК аткарган иштер көлөмүнөн 4,6 миң сом суммасына жогорулатуу, "Имарат курулуш XXI" ЖЧКдан 18,1 миң сом суммасына жогорулатуу алынып салынсын. Көрсөтүлгөн объекттер боюнча өз ара эсептешүү текшерилсин.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда ката кетирген техникалык көзөмөл жана тиешелүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги кароого алынсын.

**<u>Товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы</u>**

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө инвентаризациялоо жүргүзүүдө Ала-Бука районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунун материалдык-жооптуу адамдарында 4,1 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар жетишсиз болуп чыккан, Ноокен районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 7,2 миң сомго, Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасында 35,3 миң сомго, Сузак районунун Кок-Жангак шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 1,7 миң сомго, Майлуу-Суу шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 4,6 миң сомго, Сузак районунун Октябрь айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 2,9 миң сомго, Түштүк регионунун жүрөк-кан тамыр хирургиясы илимий борборунун 2,1 миң сомго, Жалал-Абад областынын психикалык ден соолугунун 9,7 миң сомго жетишсиз болуп чыккан суммалар кайтарылган.

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жооптуу адамдарда товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздигине жол берилген.

**Сунуш**

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына так контролдук камсыздалсын.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө товардык-материалдык баалуулуктар туура эсептен чыгарылгандыгы боюнча жүргүзүлгөн чараларга ылайык материалдык-жооптуу адамдарда төмөнкүлөр аныкталган:

- Сузак районунун Октябрь айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 17,4 миң сомго дары-дармектер негизсиз эсептен чыгарылган (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган).

**Корутунду**

Мекемеде материалдык жооптуу адамдардан товардык-материалдык баалуулуктарды негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө бузууга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчиликтери кароого алынсын.

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына так контролдук камсыздалсын.

**<u>Бухгалтердик эсеп, каражаттарды эсептен чыгаруу</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-П «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө» буйругунун талабын бузуу менен:

- Жалал-Абад областынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунун имаратына кирүү аянтчасында 254,8 миң сом суммасына кошумча курулган бастырма балансқа кабыл алынган эмес.

- Ноокен районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 240,5 миң сомго транспорттук чыгашалардын дебитордук карызын жашырууга жол берилген.

- Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасында Соцфонд менен эсептешүүлөр боюнча 146,7 миң сомго дебитордук карызды жашырууга жол берилген, дарыканаларда жана бөлүмдөрдө 2252,8 миң сомго иш жүзүндөгү калдыктар менен эсепке алууда дары-дармектердин калдыгы такталган, 2021-жылы “ЮНИСЕФтен” ооруканага түшкөн 2066,2 миң сом суммасына “СИПАП” медицина аппараттары. Аудиттин жүрүшүндө мекеменин балансына кабыл алынган.

- Сузак районунун Кок-Жангак шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда иштебеген жана эксплуатациялоого жараксыз “УАЗ 3396” тез жардам автомашинасы азыркы учурга чейин балансстан чыгарыла элек.

- Шамалды-Сай пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборунда оорукананын терапевтикалык, балдар, хирургиялык жана төрөт бөлүмдөрүндө 100,0 миң сом наркта кычкылтек станциясы орнотулган жана эксплуатацияга берилген, ал ЖДПБнын балансына кабыл алынган эмес.

- Майлуу-Суу шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 201,5 миң сомго “Ормет-Альянс” ЖЧКнын дебитордук карызын жашырууга жол берилген.

- Жалал-Абад областынын Р.Г.Бауэр атындагы кургак учукка каршы күрөшүү боюнча областтык борбордо 231,3 миң сомго дебитордук карыз балансста чагылдырылган эмес.

**Корутунду**

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча жобону бузууга жол берилген.

**Сунуш-көрсөтмө**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө бузууга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчиликтери кароого алынсын.

Жалал-Абад областынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунун имаратына кирүү аянтчасында 254,8 миң сом суммасына кошумча курулган бастырма, Шамалды-Сай пгт. жалпы дарылоо тажрыйба борборунун ооруканасындагы терапевтикалык, балдар, хирургиялык жана төрөт бөлүмдөрүндөгү 100,0 миң сом наркындагы кычкылтек станциясы балнска кабыл алынсын, Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасындагы дары-дармектер калдыгы 2252,8 миң сом суммасына көбөйтүү менен такталсын.

Ноокен районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 240,5 миң **сомго** транспорттук чыгашаларды, Жалал-Абад областынын клиникалык ооруканасында Соцфонд менен 146,7 миң сомго эсептөөлөрдү дебитордук карыз катары эсепке алууну калыбына келтирүү боюнча чаралар кабыл алынсын.

***<u>Баткен областынын медицина мекемелери боюнча</u>***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 22-августундагы № 473 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөө персоналынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомун бузуу менен:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Баткен аймактык башкармалыгында 2 ашыкча штаттык бирдик катталган (1 жетекчилик бирдиги жана 1 башкы адис бирдиги), 113,3 миң сом сарпталган, Баткен областынын бириккен ооруканасы боюнча жана Үч-Коргон айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борбору боюнча 2021-жыл үчүн кызыл зонада иштегендиги үчүн компенсациялар, демек, 435,5 миң сом жана 180,3 миң сом төлөнбөгөндүгү белгиленген.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Баткен аймактык башкармалыгында 2 ашыкча штаттык бирдик катталган, Баткен областынын бириккен ооруканасынын жана Үч-Коргон айылынын жалпы

дарылоо тажрыйба борборунун кызыл зонасында иштегендиги үчүн компенсациялар жеткире төлөнгөн эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 22-августундагы № 473 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөө персоналынын чектүү штаттык саны жөнүндө» токтомунун сакталышы камсыздалсын.

## Товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө инвентаризациялоо жүргүзүүдө Баткен областынын кургак учук менен күрөшүү борборунун материалдык-жооптуу адамдарында 4,2 миң сомго, Кызыл-Кыя шаарынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 4,3 миң сомго, Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 1,1 миң сомго, Лейлек районунун Кулунду айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 5,8 миң сомго, Самаркандек жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 12,0 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар жетишсиз болуп чыккан**.** Бардык жетишсиз болуп чыккан суммалар кайтарылган.

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жооптуу адамдарда товардык-материалдык баалуулуктар жетишсиз болгон учурлар да бар.

**Сунуш**

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына так контролдук камсыздалсын.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруунун аныктыгын текшерүү боюнча жүргүзүлгөн чаралардын жүрүшүндө материалдык жооптуу адамдарда төмөнкүлөр белгиленген:

- Баткен областынын үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда 49,9 миң сом суммасына товардык-материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгарылган (48000 сом суммасына 3 даана 12 л газ баллон жана 1886 сомго 2 даана танометр) (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган)

**Корутунду**

Мекемелерде материалдык жооптуу адамдардан товардык-материалдык баалуулуктарды негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө бузууга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчиликтери кароого алынсын.

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын

сакталышына так контролдук камсыздалсын.

**<u>Негизги каражаттар</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону» бузуу менен,

- Баткен областынын үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда мекеменин балансына 23,0 миң сом суммасына УЗТ-1-01-Ф аппаратынын наркы кириштелген эмес, ошондой эле башка аппараттын наркына аны транспортировкалоого жана орнотууга 2357,7 миң сомго чыгашалар кошулган эмес;
- Кадамжай районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 200 орунга А жана Б бөлүмдөрүнөн турган жеңил конструкциядагы имарат түрүндө курулган Өзбекстан Республикасынын гуманитардык жардамы бааланган эмес жана балanска кабыл алынган эмес;
- Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда 2020-жылы демөөрчү У. М.Мурзаев тарабынан 500,0 миң сом наркында ооруканасынын инфекциялык бөлүмүнө кычкылтек станциясы орнотулуп, эксплуатациялоого берилген.

**Корутунду**

Баткен областынын үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда негизги каражаттардын айкын наркын эсепке алууну өз убагында чагылдыруу камсыздалган эмес, Кадамжай районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда Өзбекстан Республикасынын гуманитардык жардамы бааланган эмес жана балanска кабыл алынган эмес, Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда демөөрчүлөрдүн жардамы киришtелген эмес.

**Сунуш**

Баткен областынын үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда киришtелбеген негизги фондулар, Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда бааланбаган жана киришtелбеген негизги фондуларга тиешелүү Бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук боюнча жобону администрациялоо боюнча чаралар кабыл алынсын.

**<u>Коммуналдык кызматтарды керектөө лимиттери</u>**

**Аныкталды**

Саламаттыкты сактоо мекемелери тарабынан электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталбайт. Алсак, Лейлек районунун Кулунду айылындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда электр энергиясын белгиленген ченемден ашыкча керектөө саатына 11,4 миң кВт же 28,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Лейлек районунун Кулунду айылындагы жалпы дарылоо тажрыйба борборунда электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер

сакталбайт.

**Сунуш-көрсөтмө**

Электр энергиясын керектөө боюнча бекитилген лимиттер сакталсын.

**Аныкталды**

Электр энергиясы кызматтары үчүн акча каражаттар өз убагында чегерилбегендигинен Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборуна 42,6 миң сом суммасына туум чегерилген.

**Сунуш**

Коммуналдык кызматтарды сунуштоочулар менен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланган мекемелерге аталган уюмдар таандык болбогондуктан коммуналдык кызматтарды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды төлөө мүмкүн эместиги жөнүндө иштер жүргүзүлсүн, ошондой эле бул туум суммаларын коммуналдык кызматтарды сунуштоочулар эсептен чыгарып, аларды мекеменин активдерине кайтаруу боюнча чараларды кабыл алсын.

**<u>Ижара мамилелери</u>**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 47-беренесин жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодексинин 101-беренесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 «Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомун бузуу менен, төмөнкүлөр боюнча каражаттар бюджетке чегерилген эмес:

- Баткен областынын бириккен оорукасында ижара төлөмү 363,8 миң сом,
- Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борборунда ижара төлөмү 5,3 миң сом,
- Лейлек районунун Кулунду айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борборунда ижара төлөмү 37,9 миң сом,

**Корутунду**

Мекемелер тарабынан мамлекеттик жайларды жана мүлктү ижарага алуу үчүн республикалык бюджет кирешесине өз убагында жана толугу менен чегерүү камсыздалбайт.

**Сунуш-көрсөтмө**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодексинин бюджетке өз убагында чегерүү боюнча талаптарын бузууга жол берилбесин.

Лейлек районунун жалпы дарылоо тажрыйба борбору 5,3 миң сом өлчөмүндө ижара төлөмүн жана Лейлек районунун Кулунду айылынын жалпы дарылоо тажрыйба борбору 37,9 миң сом өлчөмүндө ижара төлөмүн бюджет кирешесине чегерсин.

Аудит проведен главными государственными инспекторами Такырбашевой Д.М.и Сапарбаевым К.С., государственными инспекторами Территориальных подразделений Счетной палаты Кыргызской Республики.

Аудит башкы мамлекеттик инспекторлор Такырбашева Д.М., Сапарбаев К.С., малекеттик инспекторлор Артыков М., Макамбаев Т., Турдумалиев А, Аттокуров А, Акболушов Ж, Калчаев Н, Утуров С, жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан жүргүзүлдү.

**Аудитор** **З.А. Сатаев**